Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# ЭРКИН-ТОО

Шейшемби,
2025-жылдын
30-сентябры

№74 (3730)

www.erkin-too.kg

**КР Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек КАСЫМАЛИЕВ:**

## «МАКСАТЫБЫЗ – ӨЗ АРА СООДА ЖҮГҮРТҮҮНҮ 500 МЛН ДОЛЛАРГА ЖЕТКИРҮҮ»



2-БЕТТЕ

## ТЫШКЫ ИШТЕР МИНИСТРЛЕРИ ЖОЛУГУШТУ

Кыргызстандын Тышкы иштер министри Жээнбек Кулубаев Германиянын Тышкы иштер федералдык министри Йоханн Вадефул менен иштиктүү жолугушуу өткөрдү.

Тышкы иштер министрлигинен билдиришкендей, жолугушуу 26-сентябрда Нью-Йорк шаарында БУУнун Башкы ассамблеясынын 80-сессиясынын алкагында өттү.

Жолугушууда тараптар кыргыз-герман мамилелеринин учурдагы абалын жана келечегин, ошондой эле региондук коопсуздуктун негизги маселелерин талкуулашты. Герман тарап Кыргызстандын коңшу мамлекеттер менен бардык чек ара маселелерин чечкендигин кубаттап, бул кадам региондогу коопсуздукту чыңдоого чоң салым экенин белгиледи.

Өзгөчө көңүл саясий диалогду тереңдетүүгө жана жыл сайын өткөрүлүүчү консультациялардын, ошондой эле «БА + ФРГ» форматындагы кызматташтыктын алкагында эки тараптуу саясий байланыштарды кеңейтүүгө бурулду.

Тараптар экономикалык кызматташтыктын келечектүү багыттарын караштı, анын ичинде маанилүү минералдар, гидроэнергетика, айыл чарба, транспорт жана инфраструктура, ошондой эле туризм тармагы. Кыргыз тарап Германия компаниялары үчүн инвестициялык мүмкүнчүлүктөрдү белгилеп, биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу жана жеке капиталды тартуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө даярдыгын билдирди.

Жолугушуунун соңунда тараптар активдүү диалогду улантууга, өнөктөштүктү өнүктүрүүгө жана саясий, экономикалык, гуманитардык жана туристтик чөйрөлөрдө кызматташтыкты кеңейтүүгө даяр экендигин тастыкташты. Тышкы саясий ведомстволордун башчылары өлкөлөр ортосундагы өз ара түшүнүшүү жана ишенимди бекемдөө үчүн бири-бирин Германияга жана Кыргызстанга сапар менен чакырышты.

## УЧУРДА ӨЛКӨ АЙМАГЫНДА...



Учурда республика боюнча жалпы 283 социалдык объекттин курулушу жүрүп жатат. Бул тууралуу "Кабар" агенттигине Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигинен билдиришти. Алардын ичинен: 145 мектеп, 74 бала бакча, 34 спорт объектиси, 11 саламаттык сактоо мекемеси, 5 маданият үйү, 14 административдик имарат курулууда.

Белгилей кетсек, жыл башынан бери 126 социалдык объект толук бүткөрүлүп, пайдаланууга берилген. Мындан тышкары, жыл соңуна чейин дагы 100дөй социалдык объекттин курулушу аяктап, ишке берүү пландалууда.

**«Эркин-Тоо» пресс**

## БУЛ САНДА:



**Мелис АЙДАРКУЛОВ:**

### “ЭРКИН-ТОО” БҮГҮН ДА МАМЛЕКЕТТИН ҮНҮ БОЛУП КЕЛЕ ЖАТАТ”

4-БЕТТЕ




5-БЕТТЕ



**Болот СТАМКУЛОВ:**

### “РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТТИН ЭСЕБИНЕН ЖОЛДОР САЛЫНУУДА”

16-17-БЕТТЕРДЕ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ИШ ЖУМА

# Түп–Кеген жолу ачылды



Президент Садыр Жапаров Түп–Кеген жолунун ачылышына катышып, бүгүнкү күнү өлкөбүздүн булуң-бурчунда заманбап, сапаттуу жолдорду куруу иштери кызуу жүрүп жатканын айтты. Буга байланыштуу ал бир катар ири долбоорлор мамлекеттик бюджеттин эсебинен курулуп жатканын баса белгиледи. Алсак, үстүбүздөгү жылы салынып жаткан жолдордун дээрлик 80 пайыздан ашыгы мамлекеттик бюджеттин эсебинен ишке ашууда.


Мамлекет Башчысы мындай ири долбоорлордун ишке ашышы Кыргызстандын эл аралык өнөктөштөр менен болгон ишенимдүү кызматташтыгынын жемиши экенин баса көрсөттү. Буга байланыштуу ал Дүйнөлүк банкка, ошондой эле долбоорду ийгиликтүү ишке ашырган тармактык министрликке, подрядчы уюмдарга жана бардык куруучуларга ыраазычылык билдирди. Ошондой эле долбоордун алкагында жолду кыш мезгилинде тейлөөчү атайын жол техникаларын сатып алуу да каралганын кошумчалады. Эми "жол азабы – көр азабы" эмес, алысты жакын кылган жакшы жол экени тастыкталат.

Соңунда Президент Садыр Жапаров өлкө жетекчилигинин максаты – ушундай маанилүү долбоорлорду улантуу менен өлкөбүздү өнүктүрүү, ар бир жарандын жашоосун жакшыртуу болуп саналарын жана бүгүнкүдөй жетишкендиктерибиз – биздин биргелешкен эмгегибиздин, ынтымагыбыздын жана келечекке болгон ишенимибиздин натыйжасы экенин баса белгиледи.

## КУЛУБАЕВ ГАЗАДАГЫ ОК АТЫШУУНУ ТОКТОТУУГА ЧАКЫРДЫ

Кыргызстандын Тышкы иштер министри Жээнбек Кулубаев Ислам кызматташтык уюмуна мүчө мамлекеттердин жыл сайын өтүүчү Координациялык жолугушуусуна катышты. Жолугушуу БУУнун Башкы ассамблеясынын 80-сессиясынын алкагында Нью-Йорк шаарында өттү. Иш-чаранын жүрүшүндө ислам дүйнөсүндөгү өлкөлөрдүн алдында турган актуалдуу маселелер жана чакырыктар, ошондой эле ИКУга мүчө мамлекеттердин мындан аркы өнүгүүсүнүн келечеги каралды. Өз сөзүндө Жээнбек Кулубаев Кыргызстан ар кандай куралдуу жаңжалдарды тынчтык жолу менен жөнгө салууну жактай турганын белгилеп, дүйнөлүк коомчулукту Газа секторундагы ок атышууну токтотуу жана палестина-израиль жаңжалын БУУнун резолюцияларына ылайык "эки эл үчүн эки мамлекет" принциби негизинде чечүүгө чакырды.





## БЕЛАРУСТАГЫ ИШ САПАР



**Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев Беларуста расмий жумуш сапары менен жүрөт. Кечээ Беларусь Республикасынын Премьер-министри Александр Турчиндин кеңейтилген курамда сүйлөшүүлөрү өттү.**

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасы менен Беларусь Республикасынын ортосунда 50дөн ашуун эки тараптуу эл аралык келишимдер жана документтерге кол коюлган.

МинКаб Төрагасы эки өлкөнүн ортосундагы соода-экономикалык байланыштар акыркы жылдары кыйла жанданганын белгиледи. Кыргызстандын маалыматы боюнча өткөн жылы товар жүгүртүү болжол менен 133 млн долларды түзгөн.

"2025-жылдын январь-июнь айларында ал 68 млн долларды, анын ичинен экспорт 22 млн долларды, импорт 46 млн долларды түздү. Биз жакынкы беш жылда өз ара соода жүгүртүүнү 500 млн долларга жеткирүү максатыбызды дагы бир жолу тастыктадык. Кыргыз тарап бул максатка жетүү үчүн бардык күч-аракетин жумшоого даяр. 2030-жылга чейин Соода-экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүү боюнча Жол картасынын маанилүүлүгүн өзгөчө белгилегим келет – ал максаттуу индикаторлорго жетишүүнү системалуу түрдө камсыз кылуу максатында иштелип чыккан", - деди А.Касымалиев.

Жолугушуунун соңунда Өкмөт башчылары Адылбек Касымалиев менен Александр Турчин жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү үчүн билдирүү жасашып, жакынкы беш жылдын ичинде соода жүгүртүү боюнча биргелешкен максаттын үстүндө иштей баштаганы, жакынкы арада жаңы долбоорлорду ишке киргизүү макулдашылганы айтылды.

"Акыркы жылдары маданият жана искусство жаатында эки тараптуу кызматташтык байкалаарлык активдешти. Өткөн жылы Беларусияда өткөн Кыргызстандын маданият күндөрү, Витебскте өткөн "Славян базары" эл аралык искусство фестивалында биздин артисттерибиздин өнөрлөрү буга жаркын мисал болду. Биз беларусиялык көрүүчүлөрдүн улуу гуманист, кыргыз жана советтик жазуучу Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларына болгон кызыгуусун улантып жатканына чындап кубанабыз. Анын адамдык ар-намыс жана коомдук жоопкерчилик жөнүндөгү идеялары бүгүнкү күндө өзгөчө актуалдуу" деп белгиледи Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.Касымалиев.

Жазнура ТОКТОБОЛОТОВА

КОЙ-ТАШТАГЫ ХАН САРАЙ

# АТАМБАЕВДИН ҮЙҮНҮН ОРДУНА КАРЫЛАР ҮЙҮ ЖАНА БАЛА БАКЧА КУРУЛАТ



***Бишкектин Биринчи май райондук соту “Кой-Таш” ишине байланыштуу Атамбаевди 11 жыл 6 айга кесип, мүлкүн конфискация кылган. Соттун чечимине ылайык, Атамбаевдин мүлктөрүн мамлекетке чегерүү иши башталганы белгилүү болду. Чү дегенде эле Кой-Таштагы элдин эсебинен мамлекеттин жерине курулган хан сарайы кайтарылды.***

Атамбаевдин Кой-Таштагы үйүнүн ордуна карылар үйү жана 500 орундуу балдар бакчасы курула тургандыгын Мамлекеттик мүлктү башкаруу агенттигинин директору Тимур Малбашев билдирип: “Алмазбек Атамбаевдин Кой-Таштагы үйүн билесиздер. Башында ал жер дагы мамлекетке таандык болгон. Бирок кийин өзүнө өткөрүп алып, үй курган. Соттун чечими менен бул жер дагы мамлекетке кайтарылган. Эми жер тилкенин жарымына заманбап шарттагы карылар үйү курулуп, эскилиги жеткен Ысык-Ата районундагы жана Бишкектеги карылар үйлөрүндөгү карыялар ушул жерге көчүрүлөт. Калган жарымына 500 орундуу балдар бакчасы курулуп, Кой-Таш, Арашан, Таш-Мойнок, Татыр, Прохладное жана жакынкы айылдардын балдарына кызмат кылат. Учурда бул айылдардын тургундары балдарын шаарга ташып келишет. Курулуш иштери жакынкы күндөрү башталып, кийинки жылга бүткөрүлөт. Ал эми Бишкек шаарындагы карылар үйүнүн ордуна ипотекалык көп кабаттуу үйлөр түшөт” деди.

Бирок, экс-президент Алмазбек Атамбаевдин үй-бүлөсү үйдү бербегенге аракеттенип, кайрылууларды жасады. Укук коргоо органдары барганда ичинен бекитип алып, эшигин бузуп киргенге чейин ачпай отурушту. Күч менен чыгарылгандан кийин Кадырбек Атамбаев Кой-Таштагы үй алуу аракеттерди мыйзамсыз экенин билдирип, коомчулуктун наразычылыгын жаратканга аракеттенди. Бирок, көпчүлүк элдин эсебинен мамлекеттин жерине курулган үй кайтарылышын кубаттап жатышат.

Чындыгында эле ал жер мамлекеттики болгон. Тарых-таржымалын айта кетсек, эгемендүүлүк жылдарында Мамлекеттик мүлктү башкаруу жана түз инвестицияларды тартуу боюнча мамлекеттик комитетинин Чүй-Бишкек-Талас аймактык башкармалыгы “Дастан” АКсына профилактикалык эс алуу үйлөрүн курууга 2,7 гектар жер берилген. 2002-жылы 9-декабрда аталган башкармалыктын жетекчиси Усенаалы Бекишов (сатуучу) менен “ТНК “Дастан” АКсынын директорунун орун басары Улугбек Ормоновдун (сатып алуучу) ортосунда келишим түзүлгөн. Келишимде профилактория курууу үчүн башталып, бүтпөй калган кошумча имараттар менен кошо 2,7 гектар жер түбөлүк пайдаланууга берилери көрсөтүлгөн. 2006-жылы 11-октябрда түзүлгөн жаңы келишимдин негизинде “ТНК “Дастан” толук бүтпөгөн имараттар жайгашкан 2,7 гектар жерди сатып алган. Ал Бакиевдин мезгили болгон.

2010-жылы төңкөрүш болуп, 2011-жылы Атамбаев президент болуп шайланып келгенден кийин бул жерге көз арта баштайт. 2012-жылдын 11-апрелиндеги имараттарды жана жер участогун кийинки сатып алуу келишими менен "ТНК “Дастан” АКсы Анарбек Укуев деген бирөөгө 2,4 гектар жердеги жалпы аянты 116,34 чарчы метр келген 4 котеджди, 175, 56 чарчы метр жана 230,3 чарчы метр аянтты ээлеген, курулуп бүтпөй калган 2 имаратты саткан. Буга кошумча саркынды суулар-ды тазалоочу 0,05 гектар жер да Укуевге 2053-жылга чейин колдонууга берилген.

Кийин 2015-жылдын 19-мартындагы сатуу-сатып алуу келишиминин негизинде Анарбек Укуев айтылуу Албек Ибраимовдун аялы Айнура Ибраимовага техникалык паспорту менен жогоруда айтылган имараттарды, жерди сатат. Ошол эле жылы 8-майда Айнура Ибраимова аталган мүлктү ошол кездеги өлкө башчысы Алмазбек Атамбаевге 33 млн сомго саткан. Көзгө көрүнүп тургандай, баарына белгилүү механизм менен Атамбаев мамлекеттин жерин тигил алды, буга сатты деген көз боёмочулук менен өзүнө ыйгарып алган. 2016-жылдан тарта ал жерде курулуш иштери активдүү жүрүп, кошоматчы бизнесмендер тарабынан Атамбаевдин азыркы хан сарайы тургузулган.

2018-жылы Жогорку Кеңеште Атамбаевдин хан сарайы мамлекеттин акчасына курулганы айтылган. Белгилүү саясатчы Өмүрбек Текебаев мамлекеттик кадр кызматына кайрылып, Атамбаев 2010-жылдан 2016-жылга чейин болгону 6 млн 18 миң сом кирешe тапса, ал эми анын аялы 32 млн 371 миң сом киреше тапканын ачыкка чыгарып, мамлекеттин жерине элдин акчасына үй курганын так далилдер менен белгилеп берген. “Атамбаевдин Кой-Таштагы "особнягы" бир канча миң доллар турат. Раиса Атамбаева 2012-жылга чейин бир тыйын таппай үйүндө отурса, кийин миллиондорду кайдан табат? Атамбаевдин айтымында, аялы ай сайын банктан 120 миң доллар дивиденд ала баштаптыр. Аны алыш үчүн банкка минимум 2-3 млн доллар накталай акча салыш керек. А иштебеген аялда 3 млн доллар кайдан пайда болду?” деп суроо салып, үй элдин эсебинен курулганын ашкерелеген. Текебаев ага улай Атамбаев бийликке келгенде 2,7 гектар жерди алыш үчүн өзүнүн чарбасын жүргүзүп келген Албек Ибраимовду атайын “Дастан” АКсына жетекчиликке койгонун айтып, колдон колго өткөрүп, аягында Алмазбек Атамбаевге катталганын документ жүзүндө тастыктап берген.

Кыскасы, Атамбаев мамлекеттин жерин мыйзамсыз менчиктештирип, өзүнө ыйгарып алганы ачык көрүнүп турат. Бул жерде үй-бүлөсүнүн догурунуп, актанып жаткана суу кечпейт. Элдин мүлкү элге кайтсын деген коомчулук пикири туура.



**Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министринин орун басары Марат Тагаев:**

– Мен Кадыр Атамбаевге кайрылгым келет. Атасы баласы үчүн, баласы атасы үчүн жооп бербейт деген принцип бар. Ошондуктан, Алмазбек Атамбаевдин 10 жылдык башкаруусуна сени эч ким айыптабайт. Бирок, атасынын кылмыштуу мурасын коргоп, бузуку сөзүн кайталап жаткан баласына өтмүштү эскертип койбосо да болбойт. Акыркы мезгилде Алмазбек Атамбаевдин «Бакиев» деген чайналган эски кассетасын кайра айлантканга аракет кылып жатасыңар. Бакиев темасы азыркы Кыргызстан үчүн Атамбаев сыяктуу эле актуалдуу эмес. Ал өткөн тарых. Жашаса эки-үч кишинин оорулуу оюнда эле жашайт. Ошондуктан шизофрениянын жашарышына жол бербейбиз. Чындап келгенде Алмазбек Атамбаев Курманбек Бакиевге тарыхый талашты уттурду. Бакиев деп кайра элди коркутканга башкасы болсо дагы силердин моралдык дагы, жигиттик дагы укугуңар жок. Атамбаевдин 10 жылдык бийлиги саясий да, тарыхый да, идеологиялык да жактан банкрот. Эң оор суроо булл дүйнөдө эмес, кан төккөн 80 баланын арбагынын алдында болот.



**Жарандык активист Мавлян Аскарбеков:**

– Алмазбек Атамбаев өлкөнүн тарыхында Аскар Акаевден кийин эле элди көп башкарган президент болгон. Жети-сегиз жыл бийликти кармап турган. 2010-жылы алар бийликке келип, жоопкерчиликти алганда биз укук коргоо органдарын, сот тармагын, атайын кызматты толук реформалоо деген тарыхый миссияңыз бар деп айтканбыз. Абдан сурангабыз, конструктивдүү сунуштарды берип келгенбиз. Бирок, ал бийликте турганда өзүм билемдик кылганын көрдүк. Шоопуру мамлекетти башкарууга аралашып, анын макамы премьер-министр менен парламент төрагасынан дагы жогору болуп кеткен. Жансакчысы министр болду. Реформаларды эмес, түшүнүксүз эл аралык мамилелерди, чырларды кылды. Ушундай түшүнүксүз жагдайда жети жылды өткөрдү. Андан кийинки үч жыл Сооронбай Жээнбеков менен кармашып өттү. Азыр эми өзү дагы, баласы дагы эл аралык сотторго кайрылырын айтып жатат. Бул болсо Атамбаев жүргүзгөн саясат, реформасы эч кандай жыйынтык бербегенин көрсөтүп жатат. Азыр өзү четте бези-качып, бул жактагы там-ташынан айрылууда. Атамбаев ага чейинки окуялардан, Акаев, Бакиев кантип качканынан өзү биринчи сабак алышы керек эле.



**Жарандык активист Тимур Саралаев:**

– Атамбаев учурунда зулум падыша болгон. Анын жакын тегереги элдин эсебинен ичип-жеп, абдан байыган мисалдар толтура. Бирин эле айтайын, ал башкарган мезгилде бажыда эбегейсиз масштабда контрабанда күч алган. Президент болуп турган убагында өзү да эбегейсиз байыган. Ошонун эсебинен хан сарайын салып алган. “Аттан түшсөм да, ээрден түшпөйм” деп ошол жакка жатып алып башкарам деген. Азыр деле кыялданып жатса керек. Мейли, ичти-жеди, байыды. Эми калган байлыгына Кудайга шүгүр деп жашай бербейби, мыйзамсыз салып алган үйүн берип кутулуп, ач көздөнбөй.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

ЖАҢЫЛЫКТАР

### ШАЙЛООЧУЛАРДЫН САНЫ ТАКТАЛДЫ

Кыргызстанда жалпы шайлоочулардын саны белгилүү болду. БШК төрагасынын орун басары Айдана Жунуеванын маалыматына караганда быйылкы жылдын сентябрь айына карата шайлоочулардын саны 4 миллион 237 миң адамды түзөт. Парламенттик шайлоодо 30 округ болот. Ар бир округга болжол менен 140 миңден шайлоочу туура келет. Эске салсак, өткөн аптада Жогорку Кеңештин VII чакырылыштагы депутаттары өзүн-өзү тараткан. Кийинки парламенттик шайлоо үстүбүздөгү жылдын 30-ноябрында өтүшү маалымдалууда.



### ЖӨЛӨКПУЛ ТӨЛӨӨ ТАРТИБИ БЕКИТИЛДИ

Жогорку Кеңеш тоолуу аймактардагы көп балалуу энелерге бир жолку “Бала береке” төлөмүн берүүнүн тартибин аныктоо боюнча долбоорду үч окууда карап, жактырды. Буга байланыштуу жарлыкка Президент Садыр Жапаров быltыр 23-декабрда кол койгон. Ага ылайык, 2026-жылдан тартып төрт жана андан көп балалуу үй-бүлөлөргө бир жолу төлөнүүчү каражат бериле баштайт. Анда белгиленгендей, төртүнчү баласын төрөгөндөргө – 100 000 (жүз миң) сом, бешинчисине – 600 000 (алты жүз миң) сом, алтынчысына – 800 000 (сегиз жүз миң) сом, жетинчи балага – 1 000 000 (бир миллион) сом, сегизинчи балага – 1 200 000 (бир миллион эки жүз миң) сом, тогузунчу балага – 1 500 000 (бир миллион беш жүз миң) сом, он жана андан көп балалуу болгондорго 2 000 000 (эки миллион) сом каралган. Эске салсак, төлөм ала турган энелер тоолуу жана жолу татаал алыскы аймактарда кеминде алты жыл жашоого тийиш.

**"Эркин-Тоо" пресс**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО




**Редакциядан:** Биздин редакциябызга Молдовановка айылынын тургуну, 87 жаштагы Ниязбек Насирдинов атабыздан кат келиптир. Ал өз катында Кыргыз Республикасынын Президентинин жасап жаткан иштерине жогору баасын берип, эң башкысы мамлекеттик чек араны чечүүдө дипломатиялык жолду таап, тынчтыкта, ынтымакта жашоого шарт түзгөн иш билгилигине ыраазы болуп, Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы мамилелерди жакшыртуу Борбордук Азиядагы туруктуулукту сактоо үчүн жасалган маанилүү кадам экенин баса белгилеп, эл башчыбызга, элибизге арналган ырларын салып жибериптир. Атабызга бактылуу карылык тилеп, ырларына орун берип жатабыз.

**АЛП, ШЕР МАНАСТЫН ДУХУ БАР**

*Кыргыздын Ала-Тоодой чептиги бар,*
*Эр Манастын элесиндей кеңдиги бар.*
*Коңторулбас коргошундай салмагы бар,*
*Кептен качпас таң калтырган чечени бар.*

*Кыргыздын кайтарылбас шердиги бар,*
*Жети өлчөп бир кескен калысы бар.*
*Айткан сөздөн кайтпаган түздүгү бар,*
*Акыл калчап түз жол салган бирдиги бар.*
*Ак пейил жоомарт кыял кеңдиги бар,*
*Биримдик, достук, ынтымакка урааны бар.*
*Тайманбас арыстандай шердиги бар,*
*Айкөл, шер Манастын духу бар.*

**БЕЛ БАЙЛАЙЛЫ, КЫРГЫЗ ЭЛ**

*Башынан көп кыйындык өткөрүп,*
*Билимге камчыланат көз көрүп.*
*Басып өтүү кыйынчылык мезгилде,*
*Бел байлайлы жатактыкты жек көрүп.*
*Байлыкты издеп, таап жер энеден,*
*Бакытты издейличи, Кыргыз эл.*

*Өрнөгүн өлкөлөрдүн издеп таап,*
*Өлкөбүзгө өздөштүрүп жакшысын.*
*Кол кармашып кирeличи жумушка,*
*Жер жебейт, берет элге бактысын.*
*Жалтак болбой дыйканчылык ишине,*
*Жашылдантып иштейличи, Кыргыз эл.*

*Ар бир күндү кетирбейли өткөрүп,*
*Алгач сепкен даның чыксын тез өнүп.*
*Суу жетелеп сугатынан калтырбай,*
*Сугатка чык кетмениңди көтөрүп.*
*Баба дыйкан баш болуп тосуп алар бизди жер,*
*Кана майданга! Бел байлайлы, Кыргыз эл.*

**Ниязбек НАСИРДИНОВ, Молдовановка айылынын тургуну, 87 жашта**

КУТТУК ОРДУНА

Нарын облусунун Кочкор районунун Чолпон айылдык аймагынын башчысы

**Козубеков Закир Ашимовичке**

"Чолпон айылдык аймагынын ардактуу атуулу" наамы берилди. Козубеков Закир Ашимовичти ардактуу наамы менен чын ыкыласыбыздан куттуктап достору – М. Макаев, И. Абдулкасимов, Т. Туркбаев, А. Шакиров, Х. Ахмаджанов, М. Тайлаков, М. Тохсанбоев, Б. Аленовдор Чолпон айылдык кеңешинин депутаттарына терең ыраазычылык билдиребиз. Бекем ден соолукта, ар дайым эл кызматында болуңуз, Закир мырза!



МАЙДА, БИРОК МААНИЛҮҮ




**22-ДЕКАБРДА ЭЛДИК КУРУЛТАЙ**

Жер-жердеги, айыл-аймактардагы көйгөйлөр бийик трибунада айтылуу үчүн түзүлгөн IV Элдик курултай 2025-жылдын 22-декабрында өтмөй болду. Президент Садыр Жапаров кол койгон жарлыкта белгиленгендей, ага 700 делегат катышат. Курултайды өткөрүү, делегаттарды шайлоо, координациялоо боюнча уюштуруу комитети жана убактылуу жобо бекитилди. Делегаттар «Элдик курултай жөнүндө» конституциялык мыйзамга ылайык шайланат. Эске сала кетсек, былтыр үчүнчү Элдик курултай 20-декабрда өтүп, ага 698 делегат катышкан. Алардын 539у эркектер, 161и аялдар жана 61 делегат Кыргызстанда жашаган башка улуттун өкүлдөрү болгон. Андан тышкары, 30 делегат чет жактагы мекендештерден келген.

**КӨЙГӨЙ ЖАРАЛСА БИЛДИРҮҮ ЖАЗЫҢЫЗ**

Өлкөнүн Агартуу министрлиги даттануулар жана сунуштар үчүн QR кодун иштеп чыкты. Бул байланыш системасы "Пикирлер" платформасында коомдук өз ара аракеттенүү үчүн иштелип чыгарылганы айтылды. Ал жерде жарандар өз ой-пикирлерин, сунуштарын калтырып же көйгөйлөрүн билдирсе болот. Бул Агартуу министрлигине билим берүү мекемелериндеги маселелерди ылдам чечүүгө жардам бермекчи, делет маалыматта.

**"Эркин-Тоо" пресс**




# "ГЕЗИТИБИЗДЕ ЭГЕМЕНДҮҮЛҮКТҮН ДЕМИ СОГУП ТУРГАН"

***"Кесиптеш бизде мейманда" рубрикасынын кезектеги коногу, эгемендүүлүк таңында кыргыз журналистикасынын жаңы барагын ачкан инсан, "Эркин-Тоо" гезитинин алгачкы редактору Мелис Айдаркулов. 1991-жылдагы тарыхый учурдун күбөсү гана эмес, ошол учурду сөз күчү менен түптөгөн калемгер катары Мелис агайдын эмгеги бүгүн да актуалдуу. Анын жетекчилиги менен "Эркин-Тоо" эгемендүүлүктүн демин алып жүргөн мамлекеттик басылмага айланып, эл менен мамлекетти жакындаткан трибуна болду. Бүгүн биз ошол күндөргө кайра сересеп салып, агай менен маек уюштурдук.***

**– Мелис агай, сиз Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдары менен катар өз учурунда коомчулукта күчтүү суроо-талапка ээ болгон "Эркин Тоо" гезитинин эң алгачкы редактору катары тарыхта калдыңыз. Ошол учурду эскерип бересизби?**

– 1991-жыл элибиз үчүн унутулгус жыл болду. Эгемендүүлүк менен кошо коомдо жаңы көз караш, жаңы үмүт пайда болду. Ошол доордо эркин сөзгө муктаждык абдан күч эле. Мына ушундай шартта эң алгачкы легендарлуу парламент, тактап айтканда Жогорку Кеңеш демилгелеп, "Эркин- Тоо" эгемендүү Кыргызстандын расмий мамлекеттик гезити катары түзүлдү. Менин эң башкы милдетим – жаңы гезитти саясий пропаганданын куралы эмес, мамлекет менен элди жакындаткан, эгемендикти даңазалаган аянтчага айлантуу болду.

**– Гезиттин аталышын кантип тандадыңыздар?**

– "Эркин-Тоо" деген ат жөн гана сөз эмес, билесиздер, тээ 1924-жылдардагы эң алгачкы кыргыз гезитинин аты эмеспи, бардык мезгилдин духун туюнткан символ болчу. Эркиндикке умтулган элдин эңсөөсү тоодой бийик, тоодой бекем деген ойду билдирдик. Биз каалаган нерсе – кыргыз элинин көз карандысыздыгын руханий да, саясий да жактан тастыктаган басылмасын чыгаруу эле.

**– Алгачкы сандарды даярдоо процесси кандай жүрдү?**

– Чынын айтканда, техникалык да, кадрдык да кыйынчылыктар көп болду. Компьютер, заманбап басма жабдыктар дээрлик жок. Ар бир материалды кол менен терип, макет жасап, анан типографияга жөнөтчүбүз. Бирок ошентсе да журналисттердин деми күчтүү болчу, ар кимибиз өзүбүздү тарых жазып жаткандай сездик. Ошондуктан ар бир макалада, ар бир сапта эгемендиктин деми согуп турду.

**– Гезиттин мазмундук саясаты жөнүндө...**

– Жаңы Конституция, мамлекеттик символдор, саясий өзгөрүүлөр тууралуу элге түшүндүрүп берүү болду. Ошондой эле Жогорку Кеңештин депутаттарынын ар кандай багыттагы макалалары жарыяланып турду. Кыргызга аттын кашкасындай таанымал инсандар – Эсенбай Калдаров, Дооронбек Садырбаев сыяктуу инсандардын мазмунга бай макалалары байма-бай жарыяланчу. Экинчиден, кыргыз тилин, маданиятын көтөрүү болду. Үчүнчүдөн, коомдогу ар бир жарандын үнүн чагылдыруу. Эл үнү – мамлекет үнү болушу керек деп эсептедик.

**– Жетекчи катары гезитке келген алгачкы күндөрдө сизге кандай маселе жараткан кандай учурду эстейсиз?**

– Биринчиси эле кадр маселеси болду. Жаңы гезитке жаңыча ой жүгүрткөн, айкын позициясы бар журналистер керек эле. Ага чейин өзүм жетектеген "Бишкек шамы" гезитинин журналисттерин ар кайсы аймактардан чакырып жатып, мыкты команда түптөгөн элем, кийинки жетекчиси менин ал командамды "Эркин-Тоого" алып кетпөөмдү өтүндү. Ошентип турган кезде жаңы ачылып жаткан "Асаба" гезитинин 60-70% журналисттери "Эркин- Тоо" гезитине келишти. Баары абдан таланттуу, мыкты журналисттер эле. Өзгөчө Султан Жумагулов аттуу өтө мыкты журналисттин келгени "Эркин-Тоонун" жүзүн ачкан десем болот.

**– Бүгүн, отуз жылдан ашуун убакыт өткөн соң, ошол алгачкы күндөргө кайрылганда эмнени баалайсыз?**

– Эң баалуу нерсе – биз тарыхый учурдун күбөсү гана болбой, анын жаратуучусу болдук. "Эркин-Тоо" бүгүн да мамлекеттин үнү болуп келе жатса, бул биздин ошол кездеги эмгегибиздин уландысы. Эгемендүүлүктүн биринчи таңын чагылдырган ар бир сап – мен үчүн чоң сыймык.

*(Маектин толук бөлүгүн "Эркин-Тоонун" ютуб каналынан көрө аласыздар)*

**Махабат САИДРАХМАНОВА**

VIP-ПЕРСОНА

# Кыраакы кызы кыргыздын



***Биздин гезит коомдун баалуулуктарын чагылдырууда ар дайым адамдын эң негизги таянычы – энени, үй-бүлөнү, маданият жана тарбия маселелерин көңүл чордонунда кармайт. Бүгүн биз сиздерге аялдын коомдогу орду тууралуу ой толгоону сунуштайбыз. «Аял деген ким?» деген суроо ар бирибизди ойлондурат. Бул суроого жооп издөө менен биз өзүбүздүн коомдун жүзүн да, эртеңки багытыбызды да аныктайбыз.***

Аял – бул жөнөкөй сөзгө тарых, маданият, философия жана адамзаттык баалуулуктардын баары камтылган. Ар бир доор аялдын коомдогу ролун ар башка баалап келген. Бирок бир чындык өзгөргөн эмес. Аял – жашоонун булагы, адамзаттын тарыхын тактап, урпагын улап турган түпкү күч. Эң оболу аял – эне. Ал жашоонун уландысын жараткан ыйык нуска. Кыргыз эли "Эне – ыйык" деп бекеринен айткан эмес. Эненин ак сүтүнөн гана адам өзүнүн алгачкы руханий азыгын алып келген. Демек, аялдын милдети – адамзаттын тукумун жөн гана биологиялык жактан улантуу эмес, жаңы муундун жүрөгүнө адеп-ахлак, мээрим жана адамгерчиликти уялатуучу улуу күч. Ар бир аял жөнөкөй эне – көп учурда улуттун көрүнбөгөн каарманы. Ал таңдан туруп, балдарын мектепке даярдап, тиричиликке көз салып, социалдык турмуштун күрөө тамырын кармап турат. Ошол эле учурда ар бир эне – баласын билимге жетелеп, дүйнөлүк атаандаштыкка даярдап, коомго жаңы муунду тарбиялап чыгарат.

Тарых барактарында Курманжан датканын ысымы анын акыл-эсине, кайратына, элге болгон сүйүүсүнө элдин таазим этүүсү аркылуу алтын тамгалар менен жазылып калганы баарыбызга маалым. Балким буга дал ошол датка энебиз жашаган кыйын кырдаалдуу доордун өзү да себеп болгон чыгар. Бүгүн баарыбыз бир ооздон «Курманжандай аялдар эми жаралбайт» деп ыгы келсе, келбесе да "балп" этип айта берүүнү адатка айлантып алганбыз. Чынында мындай пессимисттик ойдун, эл арасындагы бүгүнкү "барчылык" менен жакшылыктын өзүн жокко чыгаруунун өзү да ооз кесирлик. Эл болуп жаралган соң, демек ар бир элдин кечээги эле эмес, дал бүгүнкү күндөгү өз ырыскысы, куту бар. Дегенибиз, кыргыз кыргыз болуп жаралганы, бүгүн да дал ошол Датка энебиздей болгон даанышман, кыраакы, акылгөй кыздарынан куру эмес. Муну жөн гана курулай сөз менен эмес, көз көрүп, ой терметкен мисал менен айткыбыз келди. Бүгүнкү күндө жеке аялдык түйшүктү да четке какпай, өз орду менен бүлө күтүп, бак күтүп, ошол эле учурда аялдык түйшүктөн бийик да көтөрүлүп, элдин камын ойлоп, эл, мамлекет үчүн каруусун казык кылып кызмат өтөп келе жаткан Салтанат Аманова аттуу кыргыздын көз мончоктой кызы тууралуу жакшы сөз айтуунун учуру келди. Салтанат Аманова – билим берүү, маданият, коомдук жана мамлекеттик башкаруу тармагындагы алгылыктуу эмгеги менен коомчулуктун назарына алынып келген жана бүгүнкү күндө Ош мэриясында социалдык блокту жетектеген вице-мэр кызматын аркалап, элдин түмөн түйшүгү менен алпурушуп келет.

Ош сыяктуу байыркы даңазалуу шаар бүгүн өз келечегин куруу жолунда жаңы сыноолорду баштан кечирип жатат. Ушундай кырдаалда, Салтанаттай айымдын ишине берилгендигинде, кайратынын илебинде, сөзүндөгү салмакта, көз карашындагы кыраакылыкта айтылуу Курманжан энебиздей кыздарынан кыргыздын уучу куру эместиги дагы да байкалып турат. Тарых менен бүгүнкү күндү улап турган ошол көрүнбөгөн байланышты сезген адам, урпактардын жүрөгүндө да датканын руху өчпөй жашап жатканын аңдайт. Аманова Салтанат Абдылдаевна 1975-жылы айтылуу Алайдын Сопу-Коргон айылында жарык дүйнөгө келген. Салтанат айым да кыргыз айылындагы кадимки эле кыздардай айылдык орто мектепти бүтүргөн. Бирок анын мүнөзүндөгү билимге болгон умтулуу, талыкпаган изденүүчүлүк жана инсан катары алдына коюлган милдетке болгон жоопкерчилик анын тагдырын мамлекеттик кызмат менен айкалыштырып, коомдун алдыңкы катмарына сүрөп чыкты. Ош мамлекеттик университетинин филология факультетин аяктап, кыргыз тили жана адабияты мугалими адистигине ээ болгон күндөн тартып анын үзүрлүү эмгек жолу билим берүү жана коомдук-мамлекеттик өнүгүү менен кошо жүрүп келе жатат.

Алгачкы эмгек жолун ОшМУда мамлекеттик тилдин практикалык курсу кафедрасынан баштаган. Жаш окутуучу кезинен тартып студенттерге жөн гана сабак берүү эмес, тил аркылуу улуттук аң-сезимди ойготууга умтулган. Бул анын кийинки жетекчилик ишмердүүлүгүнүн пайдубалы болуп калды десек болот. Катардагы мугалимден улук окутуучуга, кафедрадан борборго, борбордон факультетке жана кайра коомдук-мамлекеттик кызматка өтүшү – бул анын табигый өсүү жолу экенин аныктап койду. Ага ишеним артылып жүктөлгөн ар бир кызмат тепкичинде ал жаңыча демилге көтөрүп, уюштуруучулук менен ишти системалуу жүргүзгөн жетекчи катары таанылды.

Салтанат Абдылдаевна 2000-жылдардан тартып билим берүү чөйрөсүнөн тышкары мамлекеттик башкарууда да өзүн мыкты жетекчи экенин далилдеп келүүдө. Ош мамлекеттик университетинин Тил борборунун директору болуп иштеп турганда анын уюштуруучулук мыкты сапаттары көрүнө баштаган. Кийин Ош шаарынын социалдык өнүктүрүү башкармалыгын жетектөө менен шаардагы эң маанилүү тармактардын бирин колго алган. Анын жетекчилиги астында бир нече социалдык долбоорлор ишке ашып, коомдогу алсыз катмарларды колдоо багытында ишенимдүү механизмдер түзүлгөн. Ошол эле учурда жаштардын идеяларын, заман талабына ылайык демилгелерин ишке ашырууга өзгөчө көңүл бурган.

2021–2022-жылдары Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин орун басары болуп иштөө – Салтанат Амановани мамлекеттик жетекчилик кызматтагы ишмердүүлүгүнүн жаңы этабы болду. Бул кызмат аны улуттук деңгээлге көтөрүп чыкты. Ал ошол мезгилде Кыргызстандагы маданият менен спортту гана эмес, жаштардын потенциалын ар тараптан ачууга басым жасады. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги менен Россиянын Мамлекеттик академиялык Кичи театрынын алдындагы М. Щепкин атындагы жогорку театралдык окуу жайынын (институтунун) ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык, 2025-жылдын май айында 22 таланттуу кыргыз жаштары окуу жайды ийгиликтүү бүтүп келип, С. Ибраимов атындагы Ош улуттук драма театрынын чыгармачыл жамааты 22 жаш адис менен толукталганын жалпы коомчулук жакшы билет. Ош мэриясы тарабынан Ош шаарынан турак жай менен камсыз болгон ошол жаш адистер бүгүн гастролдук тур менен аймактарды кыдырып, кесипкөй жаш актерлор өздөрүнүн өнөрүн мекендештерине тартуулап, бир катар спектаклдерди коюп, көрүүчүлөргө классикалык драмалардан түзүлгөн мыкты программаларды алып чыгууда. Мында ар бир коюлган спектакль кыргызстандык студенттердин Москвадагы театр мектебинен алган билимин жана чыгармачылык изденүүсүн чагылдырат. М. Щепкин атындагы жогорку театралдык окуу жайы менен келишим түзүп, таланттуу кыргыз жаштарын окууга жөнөтүп, кайра алар окууну бүтүп келгенде турак жай менен, жумуш менен камсыздап, шарт түзүүдө Салтанат Аманованын эмгеги абдан зор экенин айтпай кетүүгө болбойт.

Салтанат Аманова жөнүндө сөз кылганда кесипкөйлүгүнөн тышкары анын коомдо болуп жаткан өзгөрүүлөргө карата кыраакы көз карашы, олуттуу ой бөлүшкөн акылгөйлүгүн айтпай кетүүгө болбойт. Ал карапайым эл менен ачык мамиле түзүп, ар бир көйгөйгө көңүл бура билген жетекчи экени талашсыз. Салтанат айымдын бул сапаты "кээ бир мамлекеттик кызматкерлер текебер мүнөзгө ээ" деген түшүнүктү жокко чыгарып, тескерисинче, ар бир мамлекеттик кызматкер жөнөкөй элге жакын болушу мүмкүн экенин далилдеп турат. Кыргыз коомундагы позитивдүү өзгөрүүлөрдүн жүзүн чагылдырган жароокер айымдын ишмердүүлүгү билим берүү менен мамлекеттик башкаруунун ортосундагы көпүрө сыяктуу, көпчүлүккө жөнөкөй көрүнгөн катардагы кызматтардан баштап, чоң жоопкерчилик талап кылган жетекчиликке чейин ар бир тепкичте элге кызмат кылууну улантып келет. Анын тажрыйбасы бир гана жеке ийгилик эмес, айымдардын коомдук-саясий турмушка активдүү аралашуусунун үлгүсү катары маанилүү. Коомдун өнүгүүсү үчүн кесипкөйлүк, билимдүүлүк жана чынчылдык канчалык маанилүү экенин Аманова Салтанат Абдылдаеванын эмгек жолу айкын көрсөтүп турат.

– Аманова Салтанат Абдылдаевна деген ким?

– Ал эң биринчи – аял.

– Аял деген ким?

– Аял деген – эне, тарбиячы, маданий күзгү, экономиканын кыймылдаткычы, коомдук лидер жана гармониянын булагы. Бир сөз менен айтканда аял – адамзаттын жүрөгү. "Элдин жүзү – ошол элдин аялзатынан билинет" деген Кыргыз элинин акылман сөзү бекеринен айтылган эмес. Бул сөз бүгүн да күчүн жоготкон жок. Анткени аялдын орду туура бааланган коомдо гана чыныгы өнүгүү болот. Алымбек датка менен Курманжан датканын түздөн-түз урпагы – Аманова Салтанат Абдылдаевна келечекте эл сүймөнчүлүгүнө ээ болуп, коомдук жана мамлекеттик ишмер, мыкты жетекчи катары эмгектенип элдин жүрөгүндө сакталып калары талашсыз.

Демек, Аялдардын коомдогу ролун маданий иш-аракетсиз элестетүү мүмкүн эмес. Кыргыз тарыхында акылман, ойчул, кыйынчылыкта элге дем берген аялдар арбын болгон. Каныкей, Айчүрөк, Жаңыл мырза, Курманжан датка – булардын образы тарыхта гана эмес, бүгүнкү коомдук аң-сезимде кадимкидей турмушка аралашып, эл менен жашап келет. Аялдын эң чоң күчү – анын мээриминде. Бул мээрим үй-бүлөгө жылуулук тартуулап, коомдогу мамилелерди жумшартып, адамзатты бири-бирине жакындатып турат. Муну турмуштан да көрүүгө болот. Маселен, мугалим айымдар – баланын жан дүйнөсүн тарбиялап, дарыгер аялдар – бейтапка көңүл буруп, руханий күч тартуулап келет. Албетте бул – аялдын коомго алып келген гармониясынын жандуу көрүнүшү. Бүгүнкү турмушта аялдар коомдо лидер, саясатчы, журналист, мугалим, дарыгер жана ишкер катары өз ордун бекемдеп келе жатканы талашсыз чындык.

**Бахпурбек АЛЕНОВ**

"

***Аялдын эң чоң күчү – анын мээриминде. Бул мээрим үй-бүлөгө жылуулук тартуулап, коомдогу мамилелерди жумшартып, адамзатты бири-бирине жакындатып турат***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНЕ 80 ЖЫЛ

# ФИЗИКА–МАТЕМАТИКА АДИСТИГИ – БИЛИМ БЕРҮҮНҮН БАШАТЫ



Физика-математика факультетинин тарыхы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин тарыхы менен катарлаш, аны менен бирдей мезгилдерди басып өтүп, 2024-2025 - окуу жылында 73 жылга толду. Анткени, Университеттин дагы, физика - математика адистигинин мугалимдерин даярдоонун түптөлүшү дагы В.В.Маяковский атындагы Кыз-келиндер педагогикалык институтунун ачылышынан башталган.

1952-жылдын 5-августунда Кыргыз Республикасынын Борбордук Комитети тарабынан: “1952-1953 -окуу жылынан баштап Кыргыз аялдар мугалимдер институтунун (1950-ж.) базасында Кыз-келиндер педагогикалык институтун кайра түзүү боюнча чечими” кабыл алынган. Биринчи окуу жылында, биринчи курска 200 кыргыз кыздарын кабыл алуу планы берилген. Кабыл алынуучу 200 студенттин ичинен физика-математика бөлүмүнө – 50 студент бөлүштүрүлгөн.

Бул 73 жыл аралыгында мурдагы Кыз-келиндер педагогикалык институту, азыркы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети мектепте окутулуучу бардык сабактардан бере турган педагог-мугалимдерди даярдап келе жатат, алар:

- физика (1952)
- математика жана физика (1952);
- физика жана астрономия (1964);
- информатика (1988);

Физика-математика факультетинин өнүгүү тарыхы 1952-жылы В.В Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун курамында физика-математика бөлүмү болуп түзүлгөн. Физика-математика бөлүмүнүн биринчи жетекчиси болуп ф.-м.и.к., доцент Чабалдай Джаныбеков дайындалып, ал 1952–1965 жылдар аралыгында иштеген. 1965–1968-жылдары бөлүмдү Абыкай Искендеров жетектеген. Физика-математика бөлүмүндө 1952–1968-жылдары төмөнкү төрт кафедра болгон:

**1.** Математика кафедрасы 1952-жылы уюшулган жана аны п.и.к. А.И.Искаков жетектеген (1952–1966-жж.). Математика кафедрасы 1966-жылы Математика жана элементардык математика болуп өзгөртүлүп, аны Асанбек Айылчиев жетектеген (1966–1980-жж.).




**2.** Жалпы физика кафедрасы 1952-жылы институттун түзүлүшү менен кошо негизделген. Бул кафедраны Н.Ф.Половиков (1952–1957–жж.), Ш.Х. Мухаммедов (1957–1966–жж.), С.К. Кадыров (1996–1968–жж.) башкарган.

**3.** Жалпы технология кафедрасы 1957-жылы уюшулуп, аны В.А Пичугин жетектеген.

**4.** Жогорку математика кафедрасы 1965-жылы уюшулуп, аны Чабалдай Джаныбеков башкарган. Бир жылдан кийин кафедранын башчылыгына ф.м.и.к., доцент Омор Джолдошев дайындалган жана ал кафедра башчысы болуп 1965–1981-жылдар аралыгында иштеген.

1982–1992-жылдары факультеттин деканы болуп: ф.-м.и.к., доцент Адылбек Рыскулов, 1992–1994-жылдары, ф.-м.и.д., профессор Жолдон Саламатов, 1994–1999-жылдары ф.-м.и.к., доцент Акылбек Керимбеков, 1999–2002-жылдары ф.-м.и.к., доцент Алымбек Кутановдор үзүрлүү эмгек кылышты.

Бул мезгилдерде факультеттин курамында төмөнкү кафедралар болгон:

- Жогорку математика кафедрасы (1968–1981 жана 1988-жылдан бери);
- Математика кафедрасы (1981–1988);
- Алгебра жана геометрия кафедрасы (1981–1988);
- Математика жана элементардык математика кафедрасы (1968-жылдан бери);
- Физика жана аны окутуунун методикасы кафедрасы (1968-жылдан бери);
- Информатика кафедрасы (1997–2002);

**2016–2023жж.** И. Арабаев атындагы КМУнун физика-математикалык билим берүү жана маалыматтык технологиялар факультети 2016-жылдын 1-мартындагы №01-8/115 буйругунун негизинде, Университеттин окумуштуулар кеңешинин чечими менен Жаңы информациялык технологиялар институту 2016-жылдын 16-февралындагы №47 токтомунун негизинде Физика-математикалык билим берүү жана маалыматтык технологиялар факультети болуп өзгөртүлүп, мурунку 5 кафедра бириктирилип 3 кафедра иш алып бара баштаган. Факультетке декан болуп ф.-м.и.к., доцент Бексултанов Жеңиш Түнкатарович (2016–2021-жж.), т.и.д., профессордун м.а. Курманбек уулу Талант (2021–2022–жж.), 2022-жылдын октябрь айынан баштап, кайра Бексултанов Ж.Т. жетектей баштады.




Студенттерге, магистранттарга, аспиранттарга окуу-тарбия процессин жүргүзүүнү негизинен 3 кафедра алып барат, алар:

- «Информатика жана аны окутуунун технологиясы» менен «Колдонмо математика жана информатика» кафедралары биригип, «Колдонмо информатика» кафедрасы деп аталган. Кафедра башчысы т.и.к., доцент Курманбек уулу Т. (2016-2017-жж.), ф.-м.и.д., профессор Бийбосунов Б.И. (2017-жылдан бери);
- «Жогорку математика» менен «Математика жана аны окутуунун технологиясы» кафедралары биригип, «Математика жана аны окутуунун технологиясы» кафедрасы деп аталган. Кафедра башчысы п.и.д., профессор Төрөгелдиева К.М. (2016–2022-жж.), ф.-м.и.к., доцент Асанова Ж.К. (2022-жылдын март айынан бери);
- «Физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасы». Кафедра башчысы т.и.к., доц. Токонбекова К.Ч.;

Азыркы учурда төмөндөгүдөй билим берүүнүн программалары иш жүзүнө ашырылууда:

**Бакалаврдык окутуу программасы боюнча:**

- 550200 - «Физика-математикалык билим берүү багыты, даярдоо профили - Математика», күндүзгү, аралыктан окутуу формасы;
- 550200 - «Физика-математикалык билим берүү багыты, даярдоо профили - Физика», күндүзгү, аралыктан окутуу формасы;

**Магистрдик окутуу программасы боюнча:**

- 550200 - «Физика-математикалык билим берүү, даярдоо профили - Математика», күндүзгү, сырттан;
- 550200 - «Физика-математикалык билим берүү, даярдоо профили - Физика», күндүзгү, сырттан;

**2023-жылдан азыркы күнгө чейин**

И.Арабаев атындагы КМУнун ФМББ жана МТ 2022-жылдын 01-8/3 буйругунун негизинде, Университеттин окумуштуулар кеңешинин чечими менен ФМББ жана МТ факультети 2023-жылдын №10 токтомунун негизинде физика-математика факультети болуп өзгөртүлүп, математика жана аны октуунун технологиясы жана физика жана аны окутуунун технологиясы эки кафедра иш алып барышат.

Факультетке декан болуп ф.м.и.к. доц. Бексултанов Жеңиш Түнкатарович (2022–2023 жж.) 2023-жылдын декабрь айынан баштап, т.и.к., доц. Токонбекова Күлзат Чоюнбековна жетектеп келет. 2022–2023 - окуу жылынан баштап декандын орун басары Тердикбаев Эрназар Адамалиевич, 2023-жылдын ноябрь айынан баштап Мукамбетова Нурия Төлөмүшовна эмгектенип, окуу процессин уюштуруп келүүдөбүз.

Учурда чет өлкөлөр менен келишим түзүлүп, жакынкы коңшу мамлекеттер менен биргеликте профессордук-окутуучулар курамы жана студент-магистранттар мобилдүүлүгү боюнча келишимдер иш жүзүнө ашырылууда. Факультетке физика предмети боюнча виртуалдык лабораториялык иштер алынып келинген. Университетибиздин 80 жылдык маарекесине карата ф.-м.и.к., доцент Артыкова Светлана Иманалиевнанын 85 жылдык юбилейине карата физика-математика факультетинде атайын жасалгаланган кабинет.

12 жылдыкка өткөрүүдө физика-математика факультетинин алдында STEM билим берүү багыты боюнча квалификациясы табият таануу мугалимдерин даярдоочу 9 жана 11-класстын базасында колледж ачылды.

2024-жылы Төрөгелдиева Конуржан Макишовна КРнын билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер наамын, Аалиев Шаршеналы илимге эмгек сиңирген ишмер наамын алышты.

Математика профилинин 2-курсунун студенти Абдижамил кызы Бибимариям “Алыш” бел боо күрөшү боюнча мелдешке катышып, Нью-Дели шаарында өткөн Азия чемпионатында 1-орунду алып, алтын медаль менен сыйланган. Президенттик стипендияга физика-математика факультетинде жылына 3-4 бүтүрүүчү ээ болот.



**Физика-математика факультетинин деканы К.Ч. ТОКОНБЕКОВА, улук окутуучу Э.А. ТЕРДИКБАЕВ**

# И.Арабаев атындагы КМУнун 80 жылдык юбилейине карата




**Акунова Айнура Рысбековна** – *педагогика илимдеринин доктору, И.Арабаев атындагы КМУнун профессору, Профессор Каратай Сартбаев атындагы И.Арабаевдин педагогикалык мурастарын үйрөнүү жана жайылтуу боюнча илимий-изилдөө лабораториясынын башчысы*



## ТАРЫХЫЙ ӨЗӨК БҮГҮНКҮ ЖҮРӨК

**Билим – улуттун келечегин кура турган эң башкы курал.** Кыргыз элинин алгачкы агартуучусу Ишеналы Арабаев ушул чындыкты мезгилинен мурда түшүнүп, өмүрүн элдин кат-сабатын ачууга, билим берүүгө арнаган. Анын түптөгөн «сабат ачуу» жолунун уландысы катары бүгүн И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети кыргыз коомунун билимдүү муунун тарбиялап келет.

Быйыл университетибиз өзүнүн 80 жылдык мааракесин тосуп алууда. Бул – жөн гана мааракe эмес, бул – өткөндү эскерип, улуттук агартуунун улуу жолун баалоо жана жаңы муунга дем берүү учуру. 80 жылдык тарых – миңдеген бүтүрүүчүлөрдүн эмгеги, мугалимдердин ак ниети жана студенттердин үмүтү менен калыптанган тарых.

Ушул мааракe – бир жагынан өткөн муундардын улуу эмгегине таазим кылуу болсо, экинчи жагынан бүгүнкү жаш муунду билим менен куралдандыруу, Арабаевдин баштаган жолун улантуу милдетин дагы бир ирет эске салат.

## АРАБАЕВДИН БАШТАГАН УЛУУ МИССИЯСЫ

Кыргыз элинин тарыхында сабатсыздыкты жоюу, билимдин жарыгын чачуу миссиясын өз өмүрүнүн башкы максаты кылган тунгуч агартуучу – Ишенаалы Арабаев болгондугу тарыхта өчпөс из катары калды. Ал эң алгачкы «Алиппе» китептерин түзүп, миңдеген кыргыз балдарын жана чоңдорду окууга, жазууга үйрөткөн. Кыргыз коомунун билимге, илимге карай жолун ачкан ушул эмгек – улуттук педагогиканын алтын башаты болуп саналат.

Педагогика жана психология институтунун ишмердүүлүгү – түздөн-түз Арабаев баштаган агартуучулук жолдун уландысы. Бүгүнкү күндө анын сыймыктуу ысымын алып жүргөн И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин структуралык түзүмү болгон Педагогика жана психология институту ошол доордогу улуу миссияны татыктуу аркалап келет. Алиппени окуудан баштап, билим берүүнүн бардык баскычтарына чейин сапаттуу агартуучу кадрларды даярдоо – институттун негизги багыты. Айрыкча, мектепке чейинки мекемелердин тарбиячысы жана башталгыч класстын мугалимдерин окутуу – Арабаев баштаган «А тамгасынан башталган билим берүү жолунун» азыркы доордогу чагылышы десек жаңылбайбыз.

Эгерде өткөн кылымдын башында Арабаев элди сабатсыздыктан чыгарып, улуттук жазма маданиятты түптөгөн болсо, бүгүнкү күндө анын ысымын алып жүргөн окуу жай мугалимдерди, агартуучуларды даярдоо аркылуу коомду жаңы заман талабына ылайык билим менен камсыз кылууда. Ушундайча, И.Арабаев – өткөн менен бүгүндү, мурас менен келечекти бириктирген көпүрө болууда.

## ТАРЫХЫЙ ПАЙДУБАЛ, АЛГАЧКЫ КАДАМДАР

Ишенаалы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети канчалаган адистерди даярдап, тарбиялап чыгарса да, анын тарыхый өзөгү жана бүгүнкү жүрөгү – Педагогика жана психология институту. Себеби университеттин пайдубалы дал ушул адистиктерди даярдоо менен түптөлгөн.

1944-жылы Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советинин чечими менен Фрунзе шаарында Кыз-келиндер педагогикалык училищеси ачылып, башталгыч класстын мугалимдерин даярдоо иши башталган. Бул – азыркы И.Арабаев университетинин башаты эле.

1950-жылы училище Кыргыз кыз-келиндер мугалимдер институту болуп кайра түзүлүп, 5 жылдык окуу мөөнөтү киргизилди. Ал эми 1952-жылдын 1-сентябрынан тартып, институттун базасында Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институту иштей баштады.

1953-жылдан баштап атактуу акын В.В.Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институту деп аталып калды. Бул аталыш дээрлик 40 жыл сакталып турду.

1992-жылы өлкө эгемендүүлүккө жеткен соң, институт жаңы статус алып, Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институту болуп өзгөртүлдү. Ошол эле жылы ага алгачкы кыргыз агартуучусу, коомдук ишмер Ишеналы Арабаевдин ысымы ыйгарылып, бул окуу жай өз тарыхындагы эң маанилүү баскычка көтөрүлдү.

1994-жылы Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети болуп кайра түзүлгөн бул билим ордосу – бүгүнкү күндө өлкөбүздөгү эң ири жогорку окуу жайлардын катарына кирет.

## КӨП БАГЫТТУУ БИРОК БИР ӨЗӨК

Азыркы учурда университет ар кандай багыттар боюнча адистерди даярдап келет: лингвисттер, журналисттер, котормочулар, экономисттер, IT-адистер, искусство жана медицина тармагынын өкүлдөрү жана башка. Бирок канчалык көп багыт, көп адистик, көп баскычтар ачылбасын, негизги өзөк өзгөрбөйт – агартуучу-мугалимди, тарбиячыны даярдоо, инсандын сабатын ачып, коомдун өнүгүшүнө салым кошуучу адамзат тарыхындагы эң ардактуу жана эң сыймыктуу делген кесип ээлерин чыгаруу. Жалпы билим берүүчү мекемелерде гана эмес, 21-кылымда адамдар өзгөчө муктаж болуп жаткан атайын билим берүүчү мекемелерде эң баалуу жана эң жооптуу ишти аркалаган билим ээлерин, педагог-психологдорду даярдоо.

## ИНСТИТУТ – УНИВЕРСИТЕТТИН ЖҮРӨГҮ

Андыктан, Педагогика жана психология институтун – университеттин жүрөгү менен салыштырсак ашыктык болбос. Ал башталгыч билим берүү менен мектепке чейинки тарбиядан тартып, алиппе – жазуу, тил-адабият, математика-табият таануу, эстетикалык жана дене тарбиясы, педагогика жана психологияны айкалыштырган миңдеген адистерди даярдап, ар бир бүтүрүүчүсү аркылуу улуттук билим берүүнүн жаңы барактарын ачып келет. Ар бир бүтүрүүчү – бул кыргыз билим берүүсүнүн жаңы кирпичи, келечеги.

Педагогика жана психология институту миңдеген мугалимдердин, тарбиячылардын, педагог, методист, психологдордун бешиги болуп калды. Бул – жөн гана институт эмес, университеттин тарыхый өзөгү жана бүгүнкү жүрөгү. Анткени дал ушул жерден Ишеналы Арабаев баштаган «сабат ачуу» миссиясы уланып, жаңы муун мугалимдер аркылуу улуттун келечеги курулуп жатат.



## 80 ЖЫЛДЫК – УЛУУ МУРАСКА ТААЗИМ

Кыргызстандын билим берүү тарыхында өзгөчө орунду ээлеген университет быйыл 80 жылдык тарыхый белесине жетти. Бул мааракe – өткөн муундардын эмгегине таазим кылуу жана жаңы муунга өрнөк болуу.

Педагогика жана психология институтунун азыркы деңгээли аны жетектеген башчылардын, жалпы педагогикалык, административдик жамааттын биргелешкен, талбаган мээнети жана күжүрмөн эмгегинин натыйжасы. Белгилүү окумуштуу-педагогдор Ш.Алиев, А. Касымов, А.Т. Калдыбаева, Ж.У.Байсалов, М. Онолбаев ж.б. өз кезегинде кафедрадан институтка чейинки жолду түптөп, түзүп калтырышса, азыркы кезде п.и.к., проф. м.а. Г.К Казиева андан ары жетектеп, жалпы окуу жай менен биргеликте 80 жылдык жыйынтыкты чыгарып, келечек пландарга карай кадам таштап келет.

## ӨТКӨН МЕНЕН БҮГҮНДҮН КӨПҮРӨСҮ

Эгерде өткөн кылымдын башында – Арабаев элди сабатсыздыктан чыгарып, улуттук жазма маданиятты түптөгөн болсо, бүгүн анын ысымын алып жүргөн университет жаңы доордун агартуучуларын даярдоо аркылуу коомду билим менен камсыз кылууда. «Мугалим даярдоо – бул кесип эмес, бул улуттун келечегин куруу» деген ой Педагогика жана психология институтунун негизги философиясына айланган.

## ЖЫЙЫНТЫК

Тунгуч агартуучу Ишеналы Арабаев өз мезгилинде: «Элдин көзүн ачмайын, билим бермейин, улут алдыга жылбайт», – деп айткан. Бул ой бүгүн да актуалдуу. Анткени, адамдын сабатын ачып, билим берүү – улуттун эртеңки күнү, келечегинин кепилдиги. Ишеналы Арабаевдин «Алиппесинен» башталган агартуу жолу – муундан-муунга уланып, университеттин негизги өзөгүн түзүп, согуп турган жүрөгү болуп кала берет!

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

**КРнын Президенти С.Н.ЖАПАРОВго,**

**КРнын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары – Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин төрагасы К.К.ТАШИЕВге**

**КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер жана экинчи топтогу майып Жыпаркүл БЕКСУЛТАНОВАдан Байланыш телефон-ватсап: +996 (558) 328-347**

# КАЙРЫЛУУ

**Урматтуу Садыр Нургожоевич!**

**Урматтуу Камчыбек Кыдыршаевич!**

Менин Сиздерге кайрылуумдун себеби, мен Ысык-Ата районуна караштуу Сын-Таш айылында 1958-жылдын 12-октябрында төрөлүп, бир жарым жашымда бутумду чыгарып алышкандыктан, 1960-жылы Воронцовкада эки жашымдан 7-класска чейин дарыланып, 1970-жылы оң жамбашымдан операциядан кийин жамбашым бүгүлбөгөндүктөн врачтар 3-топтогу майып деген маалымдама беришип, 1972-жылы ооруканадан чыккам.

Сын-Таш айылындагы орто мектепти 1976-жылы аяктап, ошол эле жылы Бишкек шаарындагы №10 кесиптик техникалык окуу жайдын машинистка бөлүмүндө он ай окуп, 1977-жылдын декабрь айынын аягында Ысык-Ата районуна караштуу эки тилде чыккан "Дружба", "Достук" гезитинде машинистка болуп иштедим. Анткени, мен кыргызча сүйлөй алчу эмесмин. Ооруканада орусча тарбияланган, ошондуктан кыргыз тилинде таза жана так сүйлөгөндү үйрөнүү үчүн кыргыз гезитинде иштегенмин.

Анан 1986-жылы республикалык жаштардын "Ленинчил жаш" гезитинде 1990-жылга чейин иштеп, андан КР Жазуучулар союзунун жумалыгы – "Кыргызстан маданияты" гезитинде 1994-жылдын февралына чейин иштеп, мен жогорудагы гезиттерге жумуштан чыкпастан, которуу жолу менен гана 1994-жылдын 1-февралынан 2021-жылга чейин иштеп келдим. 1994-жылы президент А.Акаевден КРнын грамотасы менен сыйланып, 2008-жылы "Кыргыз Туусу" гезитинде иштеп жүргөндө президент К.Бакиевден Кыргызстанда техникалык кызматкерлер албаган ардактуу сыйлыкты Алла Тааламдын колдоосу жана эң жакшы көргөн ишимдин аркасы менен Кыргызстанда биринчилерден болуп "Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер" деген ардактуу наамды алдым.

2010-жылы эки оор операция жасатып, 2-топтогу балдак менен жүргөн майып болуп калдым. Бирок, ага карабастан 2011-жылы май айында эки балдак менен кайра ишке чыктым. Ошол жылы Бишкек шаарына караштуу Октябрь акимиатына барып квартира алуу үчүн (льгота) жеңилдетилген жол менен кезекте 40-болуп турдум, кийинки жылы 39-бойдон ушул кезге чейин турам. Жазбаган катым жана кайрылбаган жерим калган жок.

2007-жылы Султан Раев Маданият министри болуп турганда барсам: "Кагаздарыңды даярдап тапшырып кой" деп койду. Андан кийин Нурлан Шакиев да аракет кылып, бирок ишке ашпады. А.Максүтовго кайрылсам, экзамен тапшыргандай он качты кишинин маңдайына отургузуп, "Кыргыз Туусу" бюджеттеби? – деди, мен жок десем" анда бара бериңиз деп коюшту. Он жылдын ары жак-бери жагы болуш керек Бишкек шаарынын мэрине жазылгам. Мэрге жолуксам: "Мени президент чакырып жатат, кечирип коюңуз, орун басарыма кире бериңиз" дегенинен катчы кызы орун басарга киргизди. М.Саккараев: "Сиз эмне, бир айылданбыз, жардам берет деп келдиңизби" деп отурарым менен ачууланып беттен алды. Мен дагы өзүнө тиешелүү сөзүмдү айтып чыгып кеттим. Анткени, анын ата-энеси да Сын-Таш айылында жашачу. Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет болдум.

Бишкек шаарынын Октябрь райондук акимиатында илгери иштеген Орёл деген кишиге кирдим, андан кийинки эки акимге жана бир ай мурда жаңы акимге кирсем, саат 11де жолугушуум бар деп чыгып кетти. Ипотекага барсам, иштебейт экенсиз, жалгыз бой экенсиз дешти. Бирок, мен жарым жандыгым үчүн күнөөлүү эмесмин да. Оорунун азабынан жана жашым келип калгандыктан, ырас иштебейм – пенсиядамын. Ошондой эле оорунун азабынан турмушка да чыкканым жок, жардам берчү кишим да жок. Мага буюрган жалгыздык тагдыр адам баласынын жашоосунда эң эле оор нерсе экенин айткым келет. Ансыз деле ушул жашка чыккыча укпаган сөзүм калган жок.

Бишкек шаарынын азыркы мэрине быылтыртан бери байланыша албай жатып, үч жумадан ашып баратат катчысына барсам, ал байланышып: "Эмне жардам керек" болсо сиз менен байланышам деп коюп ушул күнгө чейин үн катпайт, телефон чалсам албайт.

**Урматтуу Садыр Нургожоевич!**

**Урматтуу Камчыбек Кыдыршаевич!**

Сиздерден бир сураныч. Мага чындыгында ден соолугума байланыштуу бүт ыңгай-шарттары бар бир же эки бөлмөлүү, экинчи, же үчүнчү кабаттан же болбосо жер үй сатып алууга жардам берүүңүздөрдү суранам. Анткени, мага тепкичтен кирипчыгуу бир топ эле оор. Сиздерге чың ден соолук, үй-бүлөңүздөргө бардык жакшылыктарды жана ишиңиздерге албан-албан ийгиликтерди каалап, Алла Тааламдын колдоосу менен жүзгө чыгууңуздарга чын жүрөктөн тилектешмин.



***Урматым менен,***

**Жыпаркүл БЕКСУЛТАНОВА, КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер, экинчи топтогу майып**



КҮНДҮН КӨЙГӨЙҮ

**Бишкек шаардык мэриясынын транспорт жана жол-транспорт инфратүзүмдү өнүктүрүү департаментинин директорунун орун басары Абдыжапаркул ЖАНБОЛОТОВ:**



# "ЭҢ УЗУН КӨЧӨ ЖАСАЛЫП, ЖОЛ ТЫГЫНЫ ЖАРАЛУУДА"

***Акыркы эки апта аралыгында Бишкекте тыгын өз апогейине жетип, 3-4 саатка чейин созулууда. Айрыкча Дэн Сяопин көчөсүндө кыймыл катаалдашты. Мындай абалдын түзүлүшүнө албетте борбор калаадагы жолдордун оңдолуп жаткандыгы себеп болууда. Бишкек шаарынын мэри Айбек Жунушалиев муну моюнга алып, жаралып жаткан ыңгайсыздыктар үчүн кечирим сурап жатат. Анткен менен шаар жашоочуларында суроо көп. Көпчүлүк эмне үчүн жолдордун жай айларында эмес, мектеп, жогорку окуу жайларда окуу процесстери башталган убакта жасалгандыгына кызыгууда. Биз да бул суроо менен Бишкек шаардык мэриясынын транспорт жана жол-транспорт инфратүзүмдү өнүктүрүү департаментинин директорунун орун басары Абдыжапаркул Жанболотовго кайрылдык.***

**- Абдыжапаркул Мукашевич, ушул тапта Бишкекте канча көчө оңдолуп жатат?**


- Бул жылы капиталдык оңдоп-түзөөдөн 15 көчө өтөт деген план коюлган. Андан тышкары 6 жаңы көчө жана 3 көпүрө салынмак. Ушул күнгө 10 көчөнүн жумуштары толук кандуу бүттү. Жалпысынан 19,5 км жол жасалып, ишке берилди. Дагы башка жолдордо иштер жүрүп жатат.

**- Ушул күндө эң көйгөйлүү көчө Дэн Сяопин көчөсү болууда. Бул көчө негизги көчөлөрдүн бири да. Окуу жылы башталган убакта дал ушул көчөнүн жасала баштаганы көпчүлүктү наараазы кылууда?**

- Туура. Бул көчө шаардагы эң узун көчөлөрдүн бири. Узундугу 4,5 чакырым, эки тараптуу. Оңдоо жумуштары башталып, бир тараптуу жабылганына 11 күн болду. Чындыгын айтсак, көчө 2003-жылы жасалып, андан бери оңдоп-түзөөдөн өтө элек болчу. Андыктан азыр бир гана асфальт басуу иштерин жүргүзбөстөн, комплекстүү түрдө ичүүчү суу түтүктөрүн да алмаштырып жатабыз. Бишкек суу чарбасы менен биргеликте жер алдында да иштер жүрүп жатат. Жол жасагандар аларды күтүп калышууда. Коомчулукта азыр жолду жаап коюшуп, иш кылган эч ким жок деген сыяктуу сөздөр айтылып жатпайбы, андай эмес. Эгер биз азыр тыгынды ойлоп, жолго шашып, асфальт төшөп сала турган болсок, түтүктөрдүн эскилиги жетип жарылганда кайра жолду бузганга туура келет. Анда да нааразычылыктар айтылат. Жолдун жээгинде арыктары да жок болчу. Бул иштер да аткарылууда. Албетте унаа тыгыны болуп, ыңгайсыздыктар жаралууда. Биз ишти алдыга жылдырууга болгон аракетти гана жасап жатабыз.

**- Эң узун жолдорду эмне үчүн жай айларында жасаган жоксуздар?**

- Жай айларында 20 чакырымга жакын жолду жасадык. Башында айтып өтпөдүмбү, жолго биз асфальт төшөө менен гана алектенбейбиз. Андыктан убакыт созулуп кеткен жагы бар. Ичүүчү суу түтүктөрүн да алмаштырууга туура келүүдө. План боюнча Дэн Сяопин көчөсүн



20-октябрга чейин аяктоо пландары коюлган. Жакынкы күндөрдө асфальт төшөө иштери башталат. Жолдун бир тарабы жасалып бүткөндөн кийин экинчи тарабы да жасалат. Шаардыктар, борборго келген коноктор жасалып жаткан иштер келечек үчүн экендигине ишенип, түшүнүү менен кабыл алып турушса болгону. Эгер жол оңдолуп калса, тыгындар сөзсүз азаят.

**- Чындыгында жол тыгыны шаардыктарды убаракерчиликке салды. 3-4 сааттык тыгын буга чейин катталган эмес. Айрыкча мектеп жашындагы балдарга кыйын болду.**

- Биз тыгындардын болуп жаткандыгынан кабардарбыз. Ишти болушунча эрте бүтүрүүгө аракет жасап жатабыз. Жакында анализ жүргүзүп, статистикалык комитеттин маалыматтарын алдык. Аларга ылайык учурда Бишкек шаарында 400 миңден ашык унаа катталган. Аймактардан келген унаалардын саны күнүнө 300 миңден ашат. Жалпысынан бир күндө шаарда 700 миңден ашык унаа жүрөт. Бул албетте тыгынды жаратат. Ошондуктан, шаардын сырткы көчөлөрүн да кеңейтип жатабыз. Эстакадалык көпүрөлөр салынат. Учурда унаа токтотуучу жайлардын жоктугу да маселе болууда. Айдоочулар жолго унааларын токтотуп коюшуп, атайын белгилерге баш ийбей, жол эрежелерин сактабай тыгын жараткандар да көп болууда.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

ӨНӨР ДҮЙНӨ

# Атай Огонбаевге 125 жыл



**Кыргыз өнөр дүйнөсүндө комуздун коштоосунда улуттук обондорду угарман журтуна жеткирген таланттардын сап башында залкар комузчу Атай Огонбаев турат десек жаңылбайбыз. Улуттук маданиятты аздектеген, өнөр баккан улуу инсан Атай Огонбаевдин «Күйдүм чок», «Эсимде», «Жаштар», «Гүл», «Ой, булбул», «Сагыныч» өңдүү лирикалык чыгармалары калың журтка кеңири таралган. Залкар таланттын «Кара өзгөй», «Маш Камбаркан», «Чоң кербез», «Кыз кербез», «Чайкалма», «Ак тамак, көк тамак», «Маш ботой» өңдүү жана башка күүлөрү бүгүн да эл алдында чертилип, калың элдин жүрөгүндө. Мына ушул улуу инсандын быйыл 125 жылдыгы белгиленүүдө. Белгилүү болгондой, түрк дүйнөсүнүн маданий кызматташуу уюму — ТүркСОЙ уюмунун музыка дүйнөсү 2025-жылды «Атай Огонбаевдин жылы» деп жарыялаган. Анын алкагында түрк тилдүү жана дүйнө өлкөлөрүндө Атай Огонбаевдин чыгармалары жаңырып, эл аралык деңгээлде кеңири таанылууда. Аны менен катар жакында ТүркСОЙдун колдоосу менен “Атай Огонбаев энциклопедиясы” жарыкка чыгат.**

## Улуу комузчу тууралуу

Залкар комузчу, күүчү Атай Огонбаев Таластын Көк-Кашат айылында 1900 - жылы жарык дүйнөгө келген. Чоң атасы Абеилденин Султанаалы, Огонбай, Тууганбай деген үч уулу болгон. Анын ичинен Атайдын атасы Огонбай балбан болгону айтылат. Комузчунун атасы Огонбай, апасы Күңөтай. Атай жашынан жетим калып, атасынын бир тууган агасы Султанаалы чоңойтот. Агасы улуу таланттын кат таанып, комуз чертип, эл алдына ырдап чыгышына шарт түзүп берет. Комузчунун сөзмөрлүк, чукугандай сөз тапкычтык жайы бар эле.

## Устаттары

Атайдын алгачкы устаты катары анын айылдашы Абдыракман Тербишалиевдин аты аталып жүрөт. Улуу таланттын таятасы Жантакбай да комузду чебер черте билген адам болгон. Комузчунун атасы Огонбай каза болгондон кийин Атайды апасы мына ошол таятасына алып келет. Адегенде небересине комуз үйрөтүүгө көнбөйт, деги эле өнөрпоз болушун каалабайт, бирок бара-бара ийип, «Саадат какты» деген айтым күүнү үйрөткөн экен. Ошентип Атай айылда атагы чыккан Абдыракман жана Султанаалыдан таятасы Жантакбайдан күү чертүүнүн не бир сырларын үйрөнөт да, он төрт-он беш жашынан эл арасына чыгып өнөрүн көрсөтө баштайт.

## Токтогулдан таалим алган

1926-жылы Токтогул Сатылгановго жолугуу үчүн Атай Огонбаев Кетмен-Төбөгө атайын барат. Бул сапар чыгармачылыгынын жаңы ачылышы болот. Кетмен-Төбө, Таласта экөө ата-бала болуп ээрчишип, күү чертишип бирге жүрөт. Токтогул Сатылгановдун «Бала элем», «Карылык» деген ырлары акындын көзү өткөн соң дал ушул шакирти Атай Огонбаевдин оозунан жазылып алынып, түбөлүккө калтырылган.

## Айылдан борборго

1935-жылы чоң театралдык топ айылдарга гастролго чыгып турган. Ушундай күндөрдүн биринде Атай Огонбаевди өнөр адамдары сынап көрүшүп, жактырып, музыкалык драма театрына ырчы, комузчу, артист катары ишке алат. Ошентип 1936-жылы Кыргыз филармониясынын эл аспаптар оркестринде ырчы, комузчу болуп жумушун баштаган.

## Сталиндин сыйлыгы

1939-жылы Москвада өткөн Кыргыз адабияты менен искусствосунун он күндүгүндө комузу менен кол ойноткон Атай Огонбаевдин өнөрү СССРдин Коммунистик партиясынын жетекчиси Иосиф Сталин жогорку баасын берген. Эмгек Кызыл Туу ордени көкүрөгүнө тагылып, 50 миң рубль жана үч коробка күмүш кашык менен сыйланат. Өмүр бою сталиндик стипендия алган.

## Уулдары катар-катар каза болуп...

Атай Огонбаевдин биринчи аялы Жумагүл жашыраагында эле оорудан улам көз жумат. Андан Саадат, Саадакан аттуу кыздар төрөлөт. Экинчи аялы Шайымкандан төрөлгөн бир кызына ырынын ысымын берип, Ойбулбул атаган. Дагы бир кызынын аты Саясат болгон. Үчүнчү зайыбы Орунбүбү. Төрөлгөн эркек балдары жаштайынан каза болуп калат. Орунбүбүдөн Гүлжеңиш деген уулдуу болот, бирок ал дагы эки жаштан өтүп чарчап калат. Мындан улам Таластагы балдар үйүнөн эркек баланы асырап алып, аны Кудайберген деп атаган дешет.

## Таласка барышы

1947-жылы Фрунзедеги жумушун таштап, Таласка жол тартат. Анткени Атай Огонбаев катуу ооруп калат. Көпчүлүк элдин арасында ага көз тийди деген кептер тарайт. Оорусунан айыга албай, 1949-жылдын 20-декабрында өмүр менен коштошот. Талас облусунун Талас районундагы Көк – Кашат мектебине, Бишкек жана Талас шаарындагы көчөлөргө анын ысымы ыйгарылган, 2000-жылы ага арналып почта маркасы чыгарылган. Таласта музейи бар. Улуу залкардын аткаруусунда 4 ыры Кыргыз радиосунун Алтын фондуна жазылып калган.

## 125 жылдыгы кичи мекенинде белгиленди

**Жакында улуу таланттын 125 жылдыгы кичи мекени Таласта белгиленип, Атай Огонбаевдин 125 жылдыгына арналган «Эсимде» аттуу эл аралык маданий фестиваль жогорку деңгээлде өткөрүлдү. Иш-чара улуу инсандын чыгармачылык мурастарын унутпай, кийинки муундарга өткөрүп берүү максатында анын чөбөрөсү Канат Чинботоевдин демилгеси менен уюштурулду. Иш-чарага коноктор, облус жетекчилери жана ТүркСОЙдун Баш катчысы Султан Раев катышты.**

ТҮРКСОЙдун Башкы катчысы Султан РАЕВ:



## “АТАЙ – КЫРГЫЗ РУХУНУН СИМВОЛУ”

– Быйылкы жыл түрк дүйнө музыкасында – Атай Огонбаевдин жылы деп жарыяланды. Бир гана Кыргызстанда гана эмес, бүткүл түрк дүйнөсүндө залкардын эталонго айланган ыр-күүлөрү жаңырат. Таласта залкар таланттын 125 жылдыгы белгиленп, Атай атабыздын ыр майрамы облус жетекчилери, жергиликтүү демөөрчүлөр тарабынан бийик деңгээлде даярдалганын көрүп, жүрөк сүйүндү. Атай – кыргыз рухунун символу! Анын чыгармалары ар бир кыргыздын көкүрөк гимнине айланган. Атайдын маарекесин татыктуу өткөрүү анын алтын мурасына болгон таазим деп билем. Бул жылдын алкагында Атайдын залкар күүлөрүн түрк өлкөлөрүнүн улуттук аспаптык оркестрлерине бердик. Азыркы күндө Атайдын “Маш ботою” Өзбекстан, Казакстан, Түркмөнстан жана башка оркестрлердин репертуарында аткарылып келет. Жакынкы күндөрү Берлин филармониясында да чоң программадагы концерт даярдап жатабыз. Бул программанын бир бөлүгү Атай Огонбаевдин чыгармачылыгына арналат. Ошондой эле жыл соңунда Анкарада Атайдын маданий күнү өтөт. Бул да болсо Атайдын гана эмес, улуттук музыка өнөрүнүн салтанаты.

Аттокур ЖАПАНОВ, филология илимдеринин кандидаты, Кыргыз-Россия Славян университетинин профессору, тилчи:



## “АТАЙ ОГОНБАЕВ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ” ЖАРЫККА ЧЫГАТ”

– “Атай Огонбаев энциклопедиясына” – саамалык басылма болуу менен анын өмүр баяны жана чыгармачылыгы, ага арналган эскерүүлөр, макалалар, маектер, публицистикалар, ой толгоолор берилди. Маалыматтар алфавит тартибинде жарыяланат. Аягында алфавиттик көрсөткүч бар. Энциклопедия искусство таануу, адабият таануу, музыка таануу адистиги боюнча эмгектенген окумуштууларга, жогорку окуу жайларынын искусство факультеттеринин студенттерине, аспиранттарына жана элдик маданий мурастарга кызыккан жалпы окурмандарга сунуш кылынат. Атай Огонбаевдин чыгармачылыгы боюнча маалымат эң эле аз деп айтылып, комузчу жөнүндө буга чейин библиографиялык энциклопедия жок болчу. Жакында “Атай Огонбаев энциклопедиясы” деген көптөн күткөн энциклопедия буюрса жарык көрөт. Бул китепти түзүүгө ТҮРКСОЙ эл аралык уюму демилге кылган жана энциклопедияны чыгарууну каржылайт.

Залкар комузчу Атай Огонбаевдин чөбөрөсү КАНАТ ЧИНБОТОЕВ:



## “ЮНЕСКОнун РЕЕСТРИНЕ КИРГИЗҮҮ АРАКЕТТЕРИ КӨРҮЛҮҮДӨ”

– Атай Огонбаевдин күүлөрүн түрк дүйнөсүнүн мурасы катары ЮНЕСКОнун реестрине киргизүү, анын архивдик жазмаларын жана обондорун дүйнөлүк маданий казынага кошуу, ошондой эле ар кайсы мамлекеттин музейлерине тапшыруу иштери башталды. Бул демилге улуу композитордун мурастарын Моцарт жана Бетховен өңдүү дүйнөлүк классиктердин катарында эл аралык деңгээлде таанытууну көздөйт. Бул багытта кыргыз маданият өкүлдөрүн бул ишти ишке ашырууга, чогуу салым кошууга чакырып кетким келет. Таласта уюштурулган «Эсимде» эл аралык фестивалы келечекте «Маш Ботой» фестивалы болуп өзгөртүлүп, жыл сайын Таласта өтүп туруучу түрк дүйнөсүнүн чоң маданий майрамына айланса деген изги тилегибиз бар. Бул фестиваль жаш таланттарды колдоо, маданий мурастарды сактоону максат кылат.

## 125 жылдык Бишкекте белгиленет

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги Атай Огонбаевдин 125 жылдыгына карата 27-октябрда Токтогул Сатылганов атындагы Улуттук Филормонияда иш-чара өткөрөөрүн кабарлады. Мында залкар таланттын өмүр -чыгармачылыгы тууралуу кеңири сөз болот.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 28-ИЮЛУНДАГЫ №319 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ЖАНА ТИЛ САЯСАТЫ БОЮНЧА УЛУТТУК КОМИССИЯНЫН ИШИН УЮШТУРУУ ЖӨНҮНДӨ" ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын ишин оптималдаштыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесин жетекчиликке алып, **toktom кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 28-июлундагы №319 "Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын ишин уюштуруу жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия жөнүндө жободо:

– 9-пункттун жетинчи абзацындагы "Мыйзамын" деген сөз "конституциялык Мыйзамын" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 12-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– Улуттук комиссиянын ишине жалпы жетекчиликти жүргүзөт жана Улуттук комиссияга жүктөлгөн милдеттердин аткарылышы, ошондой эле Улуттук комиссияда жана анын ведомстволук мекемелеринде коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү жана анын иштешин камсыз кылуу боюнча чаралардын көрүлбөгөндүгү үчүн жеке жоопкерчилик тартат;".

**2.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 26-сентябры, №271***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2013-ЖЫЛДЫН 18-НОЯБРЫНДАГЫ №630 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЛДЫНДАГЫ АДАМ УКУКТАРЫ БОЮНЧА КООРДИНАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык милдеттенмелерди натыйжалуу ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-ноябрындагы №630 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы Адам укуктары боюнча координациялык кеңеш жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен түзүлгөн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы Адам укуктары боюнча координациялык кеңештин курамы ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 25-сентябры, №616***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗА АТКАРУУ СИСТЕМАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНЫНЫН АТАЙЫН КОМИССИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Жаза аткаруу кодексинин 72-беренесин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын жаза аткаруу системасынын мамлекеттик органынын атайын комиссиясы жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 27-августундагы №399 "Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын мамлекеттик органынын атайын комиссиясы жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 24-октябрындагы №582 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 27-августундагы №399 "Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын мамлекеттик органынын атайын комиссиясы жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө" токтому.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 26-сентябры, №619***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛООНУ ДАЙЫНДОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктуна, 84-беренесинин 2-бөлүгүнө, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо (мындан ары – шайлоо) 2025-жылдын 30-ноябрына, жекшембиге дайындалсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы:

1) шайлоону Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өткөрүүнү уюштурсун;

2) шайлоодо аралыктан добуш берүүнү колдонсун.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) шайлоону өткөрүү үчүн зарыл болгон финансылык каражаттарды Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын чыгымдар сметасына ылайык бөлсүн;

2) шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде мыйзамдуулукту, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу, ошондой эле коомдук тартипти сактоо боюнча чараларды көрсүн;

3) Кыргыз Республикасынын калкынын бирдиктүү мамлекеттик реестринин негизинде шайлоочулардын так тизмелерин түзүү үчүн анын маалыматтарын тактоо боюнча чараларды көрсүн;

4) шайлоочуларды реалдуу убакыт режиминде (онлайн) идентификациялоо системасын өркүндөтүүнү, ошондой эле байланыш каналдарын уюштурууну жана иштешин камсыз кылсын;

5) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына шайлоо процессинде колдонулуучу маалыматтык электрондук системалардын киберкоопсуздугун камсыз кылууда, ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу маалымат алмашууда, ошондой эле мыйзамдарда аныкталган маалыматтарды берүү процесстерин жүргүзүү үчүн үзгүлтүксүз жана коопсуз байланыш каналдары менен камсыз кылууда көмөк көрсөтсүн;

6) добуш берүү жана шайлоочуларды идентификациялоо үчүн жабдуулардын коопсуз сакталышын камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн;

7) шайлоону өткөрүүнү жеңге салуучу мыйзамдардан келип чыгуучу башка иш-чараларды белгиленген тартипте ишке ашырууну камсыз кылсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын сакталышын камсыз кылсын.

**5**. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө тиешелүү ыйгарым укуктуу органдардын жана шайлоо комиссияларынын уюштуруу-техникалык маселелерди чечүү боюнча ишине көмөк көрсөтсүн.

**6**. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин даярдоо боюнча башкармалыгынын уюштуруу иштери жана аймактар менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнө жүктөлсүн.

**7.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 30-сентябры, №272***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 6-АВГУСТУНДАГЫ №473 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК КАРЫЗЫН ЖЕҢИЛДЕТҮҮ ЭСЕБИ МЕНЕН ИШТӨӨ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын жеңилдетүү эсеби менен иштөө механизмин өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 58, 60-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 6-августундагы №473 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын жеңилдетүү эсеби менен иштөө жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын жеңилдетүү эсеби менен иштөө жөнүндө жободо:

– 3-пунктта:

экинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– эсептешүү банкы – жеңилдетүү эсебиндеги каражаттарды башкаруунун алкагында бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын (мындан ары – ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган) чечимдерин техникалык жактан аткарууну камсыз кылуучу мамлекеттик үлүш катышкан коммерциялык банк;";

үчүнчү абзацта "банк-агентте" деген сөздөр "эсептешүү банкында" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5. Ушул Жобонун 4-пунктунун 1 жана 2-пунктчаларында көрсөтүлгөн булактардан кирешелер жеңилдетүү эсебине республикалык бюджет аркылуу, ал эми ушул Жобонун 4-пунктунун 3–7-пунктчаларында көрсөтүлгөндөр – түздөн-түз түшөт.";

– 8-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"8. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган эсептешүү банкы менен ушул банкта жеңилдетүү эсебин ачуу жөнүндө макулдашууну, жеңилдетүү эсебиндеги акча каражаттарынын калдыктарына пайыздарды кошуп эсептөөнү көрсөтүү менен түзөт.";

– 11-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"11. Эсептешүү банкы төлөм тапшырмаларынын негизинде жеңилдетүү эсебиндеги каражаттарды пайдалануу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечимдеринин техникалык жактан аткарылышын камсыз кылат.";

– 17 жана 18-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"17. Финансылык активдерди (акцияларды, облигацияларды жана башка финансылык активдерди) сатып алуу үчүн жеңилдетүү эсебинен каражаттарды пайдалануу төмөнкү критерийлердин негизинде жүзөгө ашырылат:

1) ички рынокто – листингдин эң жогорку жана эң жогоркудан кийинки категориясы боюнча турган компаниялардын баалуу кагаздары;

2) тышкы рынокто – чет мамлекеттердин жана чет өлкөлүк компаниялардын баалуу кагаздары;

3) мыйзамдарда тыюу салынбаган башка финансылык активдер.

18. Жеңилдетүү эсебинен экономиканын секторлорун кредиттөө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан ишке ашырылат. Жеңилдетүү эсебинен кредиттерди берүү тартиби бюджеттик кредиттөө чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.";

– 20-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"20. Эсептешүү банкы жеңилдетүү эсебиндеги акча каражаттарынын калдыктарына пайыздарды овернайт депозитинин пайыздык ставкасынын деңгээлинде, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында жайгаштыруунун бирдей шарттарында эсептейт. Мында акча каражаттарынын калдыктарына эсептелген пайыздар жеңилдетүү эсебинин эсептелген пайыздарынын эсебине келип түшөт.";

– 21, 24, 30-пункттар күчүн жоготту деп таанылсын;

– 22-пункттагы "Банк-агент" деген сөздөр "Эсептешүү банкы" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 25-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"25. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган мамлекеттик карыздын негизги суммасын жана/же пайыздарын кезектеги төлөө мөөнөтү келгенге чейин эсептешүү банкка зарыл сумманы жеңилдетүү эсебинен бирдиктүү казыналык эсепке которуу жөнүндө төлөм тапшырмасын жиберет.";

– 26-пунктта "банк-агент" деген сөздөр "эсептешүү банкы" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 29-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"29. Эсептешүү банкы жеңилдетүү эсебиндеги каражаттардын калдыктары жөнүндө маалыматты ай сайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга отчеттук айдан кийинки айдын 5инен кечиктирбестен берет.";

жогоруда аталган Жобонун Коммерциялык банктардын депозиттерине жеңилдетүү эсебинен каражаттарды жайгаштыруу боюнча аукциондорду өткөрүүнүн тартибинде:

– 2-пунктта "банк-агент" деген сөздөр "ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 7-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"7. Коммерциялык банктардын арасында жеңилдетүү эсебинен каражаттарды жайгаштыруу боюнча аукцион ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын тапшырмасынын негизинде "Кыргыз фондулук биржасы" жабык акционердик коомунун платформасында өткөрүлөт.";

– 13–16, 21, 22-пункттарында ар кандай жөндөмөдөгү "банк- агент" деген сөздөр тиешелүү жөндөмөдөгү "ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– жогоруда аталган Тартиптин 2-тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 25-сентябры, №618***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2017-ЖЫЛДЫН 18-ДЕКАБРЫНДАГЫ №819 “КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК СЫНАКТАРДЫ КАБЫЛ АЛУУ, АЙДООЧУЛУК КҮБӨЛҮКТӨРДҮ ЖАНА ТРАКТОРИСТ-МАШИНИСТТИН КҮБӨЛҮКТӨРҮН БЕРҮҮ ЭРЕЖЕЛЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасында колдонуучуга багытталган санариптик платформаларды жана сервистерди киргизүү жана санариптик кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнүн инновациялык ыкмаларын ишке ашыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-декабрындагы №819 “Квалификациялык сынактарды кабыл алуу, айдоочулук күбөлүктөрдү жана тракторист-машинисттин күбөлүктөрүн берүү эрежелерин бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Квалификациялык сынактарды кабыл алуу жана айдоочулук күбөлүктөрдү берүү эрежелеринде:

– 42-пункт төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

“Кыргыз Республикасынын улуттук айдоочулук күбөлүгүн алмаштыруу Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталы/“Түндүк” мобилдик тиркемеси же башка санариптик инструменттер аркылуу жүзөгө ашырылат.”;

– төмөнкүдөй мазмундагы $42^2$, $42^3$-пункттар менен толукталсын:

“$42^2$. Кыргыз Республикасынын жарандары улуттук айдоочулук күбөлүктү алмаштыруу боюнча онлайн-кызмат көрсөтүүлөрдү алуу үчүн улуттук айдоочулук күбөлүктү онлайн-алмаштыруу сервисине кирүү мүмкүндүгүн алышат жана Бирдиктүү идентификациялоо системасында идентификациялоо жол-жобосунан өтүүгө милдеттүү.

Мурда берилген улуттук айдоочулук күбөлүктүн ордуна Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталы/”Түндүк” мобилдик тиркемеси же башка санариптик инструменттер аркылуу Кыргыз Республикасынын улуттук айдоочулук күбөлүгүн онлайн-форматта берүү төмөнкү учурларда мүмкүн болот:

– айдоочулук күбөлүктүн колдонуу мөөнөтү аяктаса;

– ээсинин айдоочулук күбөлүктө камтылган жеке маалыматтары өзгөрсө;

– эгерде айдоочулук күбөлүк эскирүүнүн, бузулуунун же башка себептердин натыйжасында андан ары пайдалануу үчүн жараксыз болуп калса жана анда (же анын бөлүгүндө) көрсөтүлгөн маалыматтарды визуалдуу түрдө аныктоого мүмкүн болбосо;

– айдоочулук күбөлүк жоголсо.

Кызмат көрсөтүүлөр Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан бекитилген, Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан аныкталган ыйгарым укуктуу мамлекеттик медициналык мекеме тарабынан берилген форма боюнча медициналык күбөлөндүрүүдөн (наркологиялык текшерүүдөн, психикалык саламаттыгын аныктоодон, көрүүсүн текшерүүдөн) өткөндүгүн ырастаган электрондук документ болгондо берилет, анын берилген датасы 12 айдан ашпоого тийиш.

Улуттук айдоочулук күбөлүктү онлайн-алмаштыруу сервисинде улуттук айдоочулук күбөлүктү алмаштыруу жана алуу үчүн арыз ээсине төмөнкүлөрдү жүргүзүү зарыл:

– фотоидентификациялоодон өтүү;

– онлайн-арыз берүү;

– арыз берүүдө “Айдоочулук күбөлүктү алмаштыруу” же “Айдоочулук күбөлүк жоголгон учурда аны калыбына келтирүү” кызмат көрсөтүүсүн тандоо;

– айдоочулук күбөлүктү почта байланышы аркылуу жеткирүү дарегин көрсөтүү (зарылдыгына жараша);

– айдоочулук күбөлүк үчүн түзүлүштүн камерасынын жардамы менен арыз ээсин сүрөткө тартуу каралган фотоидентификациялоо жол-жобосунан өтүү;

– айдоочулук күбөлүктү алмаштыруу жана алуу үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын төлөө. Төлөм QR-коду боюнча электрондук формада жүргүзүлөт.

Арыз “Айдоочулук курамдын регистри” АМСке жиберилгенден кийин айдоочулук күбөлүктү онлайн-алмаштыруу сервиси автоматтык режимде арыздын кабыл алынган датасын жана убактысын көрсөтүү менен ыйгарым укуктуу орган тарабынан кабыл алынгандыгы жөнүндө арыз ээсине кабарлайт.

Эгерде айдоочулук күбөлүк системада жок болсо же санариптештирилбесе, арыз ээси төмөнкү маалыматтарды киргизүү менен онлайн-санариптештирүүдөн өтүшү керек:

– электрондук почта дареги – автоматтык түрдө толтурулат;

– жарактуу айдоочулук күбөлүктүн сүрөтүн жүктөө (алдыңкы жана арткы бети);

– айдоочулук күбөлүктү санариптештирүү үчүн арыз жиберилүүчү бөлүмдү тандоо.

Сүрөттөр туура эмес жүктөлгөн учурда ыйгарым укуктуу органдын кызматкери себептерин көрсөтүү менен өтүнмөнү четке кагууга укуктуу.

$42^3$. Улуттук айдоочулук күбөлүктү даярдоо мөөнөтү арыз берилген күндөн тартып бир жумуш күндөн эки жумуш күнгө чейин болот. Арыз ээси арыздын кароо статусун “Түндүк” мобилдик тиркемесиндеги жеке кабинети аркылуу көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Арыз ээси көрсөтүлгөн дарекке почта аркылуу же ыйгарым укуктуу органдын бөлүмдөрүнүн биринен улуттук үлгүдөгү жаңы айдоочулук күбөлүктү алат.

Айдоочулук күбөлүктү алмаштырууда мурда берилген айдоочулук күбөлүк милдеттүү түрдө ыйгарым укуктуу органга кайтарылууга тийиш.

Жаңы айдоочулук күбөлүктөрдү жеткирүү, тапшыруу жана мурда берилген айдоочулук күбөлүктөрдү кайтаруу тартиби ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталат.”.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 24-сентябры, №610***

## А.ТОКТОНАЛИЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК ФИНАНСЫ-ЭКОНОМИКАЛЫК ТЕХНИКУМУ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо боюнча бирдиктүү окуу-илимий комплексин түзүү максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** “А.Токтоналиев атындагы Бишкек финансы-экономикалык техникуму” мекемеси тиешелүү штаты жана материалдык-техникалык базасы менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин карамагына өткөрүп берүү менен Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин карамагынан чыгарылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:

1) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн мекеменин уставын бекитсин;

2) ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**3.** А.Токтоналиев атындагы Бишкек финансы-экономикалык техникуму:

1) белгиленген тартипте мекемени юстиция органдарында мамлекеттик кайра каттоону жүргүзсүн;

2) окуу процессин уюштурууну жана абитуриенттерди өз убагында кабыл алууну камсыз кылсын;

3) белгиленген тартипте билим берүү ишин жүзөгө ашырууга берилген лицензияны жана аккредитациялоо боюнча документтерди кайра тариздесин;

4) ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**4.** Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги белгиленген тартипте билим берүү ишин жүзөгө ашырууга лицензияны жана аккредитациялоо боюнча документтерди кайра тариздөөгө көмөк көрсөтсүн.

**5**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 24-сентябры, №611***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 16-ДЕКАБРЫНДАГЫ №702 “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧЕТ МАМЛЕКЕТТЕРДЕГИ СООДА ӨКҮЛЧҮЛҮКТӨРҮ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттердеги соода өкүлчүлүктөрүнүн натыйжалуу иштешин камсыз кылуу, ошондой эле администрациялык жана финансылык маселелерди тартипке келтирүү максатында, “Тышкы соода ишин мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесине, “Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызматы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1**. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы №702 “Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттердеги соода өкүлчүлүктөрү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) төмөнкүдөй мазмундагы $6^1$-пункт менен толукталсын:

“$6^1$. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттердеги соода өкүлчүлүктөрүнө Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги менен макулдашуу боюнча келген өлкөдө офистик жайларды ижарага алууга уруксат берилсин.”;

2) 8-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 3-пунктча менен толукталсын:

“3) Түркия Республикасындагы Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Кыргыз Республикасынын соода өкүлүнүн офистик жайына 2023-жылдын сентябрынан тартып ай сайын ижара акысын төлөөнү тиешелүү жылга бекитилген бюджеттик каражаттардын чегинде камсыз кылсын.”;

3) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттердеги соода өкүлчүлүктөрүн уюштуруу тартибинде:

– 8-пункт төмөнкүдөй мазмундагы он төртүнчү абзац менен толукталсын:

“– келген өлкөдө мамлекеттин менчигинде турган соода павильондорунун/үйлөрүнүн ишин уюштуруу жана зарылдыгына жараша алардын иштешине контролду жүзөгө ашыруу.”;

– 30-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“30. Соода өкүлчүлүктөрү контракт түзүүдө тышкы экономикалык иштин субъекттери менен макулдашуу боюнча көмөк көрсөтүүдөн атайын эсепке түшүүчү төмөнкүдөй өлчөмдөгү комиссияны белгилей алат:”;

– 31, 32-пункттар күчүн жоготту деп таанылсын.

**2**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 24-сентябры, №612***

## 2024-ЖЫЛГА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТИНИН АТКАРЫЛЫШЫНА ЖҮРГҮЗҮЛГӨН АУДИТ ТУУРАЛУУ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫНЫН ОТЧЕТУНДА КӨРСӨТҮЛГӨН, АНЫКТАЛГАН БУЗУУЛАРДЫ ЖАНА КЕМЧИЛИКТЕРДИ ЧЕТТЕТҮҮ БОЮНЧА ИШ-ЧАРАЛАР ПЛАНЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

2024-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудит тууралуу Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын отчетунда көрсөтүлгөн бузууларды жана кемчиликтерди четтетүү максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 116-беренесинин 5-бөлүгүнө, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2024-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудит тууралуу Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын отчету эске алынсын.

**2.** 2024-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудит тууралуу Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын отчетунда көрсөтүлгөн, аныкталган бузууларды жана кемчиликтерди четтетүү боюнча иш-чаралар планы тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3**. Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары:

1) 2024-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына аудит жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан аныкталган бузууларды жана кемчиликтерди четтетсин;

2) 2024-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетин аткарууда бузууларга жана кемчиликтерге жана өткөн жылдардагы аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын жана сунуштарын аткарбоого жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилигин карасын;

3) 2024-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын жана сунуштарын аткаруу боюнча ведомстволук иш-чаралар планын иштеп чыксын, бекитсин;

4) квартал сайын отчеттук мезгилден кийинки айдын 15инен кечиктирбестен 2024-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудит тууралуу Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын отчетунда көрсөтүлгөн, аныкталган бузууларды жана кемчиликтерди четтетүү боюнча иш-чаралар планын аткаруу боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына берип турсун;

5) квартал сайын отчеттук мезгилден кийинки айдын 15инен кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын жана сунуштарын аткаруу боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасына берип турсун.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 24-сентябры, №613***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 30-АПРЕЛИНДЕГИ №240 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТТЫК ЖАНА НӨӨМӨТТҮК АВТОТРАНСПОРТУН ПАЙДАЛАНУУНУ ТАРТИПКЕ КЕЛТИРҮҮ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Бюджеттик каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

4-пункттун төртүнчү абзацы "2000000 сомдон ашпаган" деген сөздөрдөн кийин "же атайын эсептин каражаттарынын эсебинен 5000000 сомго чейин" деген сөздөр менен толукталсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыялanууга тийиш жана 2025-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 26-сентябры, №620***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 15-НОЯБРЫНДАГЫ №264 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТКАРУУ БИЙЛИГИНИН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАШКА МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН, АНЫН ИЧИНДЕ ТЕХНИКАЛЫК ЖАНА ТЕЙЛӨӨЧҮ ПЕРСОНАЛЫНЫН ШТАТТЫК САНЫНЫН ЧЕГИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде:

– 5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5 | 1) 2025-жылдын 1-августунан тартып | | |
| | Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги | 6252 | 770 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппараты | 136 | 40 |
| | аймактык бөлүмдөрү | 3963 | 216 |
| | ведомстволук бөлүмдөрү | 2153 | 514 |
| | 2) 2025-жылдын 1-ноябрынан тартып | | |
| | Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги | 6270 | 770 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппараты | 136 | 40 |
| | аймактык бөлүмдөрү | 3963 | 216 |
| | ведомстволук бөлүмдөрү | 2171 | 514 |

".

**2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги "Кыргыз Республикасынын 2025-жылга жана 2026–2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгууда, ошондой эле кийинки жылдарга республикалык бюджетти түзүүдө ушул токтомдон келип чыгуучу өзгөртүүлөрдү карасын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыялanууга тийиш жана 2025-жылдын 1-августунан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 26-сентябры, №621***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2016-ЖЫЛДЫН 11-АПРЕЛИНДЕГИ №201 "КООМДУК САЛАМАТТЫК САКТОО ЖААТЫНДАГЫ АКТЫЛАРДЫ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Жер мунапысынын маселелерин чечүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 "Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтомдун 3-тиркемесинде:

– 66-пункттун 1-таблицасы төмөнкүдөй мазмундагы эскертүү менен толукталсын:

"Эскертүү: Бишкек шаарынын "Үмүт" турак жай конушунда жайгашкан жер участокторуна жер мунапысынын алкагында менчик укугун берүү маселелерин кароодо канализациялык тазалоочу курулмалардын түштүк тарабынан СКЗнын өлчөмү тазалоочу курулмалардын өндүрүмдүүлүгүнө карабастан 250 метрден кем эмес өлчөмдө белгиленет.";

2) жогоруда аталган токтомдун 22-тиркемесинде:

– 191-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Өзүм билемдик менен көрүстөндөргө жакын курулган жеке турак үйлөргө карата санитардык-коргоо зонасы 10 метрден кем эмес өлчөмдө белгиленет.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 26-сентябры, №622***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОШ ОБЛУСУНУН КАРА-СУУ РАЙОНУНУН МАНАС АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕСИН "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "ӨНӨР ЖАЙДЫН, ТРАНСПОРТТУН, БАЙЛАНЫШТЫН, ЭНЕРГЕТИКАНЫН, КОРГООНУН ЖЕРЛЕРИ ЖАНА БАШКА БАГЫТТАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун Манас айыл аймагында "Ош" эл аралык аэропортунун инфраструктурасын кеңейтүү жана аэронавигациялык мунараны куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, "Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин экинчи бөлүгүнүн 9-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2025-жылдын 5-августундагы №01-39/2898 корутундусун, Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 30-июлундагы №23-120 токтомун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун Манас айыл аймагынын Зарбдор айылындагы № 138 (0,80 га), №143 (0,76 га) контурларда жайгашкан, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин алдындагы "Кыргызаэронавигация" мамлекеттик ишканасынын менчигинде турган жалпы аянты 1,56 га сугат айдоо жер тилкеси "Ош" эл аралык аэропортунун инфраструктурасын кеңейтүү жана аэронавигациялык мунараны куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргоонун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2.** Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

2) Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинин шаар куруу документтерин иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

3) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинин аянтын калыбына келтирүүнү, асылдуулугу төмөн жерлерге талдоо жүргүзүүнү жана аларды айыл чарба жүгүртүүсүнө киргизүүнү;

4) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин максаттуу багыты боюнча пайдаланууну;

5) Кыргыз Республикасынын айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы мыйзамдарына ылайык чарбалык жана башка иштерди жүзөгө ашырууда экологиялык талаптарды аткарууну;

6) жамгырдын жана эриген кардын сууларын коопсуз буруу системасынын иштөөсүн, башкы пландагы жер титирөөгө каршы иш-чараларды жана тиешелүү аймактагы кооптуу процесстерге жана кубулуштарга мониторинг жүргүзүү, божомолдоо боюнча колдонмону сактоону;

7) жер тилкеси пайдаланылбаган же максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жер тилкесинин менчик ээлерине карата көрсөтүлгөн жер тилкесин баштапкы абалга келтирүү менен аны алып коюуну караган чараларды көрүүнү;

8) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинде тарыхый-маданий мурас объекттери табылган учурда аларды Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык сактоону;

9) Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарында белгиленген ченемдерге ылайык айыл чарба жана токой чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайдасынын ордун толтуруу наркынын суммасын төлөөнү.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 25-сентябры, №617***

## "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК ЖӨЛӨКПУЛДАР ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫН ИШКЕ АШЫРУУ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Бийик тоолуу жана алыскы жетүүгө кыйын зоналарда, өзгөчө статусу бар айрым чек арага чектеш аймактарда жайгашкан калктуу конуштарда жашаган жана 3 жашка чейинки балдары бар жарандарга (үй-бүлөлөргө) кошумча мамлекеттик колдоо көрсөтүү максатында, "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин 5-бөлүгүнө, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** "Бийик тоолуу аймактардын жашоочуларына көмөк" ар айлык жөлөкпулун берүү тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Бийик тоолуу жана алыскы жетүүгө кыйын зоналарда, өзгөчө статусу бар айрым чек арага чектеш аймактарда жайгашкан калктуу конуштарда жашаган жарандарга (үй-бүлөлөргө) үчүнчү жана андан кийинки ар бир бала төрөлгөндөн баштап алар 3 жашка чыкканга чейин берилүүчү "бийик тоолуу аймактардын жашоочуларына көмөк" ар айлык жөлөкпулунун (мындан ары – "бийик тоолуу аймактардын жашоочуларына көмөк" ар айлык жөлөкпулу) өлчөмү 3000 (үч миң) сом суммасында белгиленсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-июнундагы №307 "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөөгө кайрылуу тартиби жана мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөө тартиби жөнүндө жободо:

– 1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. Мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөөгө кайрылуу тартиби жана мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөө тартиби жөнүндө ушул жобо (мындан ары – Жобо) бала төрөлгөндө "балага сүйүнчү" бир жолку төлөмүнөн, "бийик тоолуу аймактардын жашоочуларына көмөк" ар айлык жөлөкпулунан тышкары, мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөөгө кайрылуу жана аларды чектөө тартибин аныктайт, ошондой эле бала төрөлгөндө "балага сүйүнчү" бир жолку төлөмүнөн, "бийик тоолуу аймактардын жашоочуларына көмөк" ар айлык жөлөкпулунан тышкары, Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган жана мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөөгө кайрылган адамдарга, ошондой эле "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык мамлекеттик жөлөкпулдар чектелген адамдарга мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөө үчүн документтердин тизмегин белгилейт.".

**4.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги белгиленген тартипте республикалык бюджеттен "бийик тоолуу аймактардын жашоочуларына көмөк" ар айлык жөлөкпулун өз убагында төлөө үчүн акча каражаттарын бөлсүн.

**5.** Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги бул токтомду ишке ашыруу боюнча зарыл болгон чараларды көрсүн.

**6**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланууга тийиш жана 2026-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 27-сентябры, №623***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН ЖАРАНДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ШАЙЛОО ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ БОРБОРУ ЖӨНҮНДӨ” 2021-ЖЫЛДЫН 1-ИЮЛУНДАГЫ №592 ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

“Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8, 13-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 86 жана 87-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борбору жөнүндө” 2021-жылдын 1-июлундагы №592 токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борбору жөнүндөгү уставда:

– 1-пунктта “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы” деген сөздөрдөн кийин “(мындан ары - Борбордук шайлоо комиссиясы)” деген сөздөр менен толукталсын;

– Уставдын бүткүл тексти боюнча ар түрдүү жөндөмө формаларындагы “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы” деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү “Борбордук шайлоо комиссиясы” деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 8-пунктта “БШКнын” деген сөздөр “Борбордук шайлоо комиссиясынын” деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 16-пункттун сегизинчи жана тогузунчу абзацтары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“– Жарандык билим берүү борборунун уюштуруу түзүмүн жана штаттык расписаниесин Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы менен макулдашуу боюнча бекитет жана өзгөртөт;

– Жарандык билим берүү борборунун кызматкерлерин Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы менен макулдашуу боюнча эмгек келишими боюнча кабыл алат жана иштен бошотот.” ;

– 19-пункттун экинчи абзацында “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын бюджетинде” деген сөздөр “Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинде” деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 22-пункт төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

“Жарандык билим берүү борбору жыл сайын Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасына өзүнүн ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат, бюджеттик жана бюджеттен тышкары каржылоо булактары жана алардын сарпталышы тууралуу отчет берет.”;

**2.** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борборунун директору Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борборун мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүүнү ишке ашырсын.

**3.** Ушул токтом “Эркин-Тоо” гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С.Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 19-сентябры, №77***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН НАРЫН ОБЛУСУНУН ЖУМГАЛ РАЙОНУНДАГЫ №4115 ЖАНА КОЧКОР РАЙОНУНДАГЫ №4138 ШАЙЛОО УЧАСТКАЛАРЫНЫН ДАРЕКТЕРИН ӨЗГӨРТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13-1-беренесин, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесин жетекчиликке алып, “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Жумгал районунун Чаек айыл аймагындагы №4115 шайлоо участогунун дареги Э.Матыев көчөсү, 2 дарегинен Э.Матыев көчөсү, 45 Чаек айыл өкмөттүн имаратына өзгөртүлсүн.

**2.** Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Кочкор районунун Ормон-Хан айыл аймагындагы №4138 шайлоо участогунун дареги  Теңдик айылынын Т.Усубалиев көчөсү, 30 дарегинде жайгашкан үрөөнчүлүк чарбасынын имаратынан Кочкор айылынын С. Алиев көчөсү, 103 дарегинде жайгашкан Калыгул Бай уулу атындагы орто мектебинин имаратына өзгөртүлсүн.

**3.** Жумгал аймактык шайлоо комиссиясы Чаек айыл өкмөтү менен биргеликте, Кочкор аймактык шайлоо комиссиясы Ормон-Хан айыл өкмөтү менен биргеликте шайлоочулардын арасында шайлоо участкасынын дареги өзгөртүлгөндүгү тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн.

**4.** Бул токтом “Эркин-Тоо” гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 26-сентябры, №80***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЭЭ БИР АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН РЕЗЕРВДЕРИН ТОЛУКТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

“Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесин, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2019-жылдын 6-декабрындагы №176 токтому менен бекитилген Шайлоо комиссияларын түзүү, таркатуу жана шайлоо комиссияларынын резервин түзүү, жүргүзүү тартиби жөнүндө жобого, аймактык шайлоо комиссияларынын резервине келип түшкөн документтерди кароо боюнча жумушчу топтун 2025-жылдын 24-сентябрындагы №2 чечимин жетекчиликке алып, “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Ош, Араван, Сузак, Ноокен, Базар-Коргон жана Жети-Өгүз аймактык шайлоо комиссияларынын резервдерине саясий партиядан көрсөтүлгөн талапкерлер 1-тиркемеге ылайык киргизилсин.

**2.** Ош, Кадамжай, Алай, Кара-Суу, Өзгөн, Ноокат, Аксы, Ала-Бука, Сузак, Жалал-Абад, Ноокен, Чаткал, Тогуз-Торо, Жети-Өгүз, Тоң, Түп, Жумгал, Нарын, Бакай-Ата, Талас шаардык, Талас, Жайыл, Ысык-Ата, Кемин, Токмок жана Кант аймактык шайлоо комиссияларынын резервдерине жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын талапкерлери 2-тиркемеге ылайык киргизилсин.

**3.** Бул токтом “Эркин-Тоо” гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 26-сентябры, №81***

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 26-сентябрындагы №81 токтомуна 1-тиркеме*

**Ош шаары**

Ош аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген саясий партиялардын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Калилова Фарида Сыдыковна | "Тилектештик" саясий партиясы |

**Ош облусу**

Араван аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген саясий партиялардын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Омурзаков Розибай Гайипович | "Мурас" саясий партиясы |

**Жалал-Абад облусу**

Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген саясий партиялардын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Рустамбек уулу Майрамбек | "Эмгек" саясий партиясы |

Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген саясий партиялардын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Жумабаева Нурзат Бахадыровна | "Ата-Журт Кыргызстан" саясий партиясы |

Ноокен аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген саясий партиялардын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Жекеева Нурзида Эркинбековна | "Бирге-Вместе" саясий партиясы |

**Ысык-Көл облусу**

Жети-Өгүз аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген саясий партиялардын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Малаев Каныбек Жумалиевич | "Эл үмүтү" саясий партиясы |
| 2. | Кутунаев Муратбек Борсукович | "Социал-демократтар" саясий партиясы |

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 26-сентябрындагы №81 токтомуна 2-тиркеме*

**Ош шаары**

Ош аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Кадырбек кызы Нуркыз | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Тойчуев Заравшанбек Жакыпбекович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3. | Нурбаев Эрмек Адлбекович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 4. | Мамаев Абдилазиз Абдырахманович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 5. | Абдыразаков Эркинбек | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 6. | Мамиров Сохибжон Саипович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

*(Уландысы 14-бетте)*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

*(Башталышы 13-бетте)*

**Баткен облусу**

Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Жунусов Байыш Жуманалиевич | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Артыкова Кундуз Шералиевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3. | Гыламидин кызы Гулбарчын | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 4. | Ганиев Орозбек Рахимович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 5. | Максидов Мурадыл Токтоматович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 6. | Салимов Кахрамонжон Ганижон угли | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

**Жалал-Абад облусу**

Аксы аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Сүйүнбаева Толгонай Токтогуловна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Акматова Гүльназ Мырзамуратовна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3. | Кенжебаева Перизат Канатбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 4. | Асыранова Акинай Бабатаевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 5. | Орозалы кызы Дамира | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 6. | Аманбаев Нуралы Темиркулович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 7. | Адылбекова Венера Молтоевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 8. | Баялы уулу Куштарбек | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

Ала-Бука аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Атамкулова Гүлмира Таштанбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Ташибек кызы Жылдызкан | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3. | Иманбекова Гүлжамал Тиленбаевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 4. | Жолоева Динара Жолоевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 5. | Давлеталы уулу Жумабек | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Калбаев Каныбек Аширбекович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Сыдыкбекова Гулушман Темирбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3. | Шамшиева Миргул Салайдиновна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

Жалал-Абад аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Рахматиллаев Данил Гульдарбекович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Маматова Камила Мухамедовна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

Ноокен аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Төлөнов Тасмабек Асанович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Меңдибай кызы Кенжегүл | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3. | Байгазиева Бегим Маматалиевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 4. | Казыгулова Чолпонай Телтаевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 5. | Садырова Таттыгүл Маматкаримовна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 6. | Абдырасулов Бекаман Абдырасулович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 7. | Бурканов Уланычбек Арапбаевич | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

Тогуз-Торо аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Келгенбаев Уланбек Жыргалбекович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Атыкулова Кундуз Чынарбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3. | Саадабаева Жеринди Токтомушевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 4. | Токтогулова Жаңылай Жоробековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 5. | Токтобекова Гүлкайыр Бообековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

Чаткал аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Эрназарова Гүлшайыр Дүйшөналиевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Эшкараева Нургүл Наралиевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3. | Козонова Жумаида Абдибалиевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 4. | Сатимбай уулу Нурбек | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 5. | Төрөбеков Бузурманкул Ажыканович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

**Ош облусу**

Алай аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Матиев Суксуркан Маматкадыровна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Жунусов Элдияр Эсенаалыевич | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Абдыкапар уулу Кадырбек | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3. | Абсатарова Айзада Жоробековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

Ноокат аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Топчубаева Данакан Абдыраимовна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Турдуев Жоомарт Ибайдилаевич | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3. | Кулушова Бактыгүл Адановна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 4. | Садирова Гүлмира Сайтбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 5. | Омурзаков Таалайбек Тажибаевич | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 6. | Турдубаева Нурия Куштарбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 7. | Жеңишбеков Мунарбек Жеңишбекович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 8. | Надиров Толкунбек Таканаевич | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 9. | Сыдыкова Алипа Бегалиевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 10. | Саттаров Равшанбек Расулжанович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 11. | Данияр кызы Нуризат | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 12. | Зайланова Шахноза Шарабидиновна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Сулайманов Нурмамат | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Кожоева Махабат Мамадеминовна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

*(Уландысы 15-бетте)*

(Башталышы 14-бетте)

| | | |
|---|---|---|
| 3. | Айткулов Мурадил Мамажунусович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 4. | Самиева Сатина Маматовна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 5. | Чыйбылова Астра Аширалиевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 6. | Авытов Кубанычбек Алимкулович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 7. | Капарова Нуржамал Сарыбашовна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 8. | Темиров Мирбек Алипбекович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 9. | Орозбаев Аман Адылович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 10. | Тынай уулу Бакыт | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

## Ысык-Көл облусу

Жети-Өгүз аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Мукамбетов Эрлан Амантурович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Жоломан уулу Максат | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3. | Кекебаева Гүлзат Эркиновна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 4. | Жамансариев Таалайбек Токтогулович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

Тоң аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Аламанова Айжан Талгарбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Бекжанова Эльзат Тилековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3. | Кенжебаев Камчыбек Омурович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 4. | Качкынова Кундуз Рыскулбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 5. | Качкынова Назгуль Сарыгуловна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 6. | Асанов Бекжан Шаттыкович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 7. | Ниязбеков Бекжан Таалайбекович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

Түп аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Абдылдаева Айнаш Муканбеткалиевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Эшмамбетова Гүлбайрам | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3. | Тагаева Венера Болотбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 4. | Турусбекова Нурайым Каныбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 5. | Эсентурова Элнура Эсентуровна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 6. | Тагаева Махабат Афтандиловна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

## Нарын облусу

Жумгал аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Ажибаева Индира Сагыналиевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Апселова Махабат Жолдошбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3. | Бөлөкбаева Гүлсайра Маданбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 4. | Шыгаева Фарида Күрүчбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

Нарын аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Асеков Курманбек | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Жумагазиева Гүлкайыр Жолдошбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3. | Урбаева Сыягүл Уркасымовна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

## Талас облусу

Талас шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Шукиев Анарбек Шукиевич | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Карабаева Жаныкан Рахмадилдеевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3. | Момукулова Жазгүл Сейитбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Озубекова Миржан Идрисовна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Дюшеева Бермет Мамбеткуловна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3. | Качиева Нураида Каныбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 4. | Ташибекова Сейнегул Берембаевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 5 | Керимбаева Адила Аманбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 6. | Майлыбаева Рахат Беделбаевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

Талас аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Абылаева Динара Рыспековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Джумашева Аймира Райымбердиевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3. | Баймуратова Нурсада Сардарбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 4. | Аттокурова Айнагуль Манасбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 5. | Арыкбаева Гульзана Курманбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 6. | Омушов Баатырбек Курманбекович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

## Чүй облусу

Жайыл аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Бузурманкул кызы Назгуль | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Ажыгулов Муса Жекшенбекович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3. | Джунушалиева Жылдыз Талиповна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 4. | Нур кызы Назира | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

Токмок аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Султанова Нурзада Бактыбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Турдукожоев Канатбек Кубанычбекович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

Кант аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Мадиярова Мээрим Кадыркуловна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Манапова Айнура Орузбаевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

Ысык-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Думанаева Каныкей Кенешбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2. | Асанова Бермет Джумабековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3. | Абирова Айжан Саатбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 4. | Койчукеева Анара Базарбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

Кемин аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Аты-жөнү. Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1. | Омуркулова Багдагул Зарлыковна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

АЙМАК ӨНҮКСӨ – МАМЛЕКЕТ ӨНҮГӨТ

## Айтматов районундагы Кара
## өкмөтүнүн башчысы Болот С

# “МАКСАТЫ
# ДЫЙКАНДА
# МЭЭНЕТ
# АКТОО

***Айтматов районундагы Кара-Буура айыл өкмөтү Талас облусундагы эң ири айыл өкмөттөрдүн бири. Айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсүн, калктын жашоо-шартынын жакшырышын камсыздап, мамлекетибиздин гүлдөп өсүүсү үчүн чын ыкласынан кызмат өтөгүсү келген инсандарыбыздын сап башында келе жаткан Стамкулов Болот Музулумович ушул аймакты жетектейт. Аталган райондо болуп, Болот Музулумовичтин жетекчилиги алдында Кара-Буура айыл өкмөтүндөгү жасалып жаткан ийгиликтер, алдыдагы жаңы милдеттер, жергиликтүү кеңештин жасап жаткан урунттуу аракеттери тууралуу кабардар болдук. Айыл өкмөттүн башчысы Болот Стамкулов учурда күрдөөлдүү күздөгү түмөн түйшүктөрү менен алек. Ар бир аткан таңдын батканына чейинки убакыттар дагы көз ачып жумганга чейинки мезгил сымал жебедей сызып өтүүдө. Анткени, иш болгон жерде убакыттын өткөнү билинбей, адамзат жашоосунун алга карай өнүгүп, жакшырууусуна багытталган аракеттер арбын болуп, анын натыйжалары тез эле көрүнүүдө. Болот Музулумович менен болгон баарлашуубузда аймактагы элдин жашоо-шарттары, үмүт-тилектеринин ишке ашуусу, эртеңки бакубат жашоо үчүн көрүлүп жаткан аракеттер тууралуу сөз болду.***



**МАЕКТЕШ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ:**

*Ар бир районду ак эмгеги менен зор кадыр-барк күтүп, чексиз урмат сыйга ээ болгон инсандар элинин зор сыймыгы. Алардын бири Айтматов районундагы Кара-Буура айыл өкмөтүнүн башчысы Стамкулов Болот Музулумович. Ал бир нече сыйлыктардын ээси, салык кызматынын жана айыл чарба кызматынын, муниципалдык кызматтын отличниги төш белгилеринин ээси. Болот Стамкулов ушул райондогу Көк-Сай айыл өкмөтүн бир нече жыл жетектеп келди. Ротациялоо жолу менен Кара-Буура айыл аймагына которулуп келгенине 3 жылдын жүзү болду. Болот Музулумович учурда Ата Журттун түмөн түйшүктүү ары сыймыктуу, жоопкерчиликтүү милдеттери менен алек болууда.*

**- Болот Музулумович, калкты таза суу менен камсыз кылуу бардык жерде эле маселе жаратып келатканы чындык. Мына ушул таза сууну элге жеткирүү, эл-журттун жашоосун жакшыртуу үчүн кандай иштер менен алек болуп жатасыздар?**

- Азыр ар бир үй-бүлө, ар бир адам заман талабына жараша мыкты жашап, сапаттуу өмүр сүрүү үчүн өздөрү аракеттерди жасап, мамлекет тарабынан көрүлө турган жардам, колдоо көрсөтүүлөрдү сезе башташты. Ал эми айыл өкмөтүнүн администрациясы калктын ишенимдерин актоо үчүн болгон мүмкүнчүлүгүбүздү пайдаланып келатабыз. Аймактагы ар бир айылдын көчөсүнө, ар бир үйдүн короосуна таза суу киргизүү үчүн мамлекеттик чоңчоң программалар менен иштеп, иштер колго алынууда. Мурдагы жылкы, быйылкы жылдардан калган иштерибизди улантып, аягына чыгалы деп ийгиликтүү иштеп жатабыз. Маселен, Айтматов районундагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн карамагындагы таза суу булактарын бирге пайдалануу боюнча иш алып барылууда. Мунун натыйжасында биздин Бакыян айылыбызды толугу менен таза суу менен камсыз кылуунун өбөлгөсү түзүлүп, жалпысынан 35 млн сомдук иш кагаздары даяр болду. Буйруса иш башталып, чоң долбоорду ийгиликтүү ишке ашырабыз. Ушул долбоорду ишке ашырууга КР Президентинин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эрмат Жумаев Талас облусун өнүктүрүү фондусунан каражат бөлүп берүүгө убада берген. Эми каражатыбыз бөлүнүп калса, алдыбызга максат кылып койгон көп иштерибизди бүтүрө баштайбыз. Андан тышкары, ушул Бакыян айылында атайын сүрөөнчүлөрдүн жардамы менен 50 орундуу бала бакча курулат. Бала бакчанын архитектуралык долбоорлору, смета документтери даяр болуп, учурда иш башталаар алдында турат.

Ошону менен катар аймагыбыздагы Бейшеке айылындагы калкты таза суу менен камсыз кылуу үчүн көптөгөн аракеттерди жасап жатабыз. Ал жерден өзү агып келген сууга скважинадан кошолу деп тазалоо иштерин жүргүздүк. Насосторду иштетүү үчүн атайын бюджеттен миллион сом бөлдүк. Жалпысынан 1,5 млн сомду түзгөн ушул долбоорубуз дагы иш жүзүнө ашканы турат. Мурунку Молотов, азыркы Кара-Буура айылында дагы таза суу тартыштыгы жаралып, ал аймакта тазалоо иштерин баштаганы турабыз. Ал долбоорду ишке ашырууга 850 миң сом бөлүндү. Райондун борбору Кызыл-Адыр айылында дагы калкты таза суу менен камсыз кылуу иштери кызуу жүрүп жатат. Талас облусун өнүктүрүү фондусунан район борборун таза суу менен камсыз кылуу үчүн 25 млн сом бөлүнүп берилген. Азыр жерди казуу, таза суу чыгаруу иштери башталды. Бир-эки айдан кийин бул иш толугу менен аяктайт.

**- Азыр бардык жерде ички жана эл аралык жолдордун абалдары жакшырууда. Сиздердин аймакта райондун борбору жана негизги трассалар орун алгандыктан, бул багытта абдан көп иштер жасалып жатса керек?**

- Ооба, азыр биздин аймакта республикалык бюджеттин эсебинен жолдор салынып, эскирип, жыртылып-тешилип калган жолдор жаңыланууда. Айтматов районунун аймагына чейинки бизге тиешелүү жолдордун бардыгы оңдолуп, кайра жасалып, салынып бүттү. Ошону менен катар ошол жол боюн жээктеп түнкү чырактар орнотулуп, элибиз үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлдү. Бакыян айылында кыргыз элинин баалуулуктарын даңазалаган эски үй-музей бар эле. Жергиликтүү бюджеттин эсебинен 500 миң сом бөлүп берип, ал музейди дагы толук оңдоп чыктык. Жогоруда сөз кылып кеткен Кара-Буура айылына бара жаткан чоң жолдун 350 метр аралыгы оңдолуп, асфальт төшөлдү. Бул иш жыл башында болуп өткөн коомдук угуу иш-чарасына катышкан аксакалдардын өтүнүчтөрү менен



-Буура айыл
СТАМКУЛОВ:

# БЫЗ –
# РДЫН
# ИН
# ͻ”



жасалды. Азыркы күндө аймагыбыздагы тогуз айылдын көчөлөрүнө кум-шагылдарды төгүп, тегиздеп берип жатабыз. Кантсе да, айыл аймагыбыз райондун борборунда жайгашкан эмеспи, ошондуктан, Кызыл-Адыр айылында жолдорду оңдоо иштери чоң масштабда жүрүп жатат. Ошону менен бирге ички жолдорду оңдоо боюнча иштер колго алынууда. Жалпысынан айтканда 4 км 800 метр аралыктагы жол асфальтталып, анын ичинен Чоң-Кара-Буура айылына 1 чакырым, Кара-Буура айылына 350 метр асфальт төшөлдү. Кызыл-Адыр айылында 850 миң сомго жол боюна лотоктор коюлуп, асфальт бастырылды.

**- Айыл аймагын жашылдандыруу, көрктөндүрүү боюнча кандай иштер жүрүп жатат?**

- Жашылдандыруу, көрктөндүрүү иштери биздин аймакта жеткиликтүү деңгээлде жүрүп жатат. Коомдук жайлардын, кеңселердин, мектептин, бала бакчалардын аймагын жашылдандыруу үчүн биз жергиликтүү бюджеттен каражаттарды бөлүп бергенбиз. Андан тышкары эл аралык уюмдар, атайын сүрөөнчүлүк кылган мекеме-уюмдар менен иштешип, кошумча каражаттарды жетишээрлик деңгээлде топтоп алып, талаптагыдай иштеп жатабыз. АРИС, СТИМГРАНТ уюмдары менен иштеп, инвестицияларды тартып келүүдөбүз. Ералхан Абилдаев атындагы сейил бак биздин аймагыбызда жайгашкан. Ал бактагы мурунку ак кайыңдарды, балатыларды эскирип кеткендигине байланыштуу алып салып, тез арада кайрадан жашылдандырып, жаңыларын отургуздук. Ал жерди заманбап жашылдандыруу үчүн 3 млн 500 миң сомго ийне жалбырактуу карагай-кайыңдардын, балатылардын көчөттөрүн отургуздук. Эми жылдын аягына чейин жаш балдардын, улгайган адамдардын эс алуулары үчүн шарттарды түзүп, тротуарларды, отургучтарды жасап, балдар ойноочу аянтчаларды орнотобуз. Ошондой эле Талас облусунда ишмердүүлүгүн жүргүзгөн "Алтын Альянс" компаниясынан аймагыбыздагы тарыхта аты калган инсандардын айкелинин тегерегине таман таш төшөө үчүн иреттеп, гүлдөрдү отургузуу үчүн млн сом бөлдүрүп алганбыз.

**- Билим берүү мекемелеринин абалы кандай? Талапка жооп береби?**

- Аймакта билим берүү тармагынын имараттарын талаптагыдай шартта кармап туруу үчүн максаттуу иштер алып барылууда. Айыл аймагындагы Курманбеков атындагы орто мектебинин спорт залынын полунун тактайларын 450 миң сомго толугу менен алмаштырып бүттүк. Андан тышкары 420 миң сомго Акылбеков атындагы орто мектеби оңдолуп бүттү. Үч-Булак айылындагы Сулайманов атындагы орто мектепте Стимгранттан 3,5 млн сом менен каржыланып, жылытуу системасы орнотулуп жатат. Кызыл-Адыр айылындагы Манас орто мектебине дагы 3 млн 80 миң сомго жылытуу тутумдары орнотулууда. Ушундай эле суммадагы акча каражатына ушул мектептин полунун тактайлары алмаштырылды. Субанбеков атындагы орто мектептин спорт залынын терезелерин 500 миң сомго алмаштырып бердик. Шейшенбек уулу Мелис атындагы бала бакчанын кошумча имараты үчүн 6 млн 500 миң сом жумшалууда. Республикалык бюджеттин эсебинен 140 орундуу бакчаны куруу планы титулдук баракчабызга киргизилди. 50 орундуу эки бала бакча учурда облус жетекчисинин колдоосу менен курулуп жатат. Анын бири Бакыян айылында, бири Кызыл-Адыр айылындагы жаңы конушка курулууда. Биз жалпысынан бала бакчаларды, мектептерди капиталдык оңдоодон өткөрүп бүттүк. Кызыл-Адыр айылында 3 мектеп, 3 бала бакча бар эле. Азыр 2 мектеп менен бир бала бакчаны оңдоо иштерине байланыштуу облус жетекчилигине кайрылганбыз. Мектептерибиз 6 млн сом бекитилүү менен колдоо тапса, бала бакчабыз 27 млн сом менен өткөрүлдү. Буйруса, ушул даярдап, облус жетекчилигине өткөргөн өтүнүчтөрүбүз келерки жылы каралып, иш жүзүнө ашмакчы. Биз жалпысынан 10 долбоор өткөрсөк, алардын үчөөсү өттү. Аймагыбыздагы имараттардан чыккан саркынды суулар боюнча маселелер абдан көп эле. Капиталдык салымдардын жардамы менен аны долбоорлоо иштерин бүтүрдүк. Азыр ал экспертизалоодо турат. Ушул мен сөз кылып жаткан аракеттерибиз аймактарды өнүктүрүү багытындагы долбоорлордун каражаттарына өзүбүздүн салымдарыбызды кошуу менен жасалып жатат. Анан эми бала бакчанын кошумча имаратын курууда, документтери даяр болбой бир аз кармалып жатабыз. Жакынкы мезгилдерде курулуш иштерин улантып аягына чыгабыз. Андан сырткары Кызыл-Адыр айылындагы "Бүчүр" бала бакчасына 900 миң сомго таман таш төшөө иштери улантылууда.

**- Учурда таштандылар маселесин кандайча чечип жатасыздар?**

- Азыр таштандылар чоң маселеге айланып, түйшүктөр арбыды. Жергиликтүү бюджеттен 980 миң сом бөлдүрүп, таштандылар төгүлгөн аймакты тегерете курчап алдык. Ал жерге видео-байкоо аппаратын орнотуп, атайын күзөтчү койгонбуз. Аймагыбыздын жашоочулары менен таштандылардан арылуу үчүн көптөгөн түшүндүрүү иштерин жүргүзүп жатабыз. Ар бир түтүндөн таштанды үчүн 160 сом чогултуу керек болсо, айыл өкмөттүн карамагындагы муниципалдык ишкана субсидия кылып элден 50 сомдон чогултуп жатат. Калган 110 сомду биз жергиликтүү бюджеттен төлөп беребиз. Ишканада иштеген кызматкерлердин айлык акыларын төлөй албай кыйналып жаткандыгыбызга байланыштуу ушул ыкмага өттүк. Аймагыбыздагы эл көп болгон жерлерге таштанды бактарын коюп таза кармоо үчүн көп аракеттерди жумшап жатабыз.

**- Айыл чарбасын өнүктүрүү жагы кандай болууда?**

- Азыр дыйкандарыбыз өздөрүнүн тиричиликтерин өздөрү жасап жатышат. Элибиз негизинен кой, уй, жылкы багышат. Аймагыбызда асыл тукум жылкылар, "Арашан" породасындагы койлорубуз, "Ангус" породасындагы уйларыбыз багылууда. Аймагыбызда 2 сүт заводу бар. Бир сүт заводубуздун "Эмилия" деген чарбасын Жандар мырза жетектеп, үзүрлүү иштеп, аймагыбыздын өнүктүрүүдө зор салым кошуп жатышат. Алар өздөрү дагы уй багышат. Андан башка аймак жашоочуларынан сүттөрдү сатып алышат. Алар ЕврАзЭС долбоорунун алкагында иштеп жатышат. Ишкерлерди колдоо максатында, жеңилдик кылып ФПСтин жерлеринен арендага берип жатабыз.

Кызыл-Адыр аймагындагы чоң базарды башка жакка көчүргөнбүз. Ошол жаңы базардын жанына дагы 5 гектар аянт жерди трансформациялоо үчүн сурап жатабыз. Биздин айылыбыз шаар болуп кала турган болсо азыртан даярдык көрүп, базарды чет жакка көчүрүп жатабыз. Азыр ар аптада атайын коомдук угууларды өткөрүп, Кызыл-Адыр айылына шаар статусун берүүгө элдин ой-пикири кандай экендигин билип, документтер даярдалууда. Жаңы базарга барып келчү жолду оңдоо үчүн сметаны түзүп, келерки жылдын планына киргизебиз. Антпесек, азыр базарга каттаган айылдаштарыбыздын баары эле жолдун начар абалда экендигин, катуу чаңдап кетип ыңгайсыздык жаралгандыгын айтышууда. Биз азыр аларга ыңгайлуу шарттарды түзүү үчүн аракеттерди жасап жатабыз.

**- Үрөнчүлүк чарбалары тууралуу айтып бериңизчи?**

- Быйыл кургакчылык болуп, өстүргөн буудайларыбыздын сапаты анчалык жакшы болгон жок. Биздин дыйкандарыбыздын басымдуу бөлүгү азыр үрөндү Чүй өрөөнүнөн алышууда. Буурчактын үрөндөрүнүн жаңы сортторун алып келип себишти эле, анын натыйжалары жыйым теримдин аягында билинет. Түшүмдүүлүгү, ыңгайлуулугу боюнча тандап алып, кеңири колдонууга өтөбүз, буйруса.

**- Быйыл сугат суулардын тартыштыгы байкалган жокпу?**

- Быйылкы жылы чындыгында бир топ кыйынчылыктар жаралды. Элибиз жаан-чачынды күтүп калышты. Чөптөрүбүз күйүп кетти, эккен эгиндерибиз чыкпай калган учурлар катталды. Суу пайдалануучулардын ассоциациялары менен сүйлөшүп, суу топтошуп элибиз кыйынчылыктардан чыгып жатышты. Азыр оруп-жыйноо өнөктүгү аяктап калды. Биздин облустун жетекчиликтери жеке ишкерлер менен атайын жыйындарды өткөрүшүп, дыйкандардын ак эмгектерин баалашып, буурчактын баасын көтөрүүгө аракеттерди жасап жатышат.

Жакынкы мезгилдерде биздин аймагыбызга 6 даана айыл чарбасы жана муниципалдык ишканалар үчүн техникалар келет. Өзүбүздүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен 6 млн сомго 1 манипулятор алып жатабыз. Ошону менен 7 даана техникабыз жаңырат. Ар жылы 2-3төн техникаларыбызды улам жаңылап отуруп, азыр баары сонун иштеп жатат. "Жетинин бири кыдыр" демекчи, 7 техникабыздын иштеп жатканы, ийгиликтерибизди арттырууда.

**- Болот мырза, маанилүү маегиңиз үчүн ыраазычылык билдиребиз! Бекем ден соолук, көп ийгиликтерди каалайбыз.**

Айтматов районундагы Кара-Буура айыл өкмөтүнүн башчысы Болот Стамкулов элибиздин жыргалчылыгы, Мекенибиздин бакубаттуулугу, гүлдөшү үчүн кызмат кылып, ак кызматтын, адал эмгектин өзгөчө принциптерин туу тутуп, элибиз менен мамлекеттик кызматты аркалаган замандаштарыбыздын ортосундагы мамилелерди бекемдеп, бири-бирине болгон ишенимдерин арттырсам деген тилектери бар.

***Болот мырзанын жетекчилиги астында көптөгөн долбоорлор ишке ашып, Кызыл-Адыр айылынын жашоочулары кубанып турчу күндөр алдыда. Болот мырзага жана анын элине аманчылык, бакубатчылык каалайбыз.***

**Раиса ДҮЙШӨНБЕКОВА**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ, ДЕПУТАТТЫККА ТАЛАПКЕРЛЕРДИН ТИЗМЕСИНЕН КАТТАЛГАН ТАЛАПКЕРДИ ЧЫГАРУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ КЕМИН, ТОКТОГУЛ ЖАНА КАДАМЖАЙ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу, депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерди чыгаруу жана бош калган мандаттарды жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын төмөнкү чечимдери келип түштү:

1) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 1-пунктунун жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктунун негизинде, депутаттык ыйгарым укуктарын тапшыруу жөнүндө жазуу жүзүндө арыз бергендигине байланыштуу жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери:

– Кемин аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 18-сентябрындагы №16, Чүй облусунун Кемин районунун Орловка шаардык кеңеши боюнча;

– Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 18-сентябрындагы №19, Баткен облусунун Кадамжай районунун Кадамжай шаардык кеңеши боюнча.

2) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктунун жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 2-бөлүгүнүн 9-пунктунун негизинде, Жалал-Абад облусунун Токтогул районунун Үч-Терек айылдык кеңешинин депутаты каза болгондугуна байланыштуу жергиликтүү кеңешинин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө Токтогул аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 18-сентябрындагы №5 чечими.

3) Жеке арызынын негизинде депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерди чыгаруу жөнүндө Токтогул аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 18-сентябрындагы №5 Жалал-Абад облусунун Токтогул районунун Үч-Терек айылдык кеңеши боюнча чечими.

4) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун негизинде, Жалал-Абад облусунун Токтогул районунун Үч-Терек айылдык кеңеши боюнча бош калган мандаттарды тиешелүү көп мандаттуу шайлоо округу боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын көбүн алган шайланган депутаттан кийинки талапкерге өткөрүп берүү жөнүндө Токтогул аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 18-сентябрындагы №5 чечими.

5) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунун жана 1-1-бөлүгүнүн негизинде, бош калган мандатты саясий партиянын тизмесинде шайланган депутаттардан кийинки талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери;

– Кемин аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 18-сентябрындагы №17, Чүй облусунун Кемин районунун Орловка шаардык кеңеши боюнча;

– Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 18-сентябрындагы №20, Баткен облусунун Кадамжай районунун Кадамжай шаардык кеңеши боюнча.

Аймактык шайлоо комиссияларынын кабыл алынган чечимдери "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесинин, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин талаптарына ылайык келет.

"Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 28-пунктуна ылайык, "Борбордук шайлоо комиссиясы жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутатынын бош калган мандатын өткөрүп берүү жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди катталган тизмеден чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерин бекитет".

Аймактык шайлоо комиссияларынын бекитүүгө келип түшкөн чечимдеринин "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 5-беренелеринин талаптарына ылайыктуулугун карап чыгып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

– Кемин, Токтогул жана Кадамжай аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештеринин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери 1-тиркемеге ылайык;

– Токтогул аймактык шайлоо комиссиясынын депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерди чыгаруу боюнча чечими 2-тиркемеге ылайык;

– Кемин, Токтогул жана Кадамжай аймактык шайлоо комиссияларынын бош калган мандаттарын тизмеде катталган талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери 3-тиркемеге ылайык.

**2.** Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү ушул токтом жарыяланган күндөн тартып анык эмес деп таанылсын.

**3**. Кемин, Токтогул жана Кадамжай аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын 3-тиркемеге ылайык каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырсын.

**4**. Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**5**. Бул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С.Жупуевага жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 26-сентябры, №79***

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 26-сентябрындагы №79 токтомуна 1-тиркеме*

### Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулгандыгы жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдери

| № | Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча АШКнын чечиминин номери, датасы жана чечимге негиз | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Ф.А.А. |
|---|---|---|---|
| | | **ЧҮЙ ОБЛУСУ** | |
| | | **Кемин району** | |
| 1. | Кемин АШК, №16, 18.09.2025-ж. (09.09.2025-ж., өз арызы) | Орловка шаардык | Казбеков Ринат Казбекович (5) "Ынтымак" депутаттык фракциясы |
| | | **ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ** | |
| | | **Токтогул району** | |
| 2. | Токтогул АШК, №5, 04.09.2025-ж. (Каза болгондугу тууралуу №KGZ07 0313122 күбөлүгү Токтогул райондук ЖААК бөлүмү тарабынан 04.06.2025-жылында берилген)) | Үч-Терек айылдык (№1 Жетиген шайлоо округу) | Мурзалиев Мыктарбек Маметович |
| | | **БАТКЕН ОБЛУСУ** | |
| | | **Кадамжай району** | |
| 3. | Кадамжай АШК, №19, 18.09.2025-ж. (16.09.2025-ж., өз арызы) | Кадамжай шаардык | Мурадилов Бекболот Мурадилович (4) "Жаңы Кыргызстан" депутаттык фракциясы |

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 26-сентябрындагы №79 токтомуна 2-тиркеме*

### Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерлерди чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссиясынын чечими

| № | Тизмеден чыгаруу боюнча АШКнын чечиминин номери, датасы жана чечимге негиз | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Катталган талапкерлердин тизмесиндеги талапкердин Ф.А.А. |
|---|---|---|---|
| | | **ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ** | |
| | | **Токтогул району** | |
| 1 | Токтогул АШК, №5, 18.09.2025-ж. (11.09.2025-ж., өз арызы) | Үч-Терек айылдык (№1 Жетиген шайлоо округу) | Топчубаев Сүйүнтбек Жайлообаевич |

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 26-сентябрындагы №79 токтомуна 3-тиркеме*

### Жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таанылгандыгы жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдери

| № | Бош калган депутаттык мандатты ыйгаруу боюнча АШКнын чечими | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Жергиликтүү кеңештин кийинки шайланган депутатынын Ф.А.А. | Иштеген жери, ээлеген кызматы |
|---|---|---|---|---|
| | | **ЧҮЙ ОБЛУСУ** | | |
| | | **Кемин району** | | |
| 1. | Кемин АШК, №17, 18.09.2025-ж. (17.09.2025-ж., өз арызы) | Орловка шаардык | Дюшалиев Айбек Камчыбекович (7) "Ынтымак"саясий партиясы | "Red Petroleum" ишканасында адис болуп иштейт. |
| | | **ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ** | | |
| | | **Токтогул району** | | |
| 2. | Токтогул АШК, №5, 18.09.2025-ж. (17.09.2025-ж., өз арызы) | Үч-Терек айылдык (№1 Жетиген шайлоо округу) | Токтомушова Жаңыл Абалаковна | Жетиген айылындагы Жуманазаров айылдык клубунда көркөм жетекчи |
| | | **БАТКЕН ОБЛУСУ** | | |
| | | **Кадамжай району** | | |
| 3. | Кадамжай АШК, №20, 18.09.2025-ж. (17.09.2025-ж., өз арызы) | Кадамжай шаардык | Акимов Саитбай Исламович (6) "Жаңы Кыргызстан" саясий партиясы | Убактылуу иштебейт |

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООДО ТАЛАПКЕРЛЕР, САЯСИЙ ПАРТИЯЛАР ТАРАБЫНАН БЕРИЛҮҮЧҮ ШАЙЛОО ДОКУМЕНТТЕРИН КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА ТЕКШЕРҮҮ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООНУ ӨТКӨРҮҮДӨ ДОКУМЕНТТЕРДИН ТИЗМЕГИ ЖАНА ФОРМАЛАРЫН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилүүчү шайлоо документтерин кабыл алуунун жана текшерүүнүн тартибин жөнгө салуу жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө документтердин тизмегин жана формаларын бекитүү максатында, "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилүүчү шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү тартиби жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерди каттоо үчүн Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына саясий партиялар тарабынан берилүүчү документтердин тизмеги жана формалары 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлгөн талапкерди каттоо үчүн Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына талапкер тарабынан берилүүчү документтердин тизмеги жана формалары 3-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**4.** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуунун жана текшерүүнүн тартиби, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө документтердин тизмеги жана формалары жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" 2021-жылдын 29-августундагы №659 токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**5.** Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С.Жупуевага жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 26-сентябры, №78***

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын*
*2025-жылдын 26-сентябрындагы*
*№78 токтомуна 1-тиркеме*

## Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилүүчү шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү тартиби жөнүндө

## ЖОБО

### 1. Жалпы жоболор

1."Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилүүчү шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү тартиби жөнүндө" ушул жобо (мындан ары - Жобо) "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдарына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын башка жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыкты.

2. Борбордук шайлоо комиссиясына келип түшкөн шайлоо документтерин кабыл алууну жана текшерүүнү Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан түзүлгөн Жумушчу топ ишке ашырат. Жумушчу топтун ыйгарым укуктары, милдеттери, курамы жана ишин уюштуруу Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат.

3. "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамында (мындан ары - конституциялык Мыйзам) белгиленген мөөнөттө шайлоо комиссиясына келген талапкер же талапкердин/саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү документтерди берүүнүн мөөнөтү жөнүндө конституциялык Мыйзамдын талаптарын аткарган болуп эсептелинет. Шайлоо комиссиясына талапкер же талапкердин/саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн келген убактысы документтерди берүү убактысы катары эсепке алынууга жатат. Документтерди кабыл алуу шайлоо комиссияларына келген убакыт боюнча белгиленген кезектүүлүк тартибинде Жумушчу топтун мүчөлөрү тарабынан ишке ашырылат.

4. Өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөткөн талапкерлердин документтери милдеттүү түрдө Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн онлайн катышуусунда тийиштүү округдук шайлоо комиссиялары аркылуу кабыл алынышы мүмкүн.

Саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин документтери Борбордук шайлоо комиссиясына тапшырылат.

5. Жумушчу топ документтерди кабыл алууну Борбордук шайлоо комиссиясынын токтому менен бекитилген тизмекке жана формаларга ылайык ишке ашырат.

6. Шайлоо документтеринин берилиши, аларда камтылган маалыматтардын толуктугу жана аныктыгы үчүн, ошондой эле берилген документтерди жол-жоболоштуруунун шайлоо мыйзамдарынын талаптарына ылайык келишине жоопкерчиликти талапкер же талапкердин/саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү тартат.

7. Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоого катышкан талапкерлер, талапкерлердин/саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү документтерди кагаз жана электрондук машина окуй турган түрдө, "Электрондук талапкер" маалымат тутуму аркылуу Борбордук шайлоо комиссиясына тапшырат.

8. Талапкерлердин/саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү катталгандан кийин, аларга талапкерлер боюнча маалыматтарды толук көлөмдө киргизүү үчүн "Электрондук талапкер" маалымат тутумунда эсептик жазуу берилет.

### 2. Талапкерлерди көрсөтүү жана каттоо үчүн документтерди берүү тартиби

9. Шайлоо өткөрүлгөн күнгө карата 25 жашка толгон, жогорку кесиптик билими бар, мамлекеттик тилди билген, депутаттыкка талапкерлигин көрсөтүүнүн алдында республикада акыркы 5 жылдан кем эмес туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жараны Жогорку Кеңештин депутаты болуп шайлана алат.

Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашоодо өндүрүштүк, илимий, кызматтык себеп же башка зарылчылык боюнча өлкөнүн чегинен тышкары иш сапарларына байланыштуу ар бир жылда алты айга чейинки үзгүлтүктөргө жол берилет.

Сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган же соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалып турган жарандар шайлоого, шайланууга укуксуз.

Жогорку Кеңештин депутаттыгына шайланууга төмөнкү адамдар укуксуз:

1) соттолгондугу бар, анын ичинде алып салынган же жоюлган;

2) аларга карата кылмыш иши реабилитацияланбаган негиздер боюнча кыскартылган, төмөнкүлөрдү кошпогондо:

– коркунучтуулугу аз кылмыштар, этиятсыздыктан жасалган анча оор эмес кылмыштар;

– Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарына ылайык жана аларда каралган тартипте жабырлануучу жекеачык айыптоону колдоодон баш тарткан жана (же) жабырлануучу айыпталуучу менен макулдашууга жетишкен учурлар;

3) диний ишмерлер өздөрүнүн диний ишин токтоткондон кийин 5 жыл ичинде.

10. Көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү укугу саясий партияларга жана өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен чыккан жарандарга таандык.

11. Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо дайындалгандан кийин 5 календардык күндүн ичинде шайлоого катышууга ниеттенген саясий партиялар Борбордук шайлоо комиссиясына көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоого катышуу тууралуу билдирүүнү (№1 формага ылайык) жөнөтүүгө тийиш. Мында төмөнкүлөр тиркелет:

1) саясий партияны каттоо тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;

2) саясий партиянын уставынын нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

3) саясий партиянын жетекчисинин паспортунун көчүрмөсү;

4) саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн тизмеси (№8 формага ылайык);

5) саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн арыздары (№9 формага ылайык);

6) саясий партиянын жетекчиси жана ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан толтурулган жеке маалыматтарын топтоо жана иштеп чыгууга макулдугу жөнүндө типтүү форма (№7 формага ылайык);

7) саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн паспортторунун көчүрмөсү.

12. Саясий партиядан билдирүү келип түшкөн учурда, Жумушчу топ билдирүүнү алгандыгы тууралуу жазуу жүзүндөгү тастыктаманы берүүгө милдеттүү.

13. Саясий партиялардан талапкерлерди көрсөтүү мөөнөтү Борбордук шайлоо комиссиясы көп мандаттуу шайлоо округдарынын тизмесин расмий жарыялаган күндөн башталып, добуш берүү күнүнө чейин 45 календардык күн калганда, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18:00гө чейин аяктайт.

14. Ар бир көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча бирден талапкерди көрсөтүү жөнүндө саясий партиянын чечими саясий партиянын съездинде жашыруун добуш берүү менен кабыл алынат (№2 формага ылайык)

Саясий партиянын съездинде талапкерлерди көрсөтүү учурунда жашыруун добуш берүүнү камсыз кылуу жана анын жол-жобосун сактоо жоопкерчилиги саясий партияга жүктөлөт.

Талапкерлерди көрсөтүү боюнча саясий партиянын съездинде Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү катышууга укуктуу.

15. Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү ар бир талапкер талапкерлигин койгон көп мандаттуу шайлоо округун көрсөтүү менен жүзөгө ашырылат. Ошону менен бирге, саясий партия талапкерлердин жалпы санынын 70 пайызынан ашпаган бир жыныстагы адамдардын өкүлчүлүгү боюнча талапты сактоого милдеттүү.

Өкүлчүлүк төмөнкү эсептөөгө ылайык белгиленет:

1) 2, 3 талапкер – 1 жыныстагы 1 талапкер;
2) 4, 5, 6 талапкер – 1 жыныстагы 2 талапкер;
3) 7, 8, 9, 10 талапкер – 1 жыныстагы 3 талапкер;
4) 11, 12, 13 талапкер – 1 жыныстагы 4 талапкер;
5) 14, 15, 16 талапкер – 1 жыныстагы 5 талапкер;
6) 17, 18, 19, 20 талапкер – 1 жыныстагы 6 талапкер;
7) 21, 22, 23 талапкер – 1 жыныстагы 7 талапкер;
8) 24, 25, 26 талапкер – 1 жыныстагы 8 талапкер;
9) 27, 28, 29, 30 талапкер – 1 жыныстагы 9 талапкер.

Саясий партия ошол партиянын мүчөлөрү болуп саналбаган Кыргыз Республикасынын жарандарын Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер кылып көрсөтүүгө укуктуу.

Саясий партия башка саясий партиялардын мүчөлөрү болуп саналган жарандарды Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер кылып көрсөтүүгө укуксуз.

Саясий партия көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерди, талапкерлерди конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө Борбордук шайлоо комиссиясына жазуу жүзүндө арыз берүү менен кезексиз курултайда жашыруун добуш берүү менен кайра чакыртып алууга укуктуу.

Көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө саясий партиянын курултайынын саясий партиянын жетекчисинин колу жана саясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн чечимдери Борбордук шайлоо комиссиясына берилет.

Саясий партиянын курултайынын чечимдери Борбордук шайлоо комиссиясына берилгенден кийин тиешелүү шайлоо округдары боюнча көрсөтүлгөн талапкерлердин курамы өзгөртүлүшү мүмкүн эмес.

16. Саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү, добуш берүү күнүнө чейин 40 календардык күндөн кеч эмес, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18:00гө чейин көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча талапкерлерди каттоо үчүн Борбордук шайлоо комиссиясына саясий партиянын жетекчисинин кол тамгасы жана мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн төмөнкү документтерди тапшырат:

1) Жогорку Кеңештин депутаттыгына көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө саясий партиянын съездинин чечимин (№2 формага ылайык);

2) Жогорку Кеңештин депутаттыгына саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн ар бир көп мандаттуу округдар боюнча талапкерлердин тизмегин (№3 формага ылайык);

3) Жогорку Кеңештин депутаттыгына саясий партия тарабынын көрсөтүлгөн талапкер жөнүндө маалыматтарды (№4 формага ылайык);

4) Башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу тууралуу декларацияны (№5 формага ылайык);

5) Диний ишмерлер үчүн чектөөлөрдү сактоо жөнүндө декларацияны (№6 формага ылайык);

**(Уландысы 20-бетте)**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилүүчү шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү тартиби жөнүндө

# ЖОБО

(Башталышы 19-бетте)

6) Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкердин паспортунун көчүрмөсүн;

7) Нотариалдык күбөлөндүрүлгөн талапкердин биринчи жогорку кесиптик билими бар экендигин тастыктаган, документин (эгерде жогорку билими тууралуу документ чет өлкөлүк окуу жайы тарабынан берилген болсо, сунушталган документтер апостиль менен тастыкталууга же консулдук легалдаштыруу жол-жобосунан өтүүгө тийиш);

8) Иштеген же окуган жеринен маалыматты;

9) Ар бир талапкер тарабынан толтурулган жеке маалыматтарын топтоо жана иштеп чыгууга макулдугу жөнүндө типтүү форма (№7 формага ылайык);

10) Саясий партиянын шайлоо фондунан төлөнгөн 300 000 сом өлчөмүндө шайлоо төгүмүн ар бир талапкерге төккөндүгүн тастыктаган документин;

11) Саясий партия жөнүндө мамлекеттик жана расмий тилдерде маалыматтар (№14 формага ылайык);

12) Талапкер жөнүндө мамлекеттик жана расмий тилдерде маалыматтар (№$14^1$ формага ылайык)

17. Майыптыгы бар жана буга байланыштуу өзүн-өзү көрсөтүү жөнүндө арызды өз алдынча жазууга, конституциялык Мыйзамда каралган башка документтерди толтурууга мүмкүнчүлүгү жок адам Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер болуп көрсөтүлгөн учурда башка адамдын жардамын пайдаланууга укуктуу. Мында каттоо документтерин толтурууга жардам көрсөтүп жаткан адамдын ыйгарым укуктары нотариалдык түрдө күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

Майыптыгы бар талапкерлер Борбордук шайлоо комиссиясынын депозиттик эсебине өзүнүн шайлоо фондунан төмөнкүдөй өлчөмдө шайлоо төгүмүн төгөт:

- III топтогу майыптарга - 70 000 сом;
- I жана II топтордогу майыптарга - 50 000 сом.

Талапкерди каттоо үчүн Борбордук шайлоо комиссиясына шайлоо төгүмүн төккөндүгүн ырастоочу банктык документ (түп нускасы) жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан мыйзамдарда белгиленген тартипте майыптыгы бар экендигин белгилеген маалымкат берилет.

18. Саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү талапкерлерди каттоо үчүн документтер менен бирге Борбордук шайлоо комиссиясына талапкерлер жөнүндө берилген маалыматтарда өзгөрүүлөрдүн бар экендиги тууралуу маалыматтарды берүүгө милдеттүү (аты-жөнү өзгөрүлгөндүгү, негизги иштеген жери жана кызматы, ээлеген кызмат орду, паспортунун алмаштырылгандыгы ж.б. жөнүндө) Көрсөтүлгөн маалыматтарды тастыктоо үчүн тийиштүү документтердин көчүрмөсү берилет.

19. Өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде талапкерлерди көрсөтүү мөөнөтү Борбордук шайлоо комиссиясы көп мандаттуу шайлоо округдарынын тизмесин расмий жарыялаган күндөн башталып, добуш берүү күнүнө чейин 45 календардык күн калганда, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18:00гө чейин аяктайт.

20. Талапкер бир гана шайлоо округу боюнча көрсөтүлүшү мүмкүн.

21. Өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү ошол шайлоо округу боюнча талапкер катары катталуу ниети жөнүндө арызды Борбордук шайлоо комиссиясына берүү жолу менен (№$1^2$ формага ылайык) жүргүзүлөт. Мында төмөнкүлөр тиркелет:

1) Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкердин паспортунун көчүрмөсү;

2) талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн тизмеси (№$8^1$ формага ылайык);

3) ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн арыздары (№$9^1$ формага ылайык);

4) талапкер, ыйгарым укуктуу өкүлдөр тарабынан толтурулган жеке маалыматтарын топтоо жана иштеп чыгууга макулдугу жөнүндө типтүү форма (№7 формага ылайык);

5) талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн паспорттորунун көчүрмөлөрү.

22. Жумушчу топ талапкерлерден арыз алганда, арызды алгандыгы жөнүндө талапкерлерге жазуу жүзүндөгү тастыктаманы жана талапкерлердин шайлоо фондун түзүү үчүн атайын шайлоо эсебин ачууга маалымкат берет.

23. Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерди каттоо үчүн талапкер, талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү добуш берүү күнүнө чейин 40 календардык күндөн кеч эмес, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18:00гө чейин төмөнкү документтерди тапшырат:

1) Өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлгөн талапкер жөнүндө маалыматтарды (№$4^1$ формага ылайык);

2) Башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу тууралуу декларацияны (№$5^1$ формага ылайык);

3) Диний ишмерлер үчүн чектөөлөрдү сактоо жөнүндө декларацияны (№$6^1$ формага ылайык);

4) Нотариалдык күбөлөндүрүлгөн талапкердин биринчи жогорку кесиптик билими бар экендигин тастыктаган, документин (эгерде жогорку билими тууралуу документ чет өлкөлүк окуу жайы тарабынан берилген болсо, сунушталган документтер апостиль менен тастыкталууга же консулдук легалдаштыруу жол-жобосунан өтүүгө тийиш);

5) Иштеген же окуган жеринен маалымкат;

6) Шайлоо фондунан төлөнгөн 300 000 сом өлчөмүндө шайлоо төгүмүн төккөндүгүн тастыктаган документ;

7) Талапкер жөнүндө мамлекеттик жана расмий тилдерде маалыматтар (№$14^1$ формага ылайык)

24. Талапкер, талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү талапкерди каттоо үчүн документтер менен бирге Борбордук шайлоо комиссиясына талапкерлер жөнүндө берилген маалыматтарда өзгөрүүлөрдүн бар экендиги тууралуу маалыматтарды берүүгө милдеттүү (аты-жөнү өзгөрүлгөндүгү, негизги иштеген жери жана кызматы, ээлеген кызмат орду, паспортунун алмаштырылгандыгы ж.б. жөнүндө) Көрсөтүлгөн маалыматтарды тастыктоо үчүн тийиштүү документтердин нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү тапшырылат.

25. Жумушчу топ талапкерден, талапкердин/саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнөн документтерди алуу фактысын каттайт, андан кийин тийиштүү шайлоо документтерин кабыл алгандыгы тууралуу жазуу жүзүндөгү тастыктаманы берет.

Тастыктамада алардын ар биринин барактарын жана нускамаларын көрсөтүү менен кабыл алынган бардык документтер тизмектелет.

Тастыктамага Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү, жумушчу топтун жетекчиси тарабынан кол коюлат. Тастыктаманы түзүү датасы документтерди кабыл алуу датасы болуп саналат. Тастыктама эки нускада түзүлөт, алардын бири талапкерге, талапкердин/саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнө берилет, экинчиси Борбордук шайлоо комиссиясында сакталат.

### 3. Шайлоо документтерин текшерүүнүн тартиби

26. Жумушчу топ шайлоо документтерин кабыл алгандан кийин 10 календардык күндүн ичинде келип түшкөн шайлоо документтеринин конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келерин, анын ичинде "Түндүк" электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү тутумун колдонуу менен текшерүүгө киришет.

27. Эгерде талапкер, саясий партия тарабынан берилген документтерде талапкерди каттоого тоскоолдук жаратkan дал келбестиктер табылса, анда документтер алынган учурдан тартып, жумушчу топ 48 сааттын ичинде талапкердин/саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнө бул дал келбестиктер тууралуу кабарлоого милдеттүү. Талапкер, саясий партия бул билдирүүнү алган учурдан тартып 48 сааттын ичинде зарыл болгон өзгөртүүлөрдү киргизип, оңдолгон документтерди тапшырууга укуктуу.

28. Берилген документтердеги белгилүү болгон мүчүлүштүктөр жөнүндө талапкерге, саясий партияга маалымдоо тууралуу маселени кароого Жумушчу топтун жыйынына талапкердин/саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү чакырылат.

29. Билдирүүдө белгилүү болгон мүчүлүштүктөрдү четтетүү мөөнөтүн көрсөтүү менен жетишсиз документтердин тизмеси, берилген документтердеги толук эмес маалыматтар, конституциялык Мыйзамдын талаптарын бузуу менен жол-жоболоштурулган документтер көрсөтүлөт.

30. Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан маалымдалгандан кийин талапкерлер, саясий партиялар документтердеги мүчүлүштүктөрдү 48 сааттын ичинде бир нече ирет четтете алат.

31. Эгерде берилген документтердеги мүчүлүштүктөр жөнүндө тийиштүү түрдө маалымдалган талапкер, талапкердин/саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү белгилүү болгон мүчүлүштүктөрдү четтетпесе же болбосо толук көлөмдө эмес четтетсе, анда Борбордук шайлоо комиссиясы талапкерди каттоодон баш тартууга укуктуу.

32. Талапкерди каттоо үчүн берилген документтердин мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүн текшерүүнүн натыйжасы боюнча Жумушчу топ талапкерди каттоо же болбосо каттоодон баш тартуу жөнүндө корутунду чыгарат.

33. Жумушчу топ чыгарылган корутундунун негизинде талапкерди каттоо же каттоодон баш тартуу жөнүндө чечимдин долбоорун Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышына киргизет.

34. Бир эле адамды бирден ашык көп мандаттуу шайлоо округу боюнча каттоого жол берилбейт.

35. Талапкерди каттоодон баш тартуу үчүн төмөнкүлөр негиз болушу мүмкүн:

– талапкерди каттоо үчүн конституциялык Мыйзамга ылайык зарыл болгон документтердин бербөө;

– конституциялык Мыйзамда каралган талапкерди көрсөтүү тартибин сактабоо;

– талапкерде пассивдүү шайлоо укугунун жоктугу;

– башка саясий партиядан талапкерди каттоо фактысынын болушу же болбосо талапкерди бирден ашык көп мандаттуу шайлоо округунда каттоо фактысынын болушу;

– талапкердин, саясий партиянын өзүнүн шайлоо фондун түзбөөсү;

– талапкердин башка мамлекеттин жарандыгына таандыктыгы;

– эгерде адам уюшкан кылмыштуу топко, кылмыштуу коомдоштукка (кылмыштуу уюмга), куралдуу топко (бандага) тиешеси бар адам катары алдын алуучу, ыкчам-алдын алуучу каттоодо турса же болгон болсо;

– конституциялык Мыйзамда белгиленген башка талаптарга ылайык келбегендиги.

36. Талапкердин уюшкан кылмыштуу топко, кылмыштуу коомдоштукка (кылмыштуу уюмга), куралдуу топко (бандага) тиешеси бар экендиги тийиштүү укук коргоо органы тарабынан тастыкталган учурда, Борбордук шайлоо комиссиясы бул маселени жыйналышында укук коргоо органынын өкүлүнүн катышуусу менен карайт. Өкүл баяндама жасап, тастыктоочу документтерди көрсөтөт.

37. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер жөнүндө маалыматтарды текшерүүдө соттолгондугу жана жогорку кесиптик билими бар (жок) экендиги жөнүндө расмий корутундуларды Борбордук шайлоо комиссиясына берет.

38. Эгерде талапкердин Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер катары көрсөтүлгөнгө чейинки акыркы 5 жыл ичинде диний ишмердүүлүккө тиешеси бар экендиги боюнча факт дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан тастыкталса, анда бул маселе Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйынында каралат. Жыйынга аталган органдын өкүлү катышып, маалымат берип, тастыктоочу документтерди көрсөтөт.

39. Талапкерди каттоодон баш тартуу тууралуу чечим кабыл алынган учурда Борбордук шайлоо комиссиясы 24 сааттын ичинде талапкерге, талапкердин/саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнө баш тартуунун негиздерин баяндоо менен чечимдин көчүрмөсүн берет.

40. Көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерди каттоодон баш тартуу тууралуу чечим кабыл алынган күндөн тартып 3 календардык күндүн ичинде сотко даттанылышы мүмкүн.

### 4. Өкүлдөрдү, ишенимдүү адамдарды жана байкоочуларды каттоо үчүн документтерди тапшыруу тартиби

41. Каттоодон өткөн талапкер өзүнүн өкүлдөрүн, ишенимдүү адамдарын жана байкоочуларын каттоо үчүн зарыл болгон документтерди тиешелүү шайлоо комиссиясына, конституциялык Мыйзамда жана ушул Жободо белгиленген тартипте, тапшырууга укуктуу.

42. Шайлоо комиссиясындагы талапкердин өкүлүн каттоо үчүн талапкер/талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү төмөнкүлөрдү тапшырат:

1) Талапкердин өкүлдү дайындоо тууралуу арызы (№$8^1$ формага ылайык);

2) Жарандын шайлоо комиссиясында өкүл болууга макулдугу тууралуу арызы (№$9^1$ формага ылайык);

3) Өкүлдүн паспортунун көчүрмөсү.

Документтер тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кеч эмес, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18:00гө чейин кабыл алынат.

Шайлоо комиссиясындагы өкүлгө каттоодон өткөндөн кийин белгиленген үлгүдөгү ырастама берилет.

Шайлоо комиссиясындагы өкүл бир эле мезгилде башка шайлоо комиссиясында өкүл боло албайт.

43. Ишенимдүү адамдар бардык талапкерлерди каттоо мөөнөтү бүткөндөн кийин, бирок добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кеч эмес, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18.00гө чейин талапкер тарабынан дайындалат.

Ишенимдүү адамдарды каттоо үчүн талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү Борбордук шайлоо комиссиясына төмөнкү документтерди тапшырат:

1) Талапкердин ишенимдүү адамды дайындоо тууралуу арызы (№$8^1$ формага ылайык);

2) Ишенимдүү адам болууга макулдугу тууралуу жарандын арызы (№$9^1$ формага ылайык);

3) Ишенимдүү адамдын паспортунун көчүрмөсү.

Борбордук шайлоо комиссиясы каттоону жүргүзүп, ишенимдүү адамга белгиленген үлгүдөгү ырастама берет.

44. Талапкер ар бир участкалык шайлоо комиссиясына экиден ашык эмес байкоочу дайындоого укуктуу.

Байкоочу, байкоочунун укуктарына жана милдеттерине аны дайындаган талапкерден тиешелүү шайлоо комиссиясына жолдомо келип түшкөндөн кийин ээ болот (№15 формага ылайык)

Жолдомо паспортту же аны алмаштыруучу документти көрсөткөндө жарактуу, талапкердин койгон колу болгондо жарактуу болуп эсептелет. Байкоочуну жиберүү жөнүндө алдын ала кабарлоо талап кылынбайт.

### 5. Электрондук машина окуй турган түрдө берилген документтерди текшерүүнүн тартиби

45. "Электрондук талапкер" маалымат тутумунда электрондук машина окуй турган түрдө берилген документтер кагаз түрүндө берилген документтерге ылайык келишин жана шайкештигин текшерүүгө жатат.

46. Электрондук машина окуй турган жана кагаз түрүндөгү документтердин дал келбестиги аныкталган учурда, алардын түп нускасына тийиштүү түзөтүүлөрдү киргизүү жолу менен талапкер, талапкердин/саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан кол тамгалары менен күбөлөндүрүү аркылуу алар четтетилүүгө жатат.

### 6. Жумушчу топтун ишине байланыштуу маселелер боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдеринин долбоорлорун даярдоо

47. Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышында каралуучу Жумушчу топтун ишине байланыштуу материалдарды даярдоо жоопкерчилиги анын жетекчисине жүктөлөт.

48. Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышына чечимдин долбоору, Жумушчу топтун корутундусу, документтерге жүргүзүлгөн текшерүү жөнүндө маалыматтар, жыйналышка чакырылган кызыктар жактардын тизмеси даярдалат.

49. Жумушчу топ тарабынан даярдалган Борбордук шайлоо комиссиясынын чечиминин долбооруна Жумушчу топтун жетекчиси жана мүчөлөрү кол коюшат.

50. Жумушчу топ талапкерди каттоо жөнүндө Борбордук шайлоо комиссиясы чечим кабыл алган күндөн тартып 2 календардык күндүн ичинде катталган талапкерге тийиштүү чечимдин көчүрмөсүн тиркөө менен бекитилген үлгүдөгү ырастаманы тапшырат.

(Уландысы 21-бетте)

(Башталышы 20-бетте)

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын*
*2025-жылдын 26-сентябрындагы*
*№78 токтомуна 2-тиркеме*

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерди каттоо үчүн Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына саясий партиялар тарабынан берилүүчү документтердин тизмеги жана формалары**

| № | Документтин аталышы | формасы |
|---|---|---|
| 1. | Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоого катышуусу жөнүндө саясий партиянын билдирүүсү | (№1 форма) |
| 2. | Көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерди көрсөтүү жөнүндө саясий партиянын съездинин чечими | (№2 форма) |
| 3. | Көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча саясий партиядан көрсөтүлгөн Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин тизмеги | (№3 форма) |
| 4. | Көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн талапкер жөнүндө маалымат | (№4 форма) |
| 5. | Башка мамлекеттин жарандыгы жок экендиги жөнүндө декларация | (№5 форма) |
| 6. | Диний ишмерлер үчүн чектөөлөрдүн сакталышы жөнүндө декларация | (№6 форма) |
| 7. | Талапкерлердин биринчи жогорку кесиптик билими жөнүндө документтеринин нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү | |
| 8. | Жеке маалыматтарды чогултууга жана иштетүүгө макулдук берүүнүн типтүү формасы | (№7 форма) |
| 9. | Талапкердин иштеген же окуган жеринен маалымкат. Анын кызматтык ыйгарым укуктарын токтотуу же токтото туруу жөнүндө тиешелүү буйруктардын (тескемелердин) күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү (талапкерди көрсөтүү учурунан тартып, башкача айтканда саясий партиянын съезди өткөрүлгөн күндөн тартып берилет) | |
| 10. | Саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн тизмеси | (№8 форма) |
| 11. | Саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү болушунун макулдугу жөнүндө арызы | (№9 форма) |
| 12. | Ыйгарым укуктуу өкүлдү кайра чакыртып алуу жөнүндө саясий партиянын билдирүүсү | (№10 форма) |
| 13. | Саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн талапкердин шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрүнүн, ишенимдүү адамдарынын, байкоочуларынын тизмеси | (№11 форма) |
| 14. | Талапкердин шайлоо комиссиясындагы өкүлү, ишенимдүү адамы болууга макулдугу жөнүндө арызы | (№12 форма) |
| 15. | Талапкердин шайлоо комиссиясындагы өкүлүн, ишенимдүү адамын чакыртып алуу жөнүндө билдирүүсү | (№13 форма) |
| 16. | Саясий партия жөнүндө маалымат | (№14 форма) |
| 17. | Талапкер жөнүндө маалымат | (№14$^1$ форма) |
| 18. | Саясий партиянын, талапкердин шайлоо алдындагы программасы | |
| 19. | Талапкердин байкоочуларын каттоо үчүн жолдомо | (№15 форма) |

**№1 форма**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого катышуусу жөнүндө саясий партиянын билдирүүсү**

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясына

**БИЛДИРҮҮ**

_______________________________________________________саясий партиясы
*(саясий партиянын аталышы)*

____________________________________________________________________
*(саясий партиянын каттоо номери жана датасы)*

№____________________________________ көп мандаттуу шайлоо округу боюнча
*(шайлоо округунун аталышы)*

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо талапкерди көрсөтүү ниети жөнүндө билдирет.

_______________________________________________саясий партиясы төмөндөгү
*(саясий партиянын аталышы)*

ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн дайындайт:

шайлоолор боюнча _____________________________________________________
*(аты-жөнү)*

кол коюу укугу менен финансылык маселелер боюнча_________________________
____________________________________________________________________
*(аты-жөнү)*

Тиркелет:
1) саясий партиянын каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү;
2) партиянын уставынын нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;
3) саясий партиянын жетекчисинин паспортунун көчүрмөсү;
4) саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн тизмеси (№8 форма);
5) саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн арыздары (№9 форма);
6) саясий партиянын жетекчиси жана ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан толтурулган жеке маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга макулдугунун типтүү бланкы (№7 форма);
7) ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн паспортторунун көчүрмөлөрү.

Саясий партиянын жетекчиси ___________________________ ______________
*(аты-жөнү)* *(кол тамгасы)*

*М.О.*
"__"________ 20___-ж

Эскертүү: Билдирүү кагаз түрүндө берилет

**№2 форма**

**Көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө саясий партиянын съездинин чечими**

__________________________________________________________
*(саясий партиянын аталышы)*

**№_ ЧЕЧИМ**

______________________________________________________________
*(көрсөтүңүз: (кезексиз) кезектеги съезди (чогулуш, конференция)*

______________ ________________
*(орду)* *(датасы)*

__________________________________________________ саясий партиясынан
*(саясий партиянын аталышы)*

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө 20___-ж. ________________ дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого катышууга.

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 60-беренесине ылайык жана жашыруун добуш берүүнүн протоколдорунун негизинде:

________________________________________________________________
*(саясий партиянын Уставынын пункттары көрсөтүлөт)*

________________________________________________________________
*(кезексиз) кезектеги съезди (чогулуш, конференция)*

_____________________________________________________________
*(саясий партиянын аталышы)*

**ЧЕЧТИ:**

1. _____________________________________ төмөнкү көп мандаттуу шайлоо
*(саясий партиянын аталышы)*

округдары боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына төмөнкү талапкерлер көрсөтүлсүн

| № | Көрсөтүлгөн талапкердин аты-жөнү | Көп мандаттуу шайлоо округунун аталышы, номери |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

2. "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамында белгиленген мөөнөттөрдө 20___-жылдын "_____"____________ дайындалган көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого катышууга ____________________________________ саясий
*(саясий партиянын аталышы)*

партиясынын бардык керектүү документтери Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына берилсин.

Жашыруун добуш берүүнүн натыйжалары: "МАКУЛ" -_____ "КАРШЫ" -_____ "КАЛЫС" ________

Саясий партиянын жетекчиси ____________________________________________
*(колу)* *(аты-жөнү)*
М.О.

Съезддин катчысы
(чогулуш)/конференция ______________________________________________
*(колу)* *(аты-жөнү)*

Тиркелет:

1. Көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча саясий партиядан көрсөтүлгөн Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин тизмеси (№3 форма);
2. Көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн талапкер жөнүндө маалыматтар (№4 форма);
3. Башка мамлекеттин жарандыгы жок экендиги жөнүндө декларация (№5 форма);
4. Диний ишмерлер үчүн чектөөлөрдүн сакталышы жөнүндө декларация (№6 форма);
5. Талапкер тарабынан толтурулган жеке маалыматтарды чогултууга жана иштетүүгө макулдугунун типтүү формасы (№7 форма);
6. Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкердин паспортунун көчүрмөсү;
7. Талапкердин биринчи жогорку кесиптик билими бар экендигин тастыктаган нотариалдык күбөлөндүрүлгөн документ;
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

**ТОКТОМУ**

"Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесине, 22-беренесинин 10-бөлүгүнүн 1-пунктуна, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2019-жылдын 6-декабрындагы №176 токтому менен бекитилген Шайлоо комиссияларын түзүү, таркатуу жана шайлоо комиссияларынын резервин түзүү, жүргүзүү тартиби жөнүндө жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын курамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– "Жаңы Кыргызстан" саясий партиясынан көрсөтүлгөн Жумабаева Элнура Исаковна, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Раманкулова Айнура Асилбековна берген арыздарына ылайык комиссиянын курамынан чыгарылсын;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынан көрсөтүлгөн Каримова Нигора Абдыманаповна, Байбубаев Нуртилек Кочкорович резервден комиссиянын курамына киргизилсин.

**2.** Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С.Жупуевага жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 26-сентябры, №82***

КҮНДҮН СОБОЛУ

# КҮЙҮҮЧҮ МАЙДЫН БААСЫНА ЧЕКИТ КОЙГОНГО МҮМКҮНБҮ?

**Кыргызстанда жай айларынан бери күйүүчү май барган сайын кымбаттап, анын арты өлкөдө кымбатчылыктын күч алышына эбегейсиз таасир этүүдө. Майга болгон баанын күн санап өсүшү ансыз да инфляция күч алып, акчанын куну кеткен азыркыдай шартта карапайым элге кыйла сокку болууда.**



Кыбыраган "кылт эткен" кыймылдын бардыгы дал ушул күйүүчү майга байланган азыркыдай шартта баанын түшөөрүн мындай кой, ушул калыбында тураары күмөн. Анткени, продукциянын бул түрүнүн 90%ы Орусиядан импорт болуп келээрин эске алганда, учурда Украинанын дрон чабуулдарынан улам орустардын мекенинде мунай заводдору жана күйүүчү-майлоочу май сактаган кампалар өрттөнүп, мындан улам бензин менен дизель майы тартыш болуп, баасы да жогорулоодо.

Кыргызстанда өзгөчө соңку бир нече аптадан бери бензиндин баасынын тынымсыз өсүп жатышы "ак төөнүн карды жарылган" берекелүү күз мезгилинде да кымбатчылыкты чакырууда. Учурда автоунаага 1000 сомго куюлган бензинди айдоочулардын тили менен айтканда унаалар "жыттап" гана калууда. Маселен, АИ-95 үлгүсүндөгү бензин июндун башында 73 сом болсо, учурда 77–78 сомго, АИ-92нин баасы 65 сомдон 71–72 сомго көтөрүлдү. Дизель майы 73 сомдон 77–78 сомго чыкты. Мунай ташуучулар ассоциациясы соңку эки айда өлкөдө күйүүчү майдын чекене баасы литрине орто эсеп менен 4 сомго кымбаттаганын билдирип, мындан ары да мунайга болгон баа өсүшү мүмкүндүгүн эскертти. Учурда Кыргызстандын бир гана үмүтү 2026-жылдын жай мезгилине бүтүшү пландалып жаткан Кара-Балта шаарындагы мунайды кайра иштетүүчү "Жунда" заводунда болууда. Аталган заводдогу модернизациялоо иштеринин аякташы менен өндүрүлгөн мунай продукциясы Евро-4 жана Евро-5 стандарттарына туура келет. Учурда мунайды кайра иштетүүчү заводдон АИ–80, АИ–92, АИ–95 үлгүсүндөгү бензиндин түрү жана дизель майы менен мазут атайын лабораториядан тазаланып өтүп, чыгарылууда. Бул жайга инвесторлор болжол менен 193 миллион доллар салым салышса, жаңылоо иштеринен соң заводдон 300 миң тоннадан ашык Euro-V дизель майын жана 400 миң тоннадан ашык ар түрдүү маркадагы бензинди чыгаруу мүмкүнчүлүгү жаралмакчы. Буга удаа суюлтулган газ жана өнөр жай күкүртү да чыгарылары уккан жандын кимисин болбосун сүйүнтөөрү турган иш. "Жунда" заводунан өндүрүлгөн күйүүчү майдын базарга сатыкка чыгышы менен өлкөдөгү суроо-талапты канааттандырып, баа саясатына канчалык таасир тийгизет? Жалпы муктаждыктарыбыздын канча үлүшүн жабууга жарайт? Мындай соболдорубузга алдыда атайын адистердин талдоосу менен жооп издемекчибиз.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

***Эгимбаев Бердикул Аккозовичке тиешелүү сериясы Ч №133056 (29.09.2008-жылы берилген) жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-609

***Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Тилекмат айылындагы "Ысык-Көл Ресурс" ЖЧКсына таандык мөөрү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-609

***В связи с утерей свидетельства о праве частной собственности на земельный участок №175284 на имя Болджуровой Тажикан Садыковны считать недействительным.***
П/П 771

***Сагынбаев Конокбайга тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү сериясы ТИ №374 (07.02.1995-жылы берилген) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-609

***В связи с утерей подлинников технических паспортов и договоров купли-продажи на квартиры находящиеся по адресу:***
1) ***г. Токмок, ул. Ибраимова (бывшая ул. М.Горького), д. 2, кв. 2 от 7 мая 1998 г. квартал №139;***
2) ***г. Токмок, ул. Ибраимова (бывшая ул. М.Горького), д. 2, кв. 3 от 24 апреля 1998 г., квартал №139 принадлежащие Общественному Объединению "Союз обществ охотников и рыболовов Кыргызской Республики "Кыргызохотрыболовсоюз" считать недействительными.***
Н-611

**«КРАЭ-6, I БӨЛҮМ. КОММЕРЦИЯЛЫК АБА ТРАНСПОРТУ. УЧАКТАР. АБА КЕМЕЛЕРИН ПАЙДАЛАНУУ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АВИАЦИЯЛЫК ЭРЕЖЕЛЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ ЖАРАНДЫК АВИАЦИЯ МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИНИН

## БУЙРУГУ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-марттагы №115 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө» токтомуна ылайык, ошондой эле Эл аралык жарандык авиация уюмунун (ИКАО) стандарттары жана сунушталуучу тажрыйбасы менен максималдуу бирдейлигин камсыз кылуу максатында, **буйрук кылам:**

**1.** Тиркемеге ылайык, «Коммерциялык аба транспорту. Учактар. Аба кемелерин пайдалануу жөнүндө КРАЭ-6, I бөлүм» Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелери мамлекеттик жана расмий тилдеринде бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигине:

- ушул буйрукту аткарууга кабыл алсын;
- күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн ушул буйрукту мамлекеттик жана расмий тилдерде кагаз жана электрондук түрдө Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат үчүн жөнөтсүн;
- катталган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде бул буйрук мамлекеттик жана расмий тилдерде «Эркин-Тоо» газетасына жарыялансын.

**3.** Кыргыз Республикасынын министрликтери, ведомстволору, жарандык авиация уюмдары жана окуу борборлору «Коммерциялык аба транспорту. Учактар. Аба кемелерин пайдалануу жөнүндө КРАЭ-6, I бөлүм» Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелерин аткарууга кабыл алсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине:

- Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2018-жылдын 10-сентябрындагы №6 буйругунун 1-пунктунун 2-абзацы «Кыргыз Республикасынын авиациялык эрежелери АПКР-6. I бөлүм. "Коммерциялык аба транспорту. Учактар. Аба кемелерин эксплуатациялоо" жараксыз деп табуу сунушталсын.

**5.** Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**6.** Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Директордун орун басары** **К.ТӨЛӨГӨНОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 26-сентябры, №03***

*Буйруктун тиркемеси менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин **www.caa.kg** сайтынан тааныша аласыздар*

**ПРИКАЗ**

ГОСУДАРСТВЕННОГО АГЕНТСТВА ГРАЖДАНСКОЙ АВИАЦИИ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**ОБ УТВЕРЖДЕНИИ АВИАЦИОННЫХ ПРАВИЛ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «АПКР-6, ЧАСТЬ I. КОММЕРЧЕСКИЙ ВОЗДУШНЫЙ ТРАНСПОРТ. САМОЛЕТЫ. ЭКСПЛУАТАЦИЯ ВОЗДУШНЫХ СУДОВ»**

В соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года №115, а также в целях обеспечения максимального единообразия со Стандартами и Рекомендуемой практикой Международной организации гражданской авиации (ИКАО), **приказываю:**

**1.** Утвердить Авиационные правила Кыргызской Республики «АПКР-6, часть I. Коммерческий воздушный транспорт. Самолеты. Эксплуатация воздушных судов» на государственном и официальном языках согласно приложению.

**2**. Государственному агентству гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики:

- принять к исполнению настоящий приказ;
- направить настоящий приказ на государственном и официальном языках на бумажном и электронном носителях в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики, а также в Администрацию Президента Кыргызской Республики для информации, в течении трех рабочих дней со дня вступления в силу;
- опубликовать настоящий приказ на государственном и официальном языках в газете «Эркин-Тоо» в течение трех рабочих дней со дня регистрации.

**3.** Министерствам, ведомствам, организациям гражданской авиации и учебным центрам принять к исполнению Авиационные правила Кыргызской Республики «АПКР-6, часть I. Коммерческий воздушный транспорт. Самолеты. Эксплуатация воздушных судов».

**4.** Рекомендовать Министерству транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики признать утратившим силу:

- второй абзац пункта 1 приказа Министерства транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики «Об утверждении Авиационных правил Кыргызской Республики АПКР-6. Часть I. "Коммерческий воздушный транспорт. Самолеты. Эксплуатация воздушных судов" от 10 сентября 2018 года №6.

**5.** Настоящий приказ вступает в силу со дня его официального опубликования.

**6.** Контроль над исполнением настоящего приказа оставляю за собой.

**Заместитель директора** **К.ТӨЛӨГӨНОВ**

***г.Бишкек, 26 сентября 2025 года, №03***

*С приложением приказа можно ознакомиться на сайте Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики **www.caa.kg***

С/О 856

**«АБА КЕМЕЛЕРИНИН УЧУУГА ЖАРАКТУУЛУГУ. КРАЭ-8» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АВИАЦИЯЛЫК ЭРЕЖЕЛЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ ЖАРАНДЫК АВИАЦИЯ МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИНИН

## БУЙРУГУ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-марттагы №115 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө» токтомуна ылайык, ошондой эле Эл аралык жарандык авиация уюмунун (ИКАО) стандарттары жана сунушталуучу тажрыйбасы менен максималдуу бирдейликти камсыз кылуу максатында, **буйрук кылам:**

**1.** Тиркемеге ылайык, «Аба кемелеринин учууга жарактуулугу. КРАЭ-8» Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелери мамлекеттик жана расмий тилдеринде бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигине:

- ушул буйрукту аткарууга кабыл алсын;
- күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн ушул буйрукту мамлекеттик жана расмий тилдерде электрондук документ жүгүртүү тутуму аркылуу Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат үчүн жөнөтсүн;
- катталган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде бул буйрук мамлекеттик жана расмий тилдерде «Эркин-Тоо» газетасына жарыялансын.

**3.** Кыргыз Республикасынын министрликтери, ведомстволору, жарандык авиация уюмдары жана окуу борборлору «Аба кемелеринин учууга жарактуулугу. КРАЭ-8» Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелерин аткарууга кабыл алсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине:

- Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2016-жылдын 27-январындагы №1 «Кыргыз Республикасынын авиациялык эрежелерин бекитүү жөнүндө «Аба кемелеринин учууга жарактуулугу. КРАЭ-8» буйругунун 1-пунктунун 9-абзацы күчүн жоготту деп табуу сунушталсын.

**5.** Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**6.** Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Директордун орун басары** **К.ТӨЛӨГӨНОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 26-сентябры, №04***

*Буйруктун тиркемеси менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин **www.caa.kg** сайтынан тааныша аласыздар*

**ПРИКАЗ**

ГОСУДАРСТВЕННОГО АГЕНТСТВА ГРАЖДАНСКОЙ АВИАЦИИ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**ОБ УТВЕРЖДЕНИИ АВИАЦИОННЫХ ПРАВИЛ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «АПКР-8. ЛЕТНАЯ ГОДНОСТЬ ВОЗДУШНЫХ СУДОВ»**

В соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года №115, а также в целях обеспечения максимального единообразия со Стандартами и Рекомендуемой практикой Международной организации гражданской авиации (ИКАО), **приказываю:**

**1.** Утвердить Авиационные правила Кыргызской Республики «АПКР-8. Летная годность воздушных судов» на государственном и официальном языках согласно приложению.

**2.** Государственному агентству гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики:

- принять к исполнению настоящий приказ;
- направить настоящий приказ на государственном и официальном языках через систему электронного документооборота в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики, а также в Администрацию Президента Кыргызской Республики для информации, в течении трех рабочих дней со дня вступления в силу;
- опубликовать настоящий приказ на государственном и официальном языках в газете «Эркин-Тоо» в течение трех рабочих дней со дня регистрации.

**3.** Министерствам, ведомствам, организациям гражданской авиации и учебным центрам принять к исполнению Авиационные правила Кыргызской Республики «АПКР-8. Летная годность воздушных судов».

**4.** Рекомендовать Министерству транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики признать утратившим силу:

- абзац 9 пункта 1 приказа Министерства транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики «Об утверждении Авиационных правил Кыргызской Республики «АПКР-8. Летная годность воздушных судов» от 27.01.2016 года №1.

**5.** Контроль над исполнением настоящего приказа оставляю за собой.

**6.** Настоящий приказ вступает в силу со дня его официального опубликования.

**Заместитель директора** **К.ТӨЛӨГӨНОВ**

***г.Бишкек, 26 сентября 2025 года, №04***

*С приложением приказа можно ознакомиться на сайте Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики **www.caa.kg***

С/О 857

***Кубатова Кульира Идрисовнага тиешелүү диплому сериясы ГВ №04946 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
М.б.

***Раиси Яздан Бахш Мирзага тиешелүү жер участогун убактылуу пайдалануу укугуна күбөлүгү сериясы В №0110270 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
М.б.

***Раимова Махабат Эшболотовнага тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 21902095 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-601

***Жакыпова Эльмира Кемеловнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №626092 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-599

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Моисеева Наталья Викторовна код ОКПО 27740357 считать недействительным.***
М.б.

***В связи с утерей гос.акта о праве частной собственности на земельный участок Ч №1125078 на имя Абдрафиковой Галины Анатольевны считать недействительным.***
Н-602

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## «Кыргызстан улуттук электр тармагы" ААК

**2025-жылдын 24-октябрында саат 10.00дө, Бишкек шаары, Жибек Жолу көчөсү, 326 дарегинде боло турган акционерлердин кезексиз жалпы чогулушун өткөрө тургандыгын МААЛЫМДАЙТ.**

**Өткөрүүнүн формасы ачык.**

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү жөнүндө.
2. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 25-апрелиндеги №143 буюртмасына ылайык, "Кыргызстан Улуттук электр тармагы" ААКнын Уставдык капиталын 119,7 млн сом өлчөмгө көбөйтүү жана жүгүртүлүүчү жөнөкөй аталыштагы акциялардын санын көбөйтүү жөнүндө.
3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 8-майындагы №225-р буюртмасына ылайык, "Кыргызстан Улуттук электр тармагы" ААКнын Уставдык капиталын 32,907 млн сом өлчөмгө көбөйтүү жана жүгүртүлүүчү жөнөкөй аталыштагы акциялардын санын көбөйтүү жөнүндө.
4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 15-июлундагы №603-т буюртмасына ылайык, "Кыргызстан Улуттук электр тармагы" ААКнын Уставдык капиталын 236,0 млн сом өлчөмгө көбөйтүү жана жүгүртүлүүчү жөнөкөй аталыштагы акциялардын санын көбөйтүү жөнүндө.
5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 3-сентябрындагы №752-т буюртмасына ылайык, "Кыргызстан Улуттук электр тармагы" ААКнын Уставдык капиталын 50,178 млн сом өлчөмгө көбөйтүү жана жүгүртүлүүчү жөнөкөй аталыштагы акциялардын санын көбөйтүү жөнүндө.
6. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин буюртмасынын долбооруна ылайык, "Кыргызстан Улуттук электр тармагы" ААКнын Уставдык капиталын 145,0 млн сом өлчөмгө көбөйтүү жана жүгүртүлүүчү жөнөкөй аталыштагы акциялардын санын көбөйтүү жөнүндө.
7. Коомдун 2025-жылга жылдык бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.
8. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28-ноябрындагы №661 "Электр станциялары" жана "Кыргызстан УЭТ" ачык акционердик коомдорду финансылык жактан чыңдоо жөнүндө" токтомуна ылайык жүгүртүлүүчү жөнөкөй аталыштагы акциялардын санын көбөйтүү жана коомдун уставдык капиталынын өлчөмүн көбөйтүү жөнүндө.
9. Коомдун Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.
10. Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында Коомду кайра каттоодон өткөрүү жөнүндө.

Акционерлерди каттоо убактысы **саат 9.00дө** башталат.
Акционерлердин тизмесин түзүү күнү – **2025-жылдын 20-октябры.**
Чогулуштун материалдары менен акционердик коомдон төмөндөгү даректен: **Бишкек шаары, Жибек Жолу көчөсү, 326, 320-бөлмөдөн "Кыргызстан УЭТ" ААКнын корпоративдик катчысынан** таанышууга болот.

**Сурап-билүү тел.: (0312) 66-20-53.**

## ОАО "Национальная электрическая сеть Кыргызстана"

**ИЗВЕЩАЕТ**
**о проведении внеочередного общего собрания акционеров, которое состоится 24 октября 2025 года в 10.00 ч. по адресу: г. Бишкек, ул. Жибек Жолу, 326.**

**Форма проведения – очная.**

**ПОВЕСТКА ДНЯ:**

1. Об утверждении состава счетной комиссии.
2. Об увеличении Уставного капитала ОАО «Национальная электрическая сеть Кыргызстана» на сумму 119,7 млн сомов и увеличении количества обращаемых простых именных акций в соответствии с распоряжением Президента Кыргызской Республики от 25 апреля 2025 года №143.
3. Об увеличении Уставного капитала ОАО «Национальная электрическая сеть Кыргызстана» на сумму 32,907 млн сомов и увеличении количества обращаемых простых именных акций в соответствии с распоряжением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 8 мая 2024 года № 225-р.
4. Об увеличении Уставного капитала ОАО «Национальная электрическая сеть Кыргызстана» на 236,0 млн сомов и увеличении количества обращаемых простых именных акций в соответствии с распоряжением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 15 июля 2025 года № 603-т.
5. Об увеличении Уставного капитала ОАО «Национальная электрическая сеть Кыргызстана» на сумму 50,178 млн сомов и увеличении количества обращаемых простых именных акций в соответствии с распоряжением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 3 сентября 2025 года №752-т.
6. Об увеличении уставного капитала ОАО «Национальная электрическая сеть Кыргызстана» на 145,0 млн сомов и увеличении количества обращаемых простых именных акций в соответствии с проектом распоряжения Кабинета Министров Кыргызской Республики.
7. О внесении изменений в годовой бюджет Общества на 2025 год.
8. Об увеличении количества обращаемых простых именных акций и увеличении размера уставного капитала Общества в соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 28 ноября 2022 года №661 «О финансовом оздоровлении открытых акционерных обществ «Электрические станции» и «Национальная электрическая сеть Кыргызстана».
9. О внесении изменений в Устав Общества.
10. О перерегистрации Общества в органах юстиции Кыргызской Республики.

Время регистрации акционеров – **с 9.00 ч.**
Дата составления списка акционеров – **20-октября 2025 года**
С материалами собрания можно ознакомиться в акционерном Обществе по адресу: **г.Бишкек, ул. Жибек Жолу, 326, каб.320 у корпоративного секретаря ОАО «НЭС Кыргызстана».**

**Телефон для справок: (0312) 66-20-53.**

С/О 866

## Министерство природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики

(наименование организатора конкурса)

**объявляет конкурс на предоставление юридическим лицам права ведения охотхозяйственной деятельности на определенных охотничьих угодьях Кыргызской Республики:**

| № | Номера лотов | Номера участков охотничьих угодий и наименование региона их расположения | Площадь участков (в га) |
|---|---|---|---|
| 1 | 1 | Панфиловский район, Чуйская область | 41220,0 |
| 2 | 2 | Панфиловский, Жайылский, Московский районы, Чуйская область | 264742,0 |
| 3 | 3 | Сокулукский, Аламединский, Иссык-Атинский районы, Чуйская область | 371598,0 |
| 4 | 4 | Чуйский, Кеминский районы, Чуйская область | 185195,0 |
| 5 | 5 | Панфиловский, Жайылский районы, Чуйская область | 174262,1 |
| 6 | 6 | Панфиловский, Жайылский районы, Чуйская область | 186989,0 |

В конкурсе могут принять участие юридические лица, имеющие соответствующие учредительные документы, которые подтверждают направление их деятельности в сфере охоты и охотничьего хозяйства, руководители которых имеют государственные охотничьи удостоверения категорий «А»; «Б».
Участники конкурса могут получить пакет форм конкурсной документации по адресу: **г. Бишкек, бульвар Эркиндик, 2, 1 этаж, кабинет 146.**

**Номер телефона: +996 (559) 30-11-20**

Заявка, конкурсная документация и дополнительные документы принимаются **с 30 сентября 2025 года по 29 октября 2025 года** по адресу: **г. Бишкек, бульвар Эркиндик, 2, 1 этаж, кабинет 146.**

**Конкурс проводится:**
*- 17 ноября 2025 года по лотам № 1 и 2;*
*- 18 ноября 2025 года по лотам № 3 и 4;*
*- 19 ноября 2025 года по лотам № 5 и 6.*
по адресу: **г. Бишкек, бульвар Эркиндик, 2, 3 этаж, конференц зал.**

С/О 865

## Общество с ограниченной ответственностью «Стар Шина»

***сообщает, что с 9 октября 2025 года производит выплаты доходов по именным процентным облигациям второго выпуска при частной эмиссии (Выпуск облигаций внесен в Единый государственный реестр ценных бумаг Кыргызской Республики 25 декабря 2024 года Службой регулирования и надзора за финансовым рынком при Министерстве экономики и коммерции).***

**Выплата доходов по именным процентным облигациям будет осуществляться в период с 9 октября 2025 г. по 23 октября 2025 г.**

- Размер дохода на одну ценную бумагу - **16% годовых;**
- Дата, по состоянию на которую определяется список владельцев ценных бумаг, имеющих право на получение дохода по ценным бумагам: **6 октября 2025 г.;**
- Номинальная стоимость облигации - **5 000 сом;**
- Выплата процентов будет осуществляться денежными средствами в офисе Финансовой компании «СЕНТИ», адрес: **г. Бишкек, пр. Чуй, 219, 9 этаж,** а также путем перечисления денежных средств на банковский счет держателя облигаций.

**Получить дополнительную информацию Вы можете по телефону: +996 (559) 610-025.**

С/О 862

## ОАО "ТОКМОК ПАТП"

**Натоящее уведомляет о существенном факте:**

На заседании Совета директоров 23 сентября 2025 г. принять решение избрать Председателя Правления ОАО "Токмок ПАТП" Байсариева Б.

С/О 858

**ЖОГОЛДУ**
**УТЕРЯ**

***Баткен районунун Дөбө айылынын тургуну Набиева Жанара Мусабаевнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №439460 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-606

***Кара-Кулжа районуна караштуу Кара-Кулжа айыл өкмөтүнүн Кара-Кулжа айылынын тургуну Топчубаев Эрнс Манасалиевичке таандык мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 22339590 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
П/П 025

***В связи с утерей студенческого карта №00001745 на имя Турсункулова Нурсултана считать недействительным.***
М.б.

***Асангазыев Самаган Кубанычевичке тиешелүү диплому сериясы №У170326211 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-610

***Искендер кызы Аруукеге тиешелүү сынак китепчеси сериясы СК №245001994 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-613

***В связи с утерей диплома серия ПТ №250121840 на имя Бакытбек уулу Бекзата считать недействительным.***
М.б.

***Токтогул районундагы Абды Суеркулов айыл өкмөтүнүн тургуну Нуржанов Азатбек Жаныбековичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы №0011087 (25.05.2007-жылы берилген) иден. коду 3-07-07-1001-0022 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын***
Н-612

***Токтогул районундагы Абды Суеркулов айыл өкмөтүнүн тургуну Нуржанов Азатбек Жаныбековичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №1188297 13.04. 2023-жылы берилген иден. коду 3-07-07-1001-1116 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-612

***В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок №008405 (от 12.09.2001 г.) на имя Стерльцова Дениса Петровича считать недействительным.***
М.б.

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Нарматов Анвар Батыржанович код ОКПО 28194649 считать недействительным.***
М.б.

## АТ-БАШЫ РАЙОНДУК МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯСЫ

**Ат-Башы районунун Ача-Кайыңды айылынын "Кичи-Кайыңды" участогундагы 0,30 га жер аянтын**

*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 19-октябрындагы №535 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик менчикте турган жер участокторун берүү тартиби жөнүндө Жобого" ылайык*

***ижарага берүү үчүн конкурс өткөрүүнү жарыялайт.***

Конкурс **2025-жылдын 31-октябрында саат 15.00дө Ат-Башы райондук мамлекеттик администрациясынын жыйындар залында** өткөрүлөт. Конкурска катышуучулардын арыздары **2025-жылдын 31-октябрында саат 14.00гө чейин** кабыл алынат. Конкурска катышуу үчүн **500 сом** өлчөмүндө кепилдик төгүмдү Элдик Банк эсеп счету **№4405031101003421, БИК 440503** төгүү зарыл. Жердин ижара акысынын баштапкы суммасы **5841** *(беш миң сегиз жүз кырк бир)* **сом**.

**Конкурс боюнча суроолор боюнча (0500) 10-95-26 номерге кайрылсаңыздар болот.**

***Конкурска катышуу үчүн арыз ээси төмөндөгү документтерди берүү керек:***

- Белгиленген формадагы конкурска катышууга арыз Форма №2;
- Кепилдик төгүмдү төлөгөндүгү тууралуу квитанция;
- Архитектура жана курулуш маселелерин жөнгө салуучу ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген жер участогунун жана объектти жайгаштыруунун эскиздик планы.

***Жеке жактар үчүн:***

- Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортунун көчүрмөсү.

Н-605

**Начисленные и (или) выплачиваемые (выплаченные) доходы по ценным бумагам эмитента**

## ОАО «МФК «АБН»

***объявляет о выплате доходов за второй процентный период по именным процентным облигациям по третьему траншу пятого выпуска (KG 0205211517).***

**Выплата доходов, будет осуществляться с 7 октября 2025 года.**

- Номинальная стоимость облигации – **5 000 сом**
- Размер дохода на одну облигацию (5 выпуск) – **18%**

Список владельцев облигаций, имеющих право на получение процентного дохода, определяется на дату **3 октября 2025 г.**

Форма выплаты – **денежные средства.**

Выплата процентов будет осуществляться путем перечисления денежных средств на банковский счет держателя облигаций, согласно поданного им заявления, либо в офисе ОАО «МФК «АБН» по адресу: **г. Бишкек, ул. Юсупа Абдрахманова, 136.**

**Справочная информация по тел.: 51-11-51 или 2810; www.abn.kg**

Пятый выпуск облигаций ОАО «МФК «АБН» зарегистрирован Службой регулирования и надзора за финансовым рынком при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики 19 августа 2024 г. (KG 0205211517).

## Чүй облусунун Кемин районунун Чоң-Кемин айыл аймагындагы "Алтын-Чөйчөк" муниципалдык ишканасы

**жайыт жерлерден төмөндөгү контурлар боюнча:**

***Контур №1128/3,4 аянты – 0,25 га туризм,***
***Контур №1128/3,4 аянты – 0,20 га аарычылык,***
***Контур №651/2,2 аянты – 0,20 га малга баш калкалоо,***
***Контур №631/23 аянты – 0,20 га малга баш калкалоо жайыт жерлерин ижарага берүүгө***

**конкурс жана соодалашуу жарыялайт.**

Арыздар **2025-жылдын 29-сентябрынан тартып 2025-жылдын 25-октябрына чейин** кабыл алынат.

Н-607

## СУДЕБНО-ЭКСПЕРТНАЯ СЛУЖБА
## при Министерстве юстиции Кыргызской Республики

**объявляет открытый конкурс на замещение вакантных судебно-экспертных должностей:**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Управление лингвистических и религиоведческих экспертиз | Эксперт (по религиоведческим экспертизам) | 2 |
| 2 | Управление строительно-технических экспертиз | Эксперт | 3 |
| 3 | Отдел компьютерно технических и фоноскопических экспертиз | Заместитель начальника (по фоноскопическим экспертизам) | 1 |
| 4 | Отдел автотехнических экспертиз | Эксперт | 1 |
| 5 | Северное управление | Эксперт (по экономическим, либо строительным, либо почерковедческим экспертизам) | 1 |

**За подробной информацией обращайтесь в отдел по управлению человеческими ресурсами: тел.: (0312) 300-846.**

Срок подачи документов **с 1 октября по 14 октября 2025 года.**

С/О 861

**Уведомление о переименовании**

**Настоящим уведомляем Вас, о том, что ЗАО «Бакай Иншуренс» изменило своё фирменное наименование а также обновило печати.**

- Прежнее наименование: **ЗАО «Бакай Иншуренс»**
- Новое наименование: **ЗАО «БАКАЙ Страхование»**

Просим в дальнейшем использовать новое наименование нашей компании во всей деловой переписке, договорах и иных документах. Также обращаем внимание, что на новой печати отражено актуальное наименование компании – **ЗАО «БАКАЙ Страхование».**

С/О 859

СООБЩЕНИЕ О СДЕЛКЕ С ЦЕННЫМИ БУМАГАМИ ОАО «Полибетон», затрагивающих финансово-хозяйственную деятельность.

*Кыргызская Республика, г.Бишкек, ул. П.Лумумбы, 1а*

**ОАО «Полибетон» сообщает об изменении в размере участия лиц, входящих в органы управления эмитента, в уставном капитале эмитента, а также доли владельцев 5 и более процентами ценных бумаг:**

1. У члена Совета директоров Липович С.А. изменилась доля в уставном капитале компании: доля в уставном капитале до изменения – 96,561%; доля в уставном капитале после изменения – 97,016%. Дата, с которой произошло изменений доли – **29 сентября 2025 года.**

С/О 860

## Решения внеочередного общего собрания акционеров ОАО «Полибетон»,

**состоявшегося 25 сентября 2025 года в 14.00 ч. по адресу: г.Бишкек, ул. Патриса Лумумбы,1 а. Кворум собрания – 96,93%, форма проведения – очная.**

1. Возложить обязанности счетной комиссии на представителя независимого реестродержателя ОсОО «Реестродержатель» Кузина Андрея Александровича. «За» - 100% от числа голосов присутствующих на собрании акционеров.
2. Досрочно прекратить полномочия членов Совета директоров Острецова С.А., Галушкина А.С., Липович С.А.: «За» - 100% от числа голосов присутствующих на собрании акционеров.
3. Избрать члена Совета директоров ОАО «Полибетон»: Липович Светлану Александровну - 120 386 голосов, Петина Романа Петровича - 120 386 голосов, Острецова Сергея Александровича - 120 386 голосов.
4. Досрочно прекратить полномочия ревизора Общества Шерешковой Л.Г.: «За» - 100% от числа голосов присутствующих на собрании акционеров.
5. Избрать ревизором ОАО «Полибетон» Кубаткулова Эркина Бектемировича: «За» - 100% от числа голосов присутствующих на собрании акционеров.

Итоги голосования по каждому вопросу отражены в протоколе счетной комиссии и протоколе общего собрания.

С/О 853

***Чихляева Фрида Яковлевнага тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү №113 (28.01.1999-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-608

**ЖОГОЛДУ**
**УТЕРЯ**

***Осмоналиев Улан Искендеровичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №462208 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-603

***Имашов Осмонбек Шайлобековичке таандык мамлекеттик салык кызматынын Жумгал району боюнча башкармалыгы тарабынан 10.01.2013-жылы берилген жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 24992453 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 039

***Сыдыкпекова Джанылканга тиешелүү жер участогуна (үлүшүнө) жеке менчик укугу жөнүндөгү күбөлүгү №090036 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-604

***В связи с утерей лицензия серия Б-3 №001532 на ОсОО "Строительная компания" "НАКУ" считать недействительным.***

М.б.

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Косарев Максим Андреевич код ОКПО 27284474 считать недействительным.***

М.б.

***В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей №0009017 и договора купли-продажи №27850 (от 06.08.2009 г.) на имя Ажибекова Тилека Арстанбековича считать недействительными.***

М.б.

ЭРКИН-ТОО
Гезит ээси: КР Министрлер Кабинети

**Биздин реквизиттер:** р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596 ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

**Башкы редактор**
КАРБОСОВА
Жазгүл
Жузуповна

**Кабылдама 62-38-75**

Башкы редактордун 1-орун басары КАЛЫКОВ Шекербек – 62-38-77

Башкы редактордун орун басары РЫСПАЕВ Курманбек – 62-38-78

Жооптуу катчы КУЛАТАЕВА Бактыгүл – 62-38-71

**Бөлүмдөр:**
Саясат, укук жана экономика бөлүмү – 66-22-27
Маданият, адабият жана спорт бөлүмү – 62-18-64
Жарнама жана аймактар менен иштөө бөлүмү – 62-19-06 факс
Уюлдук тел.: (0705) 11-75-87
(0773) 11-75-87
Веб-сайт – 62-38-71
Коммерциялык бөлүм – 62-18-66

"Нормативдик актылар" журналы – 62-38-71
Башкы эсепчи – 62-38-73
Компьютердик борбор – 62-38-74

АЙМАКТАР:
Баткен облусу (0772) 07-60-60
Жалал-Абад облусу (0772) 12-82-67
Талас облусу (0700) 90-62-61
Ысык-Көл облусу (0702) 87-98-79
Чолпон-Ата шаары (0500) 20-89-70
Токтогул шаары (0220) 70-71-32

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.

**Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.**
Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

**Биздин дарегибиз:**
Бишкек шаары, 720040,
Абдумомунов көчөсү, 193.

erkintoo@mail.gov.kg

● Юстиция министрлигинен берилген катталуу күбөлүгү №592

Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.

**Индекси: 68451**

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Буйрутма 454. Нускасы 5319
Басууга 29.09.2025-ж. саат 20.00дө берилди
Сатык келишим баада

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

САЛЫК КЫЗМАТЫНА – 35 ЖЫЛ

## Москва райондук салык кызматынын жетекчиси Нурлан МАМАНОВ:

# "БИЗДИН МАКСАТ – АР АЙЛЫК ПЛАН-МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРДИ АШЫГЫ МЕНЕН ОРУНДАТУУ"




**- Нурлан Осмонович, салык кызматынын ролу күндөн-күнгө жогорулап баратат. Ошондон улам чыгар салык чогултуу жана жыйноо жогорку көрсөткүчтөр менен коштолуп жатат. Салык төлөөчүлөрдүн да маданияты тереңдеп, кемчиликтер четтей баштады. Сиздин пикириңиз, оюңуз кандай?**

- Бир караганда 35 жыл оңой убакыт эмес. Салык кызматын реформалоо, теске салуу жеңил болбоду. Баарыбызга беш манжадай белгилүү болгондой айрым салык кызматында иштеген жетекчилердин, кызматчылардын таза иштебегендигинен салык чөйрөсүндө жемкорлук, коррупциялык коркунучтар болуп келди. Аталган кемчиликтер өлкөбүздүн экономикалык көрсөткүчтөрүнө көлөкөсүн тийгизди. Бир жакшы жери, учурда салыкка залакасын тийгизген запкылардан алыстай баштадык. Анткени, мамлекеттик деңгээлде дем-күч тереңдеп, таза иштөөгө мүмкүнчүлүктөр түзүлүүдө. Салык айлык акы, пенсия, жөлөк пул баш болгон социалдык жана экономикалык курч көйгөйлөрдү чечүүдө негизги ролду ойнойт. Демек, кедерги кемчиликтерге жол берүүгө болбойт.

Учур талаптарына жараша салык мыйзамдары да өзгөрүүлөргө дуушар болууда жана жаңыланууда. Айталык, айыл чарба жерлеринен жер салыгын алуу мөөнөтү 2030-жылга чейин узартылган. Унаа салыктары да алынды, узартылды. ЭТТН жоюлду. Үйлөргө жана батирлерге салык чегерүү жөнөкөйлөштүрүлдү. Патент менен иштейбиз деген сатуучулардын талаш-тартыштары аягына чыкты. Патенттик система сатуучуларга кайра кайтарылды. Мына ушундай алгылыктуу жаңылыктар салык кызматынын турмушунда байма-бай болууда. Салык төлөөчүлөрдүн кызыкчылыгы мыйзам чегинде эске алынууда. Салык төлөөлөр жакшырган сайын өлкөбүздүн өнүгүүсү өйдөлөй баштады. Айлык акылар, пенсиялар жогорулады. Ата мекендик өндүрүштөр кулач жаюуда. Көк тиреген турак жайлар, бала бакчалар, мектептер, медициналык мекемелер, заңгыраган жолдор салынып, жумушсуздук кыскарып, чынында бардык тармактарда өнүгүп-өсүү кубандырууда. Мына ушул жетишкендиктерде салык кызматынын колдоосу зор.

Бирок, кемчиликтер дагы эле арабызда боло калып жатат. Арыбери өткөндө байкаган чыгарсыздар, мыйзамсыздык менен көрүнгөн булуң-буйткаларда бензин саткан шылуундар пайда болууда. Тынымсыз аракет жана рейддердин аркасы менен миң тонна бензинди кармадык. Мыйзам чегинде жоопко беришет. Мындай кемчиликтер кечирилбейт.

Мындан тышкары спирттик ичимдиктер, тамекилердин, канттуу суусундуктардын акциздик маркаларынын ак жана төгүнүн текшерип, соода түйүн борборлорунун эл үчүн ак жана сапаттуу иштешине көзөмөлдү күчөтүүдөбүз. Кыркка чукул кызматкерлеримдин ар бири тагылган иштерин кесипкөйлүк менен илгерилетип жатышат.

**- Ырас эле кечээги менен бүгүнкү салык кызматындагы көрүнүштөрдү салыштырып болбойт. Мурда салык кызматынын эшигин жыртткан, тиги же бул маселе, талаш-тартыштар менен келгендер, кезек күткөндөр көп болор эле. Учурда мекемеңиздер тымтырс. Сиздер көзөмөлгө алуучу иштер албетте, арбын. Кандайча жетишип жатасыздар?**

- Заманбап технологиялардын, санариптешүүнүн, электрондук кызматтардын артыкчылыгын баса белгилебесек болбос. Анткени, колубуз узарды. Камералык текшерүү аркылуу ар бирибиз тагылган иштерибизди кабинетибизде олтуруп эле текшерип алабыз. Салык төлөөчүлөрдүн бардык кыймылы, отчеттору көз алдыбызга экрандай тартылат. Алаканга салгандай кайсы жерде кемчиликтер кеткени же ийгиликтери бизге белгилүү болуп чыга келет. Салык төлөөчүлөрдүн отчёттору тууралуу маалыматтарды мына ушул камералык текшерүүлөр аркылуу заматта алабыз. Илгеркидей ар бир ишкер, фермер, өндүрүштүк ишканалардын жетекчилерин издеп баруу жок. Баары заманбап технологиялардын аркасы менен аткарылат. Демек, санариптешүү боюнча бүткүл мүмкүнчүлүктөрдү жумшап, билимди тереңдетип, изденип мээнеткеч болсок, эмгектерибиз талаага кетпейт. "Убакыт – акча" демекчи, убакыттан утабыз.

**- Сентябрь айы аяктап баратат. Бир жакшы жери ай аягына чейин эле салык төлөөнүн 9 айлык жыйынтыгы жакшы болору белгилүү болуп калыптыр. Ишенимиңиздер бекемби?**

- Биз буга чейин деле ар айлык пландарды ашыгы менен аткарууга белсенип келдик. Ар айлык план аткарылбай калбайт. Анткени, аракетибиз күч. Сөзүм кургак болбосун мисалдарга токтолоюн. Айталык, мамлекеттик бюджет боюнча 2024-жылы 8 айда факты жүзүндө 461010,8 миң сом чогултууга тийиш элек. Ал эми быйыл 2025-жылкы план боюнча 583843,9 миң сом чогултууга тийиш болсок, иш жүзүндө 702673,8 миң сом чогулду. 118829,9 миң сомго ашык аткарылды. Өсүү темпи 120,4%ды түздү. 2024-жылдын 8 айына салыштырсак 241663,0 миң сомго ашык жыйналды. Өсүү темпи 126,6%ды түздү. Былтыркы ушул убакыттын деңгээли боюнча факты жүзүндө салыштырсак 152,4%га жогорулады. 2024-жылдын 8 айлык планына (461010,8 миң сом) салыштырсак, быйыл пландан (583843,9 миң сом) 122833,1 миң сомго ашык жыйналды.

Республикалык бюджет факты жүзүндө былтыр 8 ай боюнча 300805 миң сом болсо, быйыл 8 айда план боюнча 431113,8 миң сом чогултууга тийиш элек, иш жүзүндө 535595 миң сом чогулуп, план ашыгы менен 124,2%га жетти. 104481,2 миң сом ашык чогулду. Факты боюнча былтыркы жылга салыштырсак өсүү көрсөткүчү 178,1%ды чапчыды. Былтыркыдан 234790,0 миң сомго ашты. Пландын факты жүзүндө аткарылышы 143,3%га барабар. Же өткөн жылдан 130308,8 миң сом ашык.

Жергиликтүү бюджет былтыр факты жүзүндө 160205,8 миң сом эле. Быйыл план 152730,1 миң сом болду. Факты боюнча чогултуу 167078,8 миң сомго жетти. План 109,4%га аткарылды, 143448,7 сомго ашык чогулду. Албетте, былтыркы жылга салыштырмалуу анча-мынча айырмачылыктар болбой койгон жок.

9 айга пландалган болжолдуу план 69 млн сомдон ашыгыраак, учурда чогултуу 56 млн сомдон ашып баратат. Ай аяктаары менен так маалыматтары белгилүү болот. Буюрса 9 айлык план да толук аткарылат.

**- Нурлан Осмонович, кесиптештериңизге кандай каалоолорду каалайсыз?**

- Каалаганым ар бирибиз таза иштөөгө бардык аракеттерди жумшашыбыз керек. Байлык чиркин күнүмдүк. Ал эми адамдык кадыр-барк түбөлүктүү. Айрыкча жаш кадрлар ар кандай азгырыктардан четте болушу керек.



*Жеңилин жерден, оорун жондон алган бөлүм башчылар*

**Айчүрөк МАКЕШОВА**